КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕР ЖЫЙНАГЫ

Бишкек 2012

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

# ИЛИМИЙ ИШТЕРДИН ЖЫЙНАГЫ

**БИШКЕК – 2012**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Илимий иштеринин жыйнагы**

КРУБ Илимий-эксперттик кеңеши:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Исакова Г. А. |
| | Могилевский Р. И. |
| | Урустемов С. А. |
| | Хасанов Р. Ф. |
| | Чокоев З. Л. |
| | Шамшиев Ч. Б. |

Жооптуу катчы: Бердигулова А. Р.

Жарыялоонун мазмуну менен байланышкан суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылгыла:
Бишкек ш., Т. Үмөталиев көч., 101.
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы
Телефон: (996 312) 66 91 59
Факс: (996 312) 61 07 30
Электрондук почта: aberdigulova @nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Жыйнак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын изилдөө жана аналитикалык иштерди аткаруунун жүрүшүндө даярдалган теоретикалык, аналитикалык жана практикалык мүнөздөгү монетардык жана фискалдык саясат, тышкы экономикалык сектор, экономикалык өсүш, демография боюнча илимий иштерин өзүнө камтыйт.

**Жыйнакта баяндалган көз караштар авторлорго тиешелүү жана КРУБдун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.**

“TRIADA Xpress” полиграфиялык борбору тарабынан басмага даярдалган жана басылып чыгарылган.
CD 45 нуска.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2012
Бул басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксаты жок бардык формаларда жана бардык каражаттар менен басып чыгарууга жана таратууга жатпайт. Кайталап басууда жана үзүндүлөрдү которууда “КРУБдун Илимий эмгектеринин жыйнагына” сөзсүз шилтеме жасоо керек.

**МАЗМУНУ**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү** ………5

**Керимкулова Г.А.**
Кыргыз Республикасында монетардык саясатты жүргүзүүдөгү бюджеттик-салыктык аспектилер.…………….………………………… ………………………….…..…..6

**Ибрагимова Ш.М., Касымбеков К.Т., Байматова Г.Н., Бердигулова А.Р.**
Расмий статистика менен камтылбаган чек арага жакын сооданы жана товарлардын реэкспортун изилдөөнүн натыйжалары…...……………….…………………………...18

**Козубеков А.А.**
Кыргызстандын экономикасынын шартында Кобб-Дугластын стандарттуу өндүрүштүк функциясынын колдонулушу ………………………………….…………………..……22

**Сейитов Ч.С., Айдарова А.К.**
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы коммуникациялык саясат акча-кредит саясатынын элементи катары ………………………………………………………...28

**Сейитов Ч.С.**
Кыргыз Республикасындагы 2002–2006-жылдар аралыгында түптөлгөн демографиялык жагдайга баяндама ……………………………...…………….……………………43

**Сейитов Ч.С.**
Акча которуулардын теоретикалык аспектилери ………...……..……………….…...50

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын**
**Кириш сөзү**

Урматтуу окурмандар!

Сиздердин көңүлүңүздөргө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын илим-изилдөө ишмердигинин алкагында аткарылган Илимий иштердин жыйнагын сунуш кылууга уруксат этиңиздер.

Практикалык аракетте фундаменталдуу илимий негизди колдонуунун маанилүүлүгүн түшүнүү менен Улуттук банк экономикалык жана финансылык системалардын актуалдуу маселелери боюнча макроэкономикалык моделдөө методдорун эксперттик баалоо менен комплексте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүнү активдештирип жатат. Илимий негизделген методдорду пайдалануу акча-кредит саясатын мындан дагы эффективдүү калыптандырууга жана ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Бул Жыйнак ички ресурстардын эсебинен, ошондой эле тышкы эксперттер менен кызматташтыкта жүргүзүлгөн илимий эмгектерди өзүнө камтыйт. Көз каранды эместикке ээ болгондон кийинки өлкөнүн экономикасында болуп жаткан структуралык өзгөрүүлөр, мезгил-мезгили менен пайда болуп жаткан глобалдык жана регионалдык экономикалык эпкиндер, топтолгон статистикалык маалыматтардын катарларынын кыска мезгилдүүлүгү анализди жүргүзүүнүн мүмкүндүктөрүнө жана эконометрикалык моделдерди иштеп чыгууга белгилүү чектөөлөрдү койду.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында илим изилдөө ишмердиги салыштырмалуу түрдө жаңы багыт экендигине карабастан, ушул Жыйнакта жалпыланган белгилүү натыйжалар бар, жана Улуттук банк башка темалар боюнча иштерди жүргүзүүнү улантып жатат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын илимий эмгектеринин Жыйнагы эксперттер, окумуштуулар, аспиранттар, студенттер жана окурмандардын кеңири аудиториясы үчүн маалыматтын пайдалуу булагы болуп калат деген үмүттү билдиремин.

Урматтоо менен,

З. М. Асанкожоева

Төрага

**УОК 330.101.541 (575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МОНЕТАРДЫК САЯСАТТЫ ЖҮРГҮЗҮҮДӨГҮ БЮДЖЕТТИК-САЛЫКТЫК АСПЕКТИЛЕР

Керимкулова Гүлнур Айдарбековна

*Бул изилдөө фискалдык жана монетардык саясаттарды мындан дагы эффективдүү координациялоо максатында бюджеттик саясаттын макроэкономикалык эффектисин анализдөөдө колдонулуучу айрым индикаторлорду баяндайт. Изилдөөдө фискалдык импульс жана салык салуунун чектен чыккан ашыкча оорчулуктары сыяктуу көрсөткүчтөр эсептелинет, ошонун негизинде Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан бюджеттик-салыктык саясаттын натыйжаларына баа берилет жана аны мындан аркы өркүндөтүү боюнча сунуштар формулировкаланат.*

*This paper describes some indicators that evaluate the macroeconomic effect of fiscal policy and therefore enable more effective coordination of fiscal and monetary policies. The paper estimates such indicators as fiscal impulse and marginal excess burden of taxation that can further serve as the basis for assessing the results of ongoing fiscal policy in Kyrgyzstan and formulating policy recommendations.*

***Негизги сөздөр: макроэкономикалык туруктуулук, бюджеттик-салыктык саясат, фискалдык импульс, салык салуунун ашыкча оорчулуктары, салык саясатынын эффективдүүлүгү.***

## КИРИШҮҮ

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасындагы макроэкономикалык кырдаалды анализдөөдө бюджеттик-салык саясатына улам көбүрөөк көңүл бурула баштады. Негизги себеп – бюджеттик саясат тарабынан макроэкономикалык стабилдүүлүк үчүн коркунучтардын өсүүсү. Өз кезегинде, бюджеттик-салыктык сектордун өнүгүү тенденциясы Улуттук банк жүргүзүп жаткан монетардык саясатка түздөн-түз таасир берип жатат.

Ушуга байланыштуу Кыргызстандын мамлекеттик финансы сектору жаңы кошумча көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен мындан дагы кеңири контекстте каралышы зарыл. Фискалдык сектордун анализинин инструментарийин кеңейтүү анын макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасирин мындан дагы деталдуу баалоого мүмкүндүк берет жана ошондой эле фискалдык жана монетардык саясаттарды эффективдүү координациялоону камсыз кылат.

Бул эмгекте Кыргызстандын бюджеттик-салыктык саясатынын анализи эки ар башка көрсөткүчтөрдү: фискалдык импульсту жана салык салуунун чектен ашкан ашыкча оорчулугун баалоонун жардамы менен жүргүзүлөт[1].

Фискалдык импульстун көрсөткүчү бюджеттик саясаттын жумшартууга же катаалдантууга алган багытын мүнөздөйт, бул болсо кийин биргелешкен талаптын өсүшүнө же төмөндөшүнө жүргүзүлүп жаткан саясаттын алгачкы таасири жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет. Монетардык саясаттын көз карашынан бул маалымат акча-насыялык программа боюнча кийинки чечимдерди кабыл алуу максатында мамлекеттик финансы секторунун инфляцияга болгон таасирин баалоо учурунда пайдалуу.

Салык салуунун ашыкча оорчулуктары мамлекеттик салык саясатын анын эффективдүүлүк өңүтүнөн баалоого мүмкүндүк берет. Алып айтканда, азыркы орун алган салык саясаты ресурстарды оптималдуу бөлүштүрүүгө жана ошондой эле, тиешелүү түрдө жарандардын жыргалчылыгына канчалык таасир бере тургандыгы. Алынган натыйжалар экономикалык өсүүгө көмөктөшүү максатында салык секторун

[1] Берилген көрсөткүчтөрдү баалоодо мамлекеттик бийликтин расмий статистикалык маалыматтары пайдаланылды, ал балким, Кыргызстанда “көмүскө” экономиканын орун алгандыгына байланыштуу чыныгы картинаны бир аз туура эмес көрсөтүшү ыктымал.

реформалоонун мындан аркы багыттары боюнча практикалык сунуштарды калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Бул эмгектин структурасы төмөнкүдөй түзүлгөн. Ар бир көрсөткүч өзүнчө бөлүмдө каралып (I жана II бөлүмдөр) алар өз кезегинде, жалпысынан баяндоонун бирдиктүү логикасын карманат – дефинициялар жана теоретикалык сереп, эсептөөнүн методологиясы же анын кыскача баяндамасы, Кыргызстанга ылайыктуу индикаторлорду баалоо жана эсептөөлөрдүн негизги натыйжалары жана тыянактары келтирилет.

## I. Кыргызстандагы фискалдык импульстун көрсөткүчүн баалоо

### 1.1. Фискалдык импульсту аныктоо

Бюджеттин чыныгы номиналдык дефицити, тактап айтканда, анын азаю же көбөйүү жагына өзгөрүүлөрү дайыма эле толук өлчөмдө мамлекеттик финансы секторундагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөй албайт. Муну көпчүлүк учурда мезгилдин конкреттүү учурунда түзүлгөн бюджеттик тартыштык бюджеттик-салыктык саясаттагы өзгөрүү тенденциясы катары чагылдыргандыгы, ошондой эле өлкөдөгү экономикалык кырдаал салыктык түшүүлөргө жана мамлекеттик чыгымдарга таасир бергендиги менен түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, эгерде тартыштыктын өзгөрүүсүнүн багытын жөн эле байкоого алганда, алар экономикалык циклдердин өзгөрүлүшүнүн себебинен же натыйжасынан келип чыккандыгы дайым эле түшүнүктүү боло бербейт.

Андан тышкары, стабилдештирүүчү макроэкономикалык саясатты жүргүзүүгө чечим кабыл алуу үчүн биргелешкен талаптын өсүүсүнүн темптеринин ылдамдоосу (акырындоосу) сыяктуу көрсөткүч маанилүү болуп калат. Бул көрсөткүчкө мамлекеттик финансылардын таасирин аныктоо үчүн бюджеттик саясаттын катаалдашуу же жумшаруу жагына салыштырмалуу өзгөрүүсүн мүнөздөгөн индикатордун болушу зарыл. Ошого жараша, фискалдык импульстун көрсөткүчүнүн маанисин пайдалануу жана аларды экономикалык циклдин фазасынын, индикаторунун динамикасы менен салыштыруу (мисалы, ички дүң продуктунун (ИДП) айырмасы) бюджеттик саясаттын стабилдештирүүчү функциясын аткаруусу жөнүндө алдын ала айрым тыянактарды жасоого болот. Эске сала кетели, башка бардык бирдей шарттарда макроэкономикалык стабилдүүлүктү колдоо боюнча бюджеттик саясаттын функциясы экономиканы анын төмөндөө мезгилинде дем берүүнү жана тескерисинче, анын “өтө ысып кетүүсүндө” оздуктоону түшүндүрөт. Башкача айтканда, эреже катары, бюджеттик саясат өзүнүн контрциклдүүлүгүндө стабилдештирүүчү катары эсептелинет.

Жогоруда айтылганды эске алуу менен, макроэкономикалык саясат боюнча чечимди кабыл алуу үчүн фискалдык сектордун анализин кеңейтүү зарылдыгы келип чыккандыгы көз көрүнөө болуп калды.

Ошондуктан адабиятта (Heller et al (1986), Blanchard (1990), Wells (1995) ж. б.) бирдиктүү талапка бюджеттик-салыктык саясаттын таасир берүү даражасын тагыраак аныктоого мүмкүндүк берүүчү альтернативдик көрсөткүчтөрдү пайдаланууга аракеттер көрүлө баштады. Азыркы мезгилдеги макроэкономикалык анализде бюджеттик-салыктын чөйрөдөгү фактылык (ex post) жана бир бөлүгүндө пландаштырылуучу (ex ante) өзгөрүүлөрдү анализдөөдө жана интерпретациялоодо пайдалуу компонент болуп кала турган мындай көрсөткүчтөрдүн бири болуп *фискалдык импульс (fiscal impulse)* эсептелинет.

Бул эмгекте оң (терс) фискалдык импульс катары мурдагы мезгилдеги тиешелүү саясатка салыштырмалуу азыркы мезгилдеги көбүрөөк экспансионисттик (ооздук-тоочу) бюджеттик-салыктык саясат кабылданат.

**1.2. Көрсөткүчтү пайдалануунун кемчиликтери жана чектөөлөр**

Өзүнүн кыска мөөнөттүү фискалдык көрсөткүчтөрдү изилдөөсүндө Blanchard (1990) көрсөткөндөй, биринчиден, бюджеттик-салыктык саясаттын экономикага болгон таасирин баалоо кандайдыр-бир жалгыз көрсөткүч менен чектелбөөсү керек.

Экинчиден, Blanchard бюджеттик-салыктык саясаттын баштапкы жана акыркы эффектисинин ортосундагы айырманы келтирет. Бул учурда, анын пикири боюнча, эгерде фискалдык импульс бюджеттик-салыктык саясаттын бирдиктүү талапка тийгизген таасирин аныктоодо кандайдыр – бир ролду ойносо дагы, ал алгачкы эффектти баалоо үчүн гана. Мисалы, мамлекеттик чыгымдардын көбөйүшү биринчи этапта талап тарабынан экономикага белгилүү бир дем берүүчү таасир көрсөтүүсү мүмкүн. Бирок, мындай мамлекеттик аракеттерге фирмалар жана үй чарбалары инвестициялар жана керектөөлөр бөлүгүндө өзүнүн жүрүм-турумун өзгөртүүлөрү менен реакция кылуусу ыктымал. Жөнөкөй бир жолку индикатор мындай көмүскө өзгөрүүлөрдү белгилеп калууга жөндөмсүз. Ошондуктан убакыт боюнча дагы динамикалык көрсөткүчтөрдү каттоо талап кылынат, бул болсо мындан дагы татаал макроэкономикалык моделдерди кароодо мүмкүн болот.

Heller et al (1986) пикири боюнча, фискалдык импульсту эсептөө бюджеттик-салыктык саясатты анализдөөдө биринчи кадам катары каралышы керек. Эң жакшы дегенде, бул көрсөткүч бюджеттин таасиринин чоңдугун эмес, б. а. аны катаалдатууга же жумшартууга багытталгандыгын, бюджеттик саясаттын багытын чагылдырат.

Жалпысынан алганда, R. Philip жана J. Janssen (2002) акыйкаттык менен белгилегендей, фискалдык импульстун индикатору мамлекеттик органдар тарабынан аракет жасоого же жасабоого мотив катары каралбашы керек. Идеалында, өкмөттөр тарабынан кабыл алынуучу бюджеттик-салыктык чаралардын негизинде жалпы макроэкономикалык моделдин бааларынын натыйжалары жатышы керек. Анын үстүнө, фискалдык импульсту баалоо көбүнчө маалыматтык ролду алып жүргөндүктөн, бир эле баалоонун натыйжалары бюджеттик-салыктык саясаттагы тандалган орто мөөнөттүү курстун кардиналдуу жылышын билдире албайт, аны туура эмес пайдаланууга жол бербөө максатында фискалдык импульстун көрсөткүчүнүн табиятынын даана түшүнүгү болушу керек.

**1.3. Эсептөөнүн методологиясы**

Эл аралык валюталык фонд колдонуп жаткан методологияны колдонуу менен (Heller et al (1986)) фискалдык импульс бир нече этап менен эсептелинет.

– Биринчиден, биринчи этап болжол менен ички талапка таасирин тийгизбеген кирешелер менен чыгашаларды максималдуу түрдө чыгарып таштоочу такталган фискалдык балансты баалоодо турат. Мындай статьяларга мисал үчүн, тышкы карыздар боюнча үстөктүк төлөмдөр, эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар, дипломаттык мекемелер менен өкүлчүлүктөрдү каржылоо ж. б. кирет.

– Экинчиден, мүмкүн болушунча мамлекетик башкаруунун секторунун бардык операцияларын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин дагы эске алуу керек. Ошондой эле такталган бюджеттик балансты баалоодо квазифискалдык операциялар дагы киргизилген. 2002-жылдан бери Кыргызстанда мамлекет тарабынан электроэнергетикалык секторго төлөп жаткан, мамлекет тарабынан жөнгө салынуучу тарифтер боюнча алынган чыныгы кирешелер менен өндүрүш жана капиталдык салымдарга кеткен чыгымдарды жабуу үчүн керек болгон

кирешелердин ортосундагы айырма катары эсептелген жашырын субсидиялардын өлчөмүн көрсөткөн электроэнергетикадагы квазифискалдык тартыштык эсептелип жүрөт.

– Экинчи этап корректировкаланган чыныгы бюджеттик тартыштыкты циклдик бейтарап компонентке жана фискалдык өңүттүн компонентине (fiscal stance) жайгаштырууда турат. Циклдик бейтарап бюджет мамлекеттик кирешелер номиналдык ИДП көбөйүшүнө пропорционалдуу көбөйөт, ал эми өкмөттүк чыгымдардын көбөйүшү потенциалдуу ИДПнын көбөйүшүнө пропорционалдуу болушун божомолдойт. Фискалдык өңүт бул циклдик бейтарап жана чыныгы бюджеттик баланстын ортосундагы айырма болуп эсептелинет. *Бул иште фискалдык өңүттөгү өзгөрүү базалык мезгилге салыштырмалуу фискалдык импульстун чоңдугун көрсөтөт.*

Ошондуктан циклдик бейтарап бюджет потенциалдуу жана номиналдуу ИДПга карата чыгымдардын жана кирешелердин бир жолку эластикалуулугуна жол берүү менен эсептелет, анткени ар бир өзүнчө салык үчүн эластикалуулукту эсептөө стабилдүү салыктык системалар үчүн көбүрөөк ылайыктуу келет, ал эми дезагрегацияланган методологияны Кыргызстанга кирген дайыма өзгөрүлүп туруучу система үчүн (Spilimbergo, 2005) колдонуу андай жеңил эмес.

– Алдыдагы этапта баяндалган эсептөөлөрдү аткаруу үчүн потенциалдуу ИДПны эсептөө дагы зарыл болуп калат. Бул иштин алкактарында потенциалдуу ИДП статистикалык метод менен Ходрик-Прескоттун чыпкасын колдонуп эсептелген.

– Маанилүү методологиялык момент болуп базалык мезгилди аныктоо дагы эсептелинет. Мисалы, бир катар өнүккөн өлкөлөр базалык жыл катары (t=0) баалоо боюнча экономика өзүнүн потенциалдуу деңгээлинде турган жылды пайдаланышат. Бирок, бул мамилеге ылайык базалык мезгилди аныктоо, практикалык кыйынчылыктарды эске албаганда дагы, кайсы бир белгилүү жылдагы фискалдык өңүттөгү өзгөрүүлөр кийинки жылдардагы өзгөрүүлөр менен нивелирленип же бузулуп кетүүсүнө байланыштуу олуттуу коркунучтарга ээ болот. Мындай коркунучтар реформалоо процесстери такай жүргүзүлүп жаткан өткөөл экономикалуу өлкө үчүн өзгөчө мүнөздүү болот. Ошондуктан изилдөөнүн максаттары үчүн эң кеңири таралган “сыйгалак” базалык мезгилдин варианты каралган жана $t$ мезгилиндеги бардык статистикалык маалыматтар $t+1$ мезгилиндеги фискалдык импульсту эсептеп чыгуу үчүн базасы катары ырааттуу түрдө пайдаланылат.

– Жалпысынан, фискалдык импульс төмөнкү формулалар менен эсептелинет:

$$\left.\begin{aligned} B &= (t_0 Y - g_0 Y^p) - FS \\ B &= T - G \end{aligned}\right\} \Rightarrow FS = -(T - G) + (t_0 Y - g_0 Y^p),$$

$$FI = \Delta FS$$

бул жерде

$FI$ – фискалдык импульстун көрсөткүчү;

$FS$ – фискалдык өңүттүн көрсөткүчү;

$B$ – бюджеттик баланс;

$t_0 = T_0 / Y_0$, базалык мезгилдин ИДПсына базалык мезгилдин кирешелеринин мамилеси;

$g_0 = G_0 / Y_0$ базалык мезгилдин ИДПсына базалык мезгилдин чыгашаларынын мамилеси;

T – мамлекеттик башкаруу секторунун кирешелери;

G – мамлекеттик башкаруу секторунун чыгашалары;

Y – күндөлүк баалардагы фактылык ИДП;


$Y_p$ – күндөлүк баалардагы потенциалдуу ИДП.

### 1.4. Кыргызстанда фискалдык импульсту баалоо

1995–2010-жылдардагы потенциалдуу ИДПны баалоонун натыйжалары (1.1. график) фактылык ИДПнын потенциалдуууга караганда тезирээк темптер менен өсө тургандыгын көрсөтөт. Фактылык ИДПнын өсүшүнүн орточо реалдуу темптери көрсөтүлгөн мезгил үчүн 4,0 пайызды түзөт, ал эми потенциалдуунуку – 3,8 пайыз, анын ичинде 2006–2010-жылы потенциалдуу ИДП жыл сайын 4,6 пайызга көбөйүп турган[2].

Потенциалдуу ИДПнын темптеринин өсүшүнүн фактылыктан ашып кетүүсү 1995, 1998, 2002, 2005–2006 жана 2010-жылдары байкалган, бул эгерде ушул жылдардагы экономикадагы аныктоочу факторлорду эске алганда толук түшүнүктүү болот. Мисалы, 1998-жылдагы россиялык кризистин таасири, “Кумтөр” алтын кениндеги 2002 –жылдагы авария, ошондой эле өлкөдөгү 2005-2006 жана 2010-жылдардагы социалдык-саясий туруктуулук эместик.

**1.1. График. Кыргызстандагы потенциалдык ИДПнын баалоо маанилери**




Алынган натыйжалар, бардыгынан мурда экономикадагы инфляциялык басымдын бардыгы жөнүндө божомолдоого мүмкүндүк берет, анткени фактылык ИДП потенциалдуууга караганда ылдамыраак темптер менен өсүп жатат. Бул учурда алынган потенциалдуу өсүштүн 3,8 пайыздык темпи жетишерлик төмөн болуп көрүнөт, ал экономикадагы мындан аркы структуралык кайра түзүүлөрдүн зарылдыгын белгилейт.

Ошентип, 1.1 таблицада мурда келтирилген формулалар боюнча Кыргызстандын экономикасындагы фискалдык импульстун көрсөткүчүн эсептөөнүн натыйжалары көрсөтүлгөн. Төмөнкү баштапкы маалыматтар пайдаланылган:

– фактылык жана потенциалдуу ИДП;

– мамлекеттик башкаруунун секторунун корректировкаланган чыгымдары (электроэнергетикадагы квазифискалдык дефицит жана Социалдык фонддун чыгымдары кошулат; тышкы карыздар боюнча үстөктүк төлөмдөргө чыгымдар, эл аралык уюмдарга мүчөлүк акыларды төлөөгө, дипломаттык мекемелер жана өкүлчүлүктөр, командировкалык чыгымдар);

[2] Маалымат катары: 2010-жылдын 3–5-июнунда Бишкекте өткөрүлгөн “Макроэкономиканын, финансылык программалоонун жана мамлекеттик карызды башкаруунун моделдерин жана инструменттерин пайдалануу” боюнча семинардын материалдары боюнча өндүрүштүк функцияны куруу методу менен эсептелген Кыргызстандагы потенциалдуу ИДП 4,5 пайызга жакынды түзгөн.

– мамлекеттик башкаруу секторунун корректировкаланган кирешелери (Социалдык фонддун кирешелерин камтыйт, чет өлкөлүк гранттарды "Ганси" авиабазасынын кирешелерин кошпойт).

**1.1. Таблица. Кыргызстандын экономикасындагы фискалдык импульстун көрсөткүчү.**

| | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | *(млрд сом менен көрсөтүлгөн)* | | | | |
| ИДПнын өсүүсүнүн реалдуу темптери пайыздар | 0.0 | 7.0 | 7.0 | -0.2 | 3.1 | 8.5 | 8.4 | 2.9 | -1.4 |
| Потенциалдуу ИДПнын өсүүсүнүн реалдуу темптери, пайыздар | 4.1 | 4.3 | 4.4 | 4.5 | 4.6 | 4.6 | 4.6 | 4.6 | 4.6 |
| Фактылык ИДП күндөлүк баада | 75.4 | 83.9 | 94.4 | 100.9 | 113.8 | 141.9 | 188.0 | 201.2 | 212.2 |
| Потенциалдуу ИДП, күндөлүк баада | 76.8 | 83.3 | 91.4 | 102.4 | 117.1 | 140.7 | 180.0 | 195.8 | 218.8 |
| Мамлекеттик бюджеттин номиналдуу дефицити/профицити | -3.8 | -3.8 | -4.2 | -4.1 | -3.8 | -2.3 | -0.1 | -2.9 | -10.8 |
| Консолидацияланган бюджеттин номиналдык дефицити /профицити | -3.7 | -3.6 | -4.1 | -3.7 | -3.3 | -1.0 | 1.6 | -2.7 | -13.1 |
| Консолидацияланган бюджеттин корректировкаланган дефицит/профицит | -16.3 | -14.8 | -15.4 | -14.2 | -13.3 | -13.8 | -11.8 | -24.4 | -35.7 |
| | | | | | *(ИДПна пайыздар)* | | | | |
| Мамлекеттик бюджеттин номиналдык дефицит/профицит | -5.0 | -4.5 | -4.5 | -4.1 | -3.3 | -1.6 | 0.0 | -1.4 | -5.1 |
| Консолидацияланган бюджетти номиналдык дефицит/профицит | -4.9 | -4.3 | -4.4 | -3.7 | -2.9 | -0.7 | 0.8 | -1.3 | -6.2 |
| Консолидацияланган бюджеттин корректировкаланга дефицит/профицити | -21.6 | -17.7 | -16.3 | -14.1 | -11.7 | -9.7 | -6.3 | -12.1 | -16.8 |
| Циклдүү бейтарап бюджеттик баланс | | -21.3 | -16.4 | -16.8 | -15.2 | -11.4 | -8.1 | -5.4 | -13.3 |
| Фискалдык өңүт | | -3.7 | -0.1 | -2.7 | -3.5 | -1.7 | -1.8 | 6.7 | 3.5 |
| **Фискалдык импульс** | | | **3.5** | **-2.6** | **-0.8** | **1.8** | **-0.1** | **8.5** | **-3.2** |

*булак: КР УСК , КР КМ маалыматтары жана автордун эсептөөлөрү*

## 1.5. Тыянактар


Ошентип, көрсөтүлгөн натыйжалар кийинки 2009–2010-жылдары кескин жогорулап кеткен бюджеттин тартыштыгы 2008-жылга чейин акырындап төмөндөй баштагандыгын көрсөтөт. Ошол эле учурда алынган фискалдык импульстун көрсөткүчүнүн мааниси жүргүзүлүп жаткан бюджеттик саясаттын бир кыйла башкача динамикасын жана анын биргелешкен талапка болгон таасирин көрсөтөт.

Жалпысынан алганда 2004–2008-жылдардагы фискалдык импульс баалоо боюнча ИДПнын 7,2 пайызын түздү (анын ичинде 2004–2008-жылдары – 1,9 пайыз), бул ушул мезгилдеги биргелешкен талаптын өсүшүн ылдамдатууга көмөкчү болгон бюджеттик-салыктык саясаттын жумшаруусун билдирет. Фискалдык импульстун динамикасы жана ИДПнын ажырымы дагы бюджеттик саясаттын өтө ачык көрүнгөн циклдүүлүгүн билдирет.

Баалоолордун натыйжаларын мындан дагы толугураак карап чыгуу 2004-жылдагы олуттуу оң импульстан кийин кийинки жылга консолидацияланган бюджеттин номиналдуу тартыштыгынын өзгөрүүсү көрсөткөндөн башка экономика бюджеттик-салыктык саясаттын мындан дагы көбүрөөк катаалданышын башынан өткөргөндүгүн көрсөтөт. 2007–2009-жылдары бюджеттик-салыктык саясат биргелешкен талаптын өсүшүнө оң таасир тийгизүү менен жана экономикада андан дагы жогорку инфляциялык фонду түзүү менен ошого жараша олуттуу оң импульс менен мүнөздөлөт. Таасирлерин эске алуу менен алынган натыйжалар 2007-жылдан бери байкоодо болуп келген инфляциянын ылдамдоосуна башка факторлордон тышкары дагы бюджеттик саясат тарабынан салым киргизилгендигин божомолдоого мүмкүндүк берет. 2009-жылдагы ушунчалык зор фискалдык импульсту бюджеттик чыгымдарды аткаруудагы муктаждыктын (анын ичинде гидроэнергетиканын объектилериндеги масштабдуу инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууга дагы) бюджеттин салыктык кирешелери тарабынан болгон олуттуу чектөөлөргө кабылгандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Бул мезгилдеги салыктык түшүүлөрдүн төмөндөшү өлкөдөгү ишкердик активдүүлүктүн жалпы басаңдоосу, импорттун

көлөмдөрүнүн кыскаруусу жана Салык кодексинин жаңы редакциясын кабыл алуунун алкактарындагы өзгөрүүлөр (кошумча наркка салыктын (КНС) ставкасынын төмөндөөсү, сатууларга салыктын ставкасынын төмөндөөсү, кыймылсыз мүлккө салына турган салыкка убактылуу мораторийди киргизүү ж. б.) көмөкчү болду. Мамлекетик бюджеттин бул жоготуулары көпчүлүк даражада гранттык каражаттардын келип түшүүсү менен жабылган, анын ичинде Россия Федерациясынан, ошондуктан бюджеттин номиналдык дефицитинин маанисинде бул анчалык катуу сезилген жок. Бирок, фискалдык импульсту, башкача айтканда биргелешкен талапка бюджеттик саясаттын таасиринин чыныгы багытын баалоо үчүн, эске салып коюуу керек, гранттык кирешелер алынып салынган.

**1.2. График. Фискалдык импульстун динамикасы, бюджеттин[3] тартыштыгынын жана ИДПнын ажырымынын өзгөрүлүшү**




2010-жыл биринчи кезекте жапа тарткан ишкерлерди колдоого жана талкаланган шаарларды калыбына келтирүүгө багытталган бир катар иш чаралар менен мүнөздөлгөн. Бул чаралардын натыйжасында жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик чыгымдар олуттуу көбөйдү, бул болсо салыктык жыйымдардын солгундоосунун фонунда номиналдуу бюджеттик тартыштыктын өсүүсүнө алып келди. Бул учурда алынган фискалдык импульстун мааниси өткөн жылдагыга караганда бюджеттик саясаттын катаалдашын көрсөтөт, аны базалык мезгилдеги импульстун жогорку деңгээли менен түшүндүрүүгө болот жана жалпысынан алганда мамлекеттик финансылардын саясаты экономикалык циклдерге шайкештигин улантты.

Ушул эле учурда, мурда эле белгиленгендей, фискалдык импульстун көрсөткүчү экономикага болгон таасиринин өзүн эмес, фискалдык өңүттөгү өзгөрүүлөрдүн багытын аныктайт, ал үчүн макроэкономикалык моделди колдонуу менен фискалдык мультипликатордун эффектиси боюнча кошумча изилдөөлөр талап кылынат.

[3] Бюджеттин дефицитин жана фискалдык импульсту ыңгайлуу салыштыруу үчүн, бюджет дефицитинин айырмасы аркылуу каралган. Ошондуктан «алуу» белгиси дефициттин төмөндөгөнүн билдирет.

## II. Кыргызстандагы ашыкча салык салуунун оорчулугун баалоо

### 2.1. Теоретикалык сереп.

Мамлекеттик башкаруу органдарына салык төлөөчү төлөгөн тикелей салыктын суммасынан тышкары, салык салуу белгилүү болгондой, көптөгөн башка чыгымдар менен байланышкан. Бул төмөнкүдөй чыгымдар:

1. Кирешелерди жыйноо үчүн мамлекеттик органдардын күндөлүк чыгымдарын түзгөн салыктарды жыйноого кеткен түздөн-түз чыгымдар (эмгек акы, жай ж. б.) жана салык мыйзамдарын аткарууну камсыз кылуу;
2. Салык мыйзамдарын аткаруу боюнча салык төлөөчүлөрдүн тикелей чыгымдары (салыктык эсепти жүргүзүү, бухгалтерлердин айлык акылары ж. б.);
3. Экономикалык адабиятта таза (өлүк) жоготуулардын жүгү же салык салуунун ашыкча оорчулуктары (ашыкча салыктык жүк) деген аталышка ээ болгон ресурстардын эффективдүү бөлүштүрүүсүнө салык салуунун таасиринен келип чыккан кыйыр чыгымдар.

Бул эмгектин алкактарында так ушул маселени баалоо жүргүзүлөт.

Таза жоготууларды сандык баалоо үчүн Diamond жана McFadden (1974) Hicks (1941) иштерге таянып, кошумча компенсациялоочу киреше түшүнүгүн колдоно башташты (ACI, Additional Compensating Income). ACI – бул кандайдыр бир кошумча сумма катары интерпретациялана турган жана индивидуумдун кирешесине салыкты киргизүүнүн натыйжасында товарга болгон баанын өсүшүнө компенсация катарында кошуу керек болгон фиктивдүү өзгөрүлмө. Башкача айтканда, салыктарды төлөгөндөн кийин анын жыргалчылык деңгээли өзгөрүүсүз калуусу үчүн керектөөчүгө кошумча киреше бериле тургандыгы жөнүндө жол берилет. ACIнин чоңдугу статистикалык эсептөөгө кирет, ошондуктан, андан салыктык кирешелердин суммасын алып таштоо менен салык салуунун ашыкча оорчулуктарын баалоого мүмкүн болот.

Көрсөтмөлүүлүк үчүн төмөндө графикалык түшүндүрмөнү келтиребиз (2.1. графиги).

X товарынын баасы $P_1$ге барабар дейли. Салыкты киргизгенден кийин баа $P_2$ чейин көтөрүлдү, анда $P_2 = P_1 + $ салык t. Баанын өсүүсүнө жараша X товардын керектелген саны төмөндөйт. 2.1. графигинде $P_2ACP_1$ фигурасынын аянты баанын өсүшүндө салыкты төлөгөндөн кийин керектелген сандагы өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Берилген фигуранын ичиндеги $P_2ABP_1$ аянты мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдү көрсөтөт (салык t, керектөөлөрдүн көлөмү $Q_2$ көбөйтүлгөн). Ошентип, $P_2ACP_1$ жана $P_2ABP_1$ фигураларынын ортосундагы айырма болгон ABC фигурасынын аянты товарга салыкты киргизүүдөн гана пайда болгон таза жоготуулар же салык салуунун ашыкча оорчулуктары болуп эсептелинет.


Салык салуунун ашыкча оорчулуктары салыктын таасири менен шартталган бул коомдук жыргалчылыкты жоготууну көрсөтөт жана салыктын (же салык системасынын) эффективдүү эместигинин ченемин чагылдырат.

Дж. Стиглиц (1997) көрсөткөндөй, ABC үч бурчтугун кээде Харбергердин үч бурчтугу деп мындай үч бурчтуктарды салык салуунун буза турган таасири менен байланышкан эффективдүүлүк эместикти өлчөөгө гана эмес, эффективдүүлүк эместиктин башка түрлөрүн дагы, мисал үчүн монополия менен байланышкан, ошондой эле мамлекеттик инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруудагы чыгымдарды жана кирешелерди анализдөөдө колдонгон чикаголук экономист А. Харбергердин урматына аташат.

Андан ары адабиятта (Stuart, 1984; Ballard, Shoven, Walley, 1985) чектен ашкан ашыкча оорчулуктарга бурулган – MEB (Marginal Excess Burden), башкача айтканда

ашыкча оорчулуктун мамлекеттик бюджетке салыктык кирешелердин өсүүсүнө салыктык жыйындардын ар бир кошумча бирдигине эсептелген таза жоготууларга көбүрөөк көңүл бурулган.

**2.1. График. Салык салуунун ашыкча оорчулуктары**




Бул мамиленин артынан түшкөн Мошкович С. жана башкалар (1999) салык салуунун ашыкча оорчулуктардын абсолюттук маанисин эмес (экономикалык субъекттердин жүрүм-туруму жөнүндөгү көп сандаган божомолдоолорду колдонууну талап кылуучу), алардын чоңдугунун салыштырмалуу өзгөрүүсүн изилдешкен. Жалпы экономикалык тең салмактуулуктун негизинде бул авторлор тарабынан байкоо жүргүзүлүп жаткан экономикалык көрсөткүчтөр жана керектөөчүлүк артыкчылык берүүлөрдүн мүнөздөмөлөрү аркылуу МЕВди аныктоочу түпкү формулаларды алууга мүмкүндүк берген салыктар менен тең салмактуулуктун жөнөкөй агрегатталган модели иштелип чыккан. Кийин, ушул моделди пайдалануу менен Черногорский (2002) МЕВдин Россия үчүн жана Европа Биримдигинин (ЕБ) айрым өлкөлөрү үчүн 1997–2000-жылдардагы маанисин баалаган.

Практикада МЕВдин бул көрсөткүчтөрү мисал үчүн Россияда 1 рублди салык катары алуу үчүн ресурстардын оптималдуу бөлүштүрүүсү ушунчалык даражада бузулгандыктан, коом 2000-жылы жалпысынан 1,33 рубль чыгымдаган же орто эсеп менен 1997-жылдан 2000-жылга чейин орто эсеп менен 1,27 рубль чыгымдаган.

**2.1. Таблица. ЕБ айрым өлкөлөрү жана Россиянын экономикаларындагы МЕВдин көрсөткүчү**

| | 1997 | 1998 | 1999 | 2000 | Орто көрсөткүчү |
|---|---|---|---|---|---|
| Германия | 0,15 | 0,16 | 0,15 | 0,15 | *0,15* |
| Италия | 0,42 | 0,36 | 0,32 | 0,28 | *0,34* |
| Россия | 0,25 | 0,23 | 0,25 | 0,33 | *0,27* |
| Улуу Британия | 0,23 | 0,23 | 0,22 | 0,21 | *0,22* |
| Франция | 0,36 | 0,34 | 0,32 | 0,26 | *0,32* |
| Швеция | 0,60 | 0,55 | 0,49 | 0,41 | *0,51* |

*Булак: Черногорский С.А., 2002*

### 2.2. Кыргызстан үчүн салык салуунун ашыкча оорчулуктарын баалоо

Жогорудагы изилдөөлөрдө келтирилген эсептөөнүн методикасын колдонуу менен мындан ары Кыргызстандын экономикасы үчүн салык салуунун чектен ашкан ашыкча оорчулуктарынын мааниси эсептелинип чыгат. Белгилей кетүү керек, моделди толук баяндоо жана формулаларды кайра түзүү көрсөтүлгөн изилдөөлөрдө келтирилген, ошондуктан биз муну бул иштин алкактарында жасабайбыз.

Ошентип, 2.2. таблицасында Кыргызстандын 2003-2009-жылдардагы экономикасынын абалы жөнүндөгү статистикалык баштапкы маалыматтар келтирилген; үй чарбаларынын чыгымдары жөнүндөгү маалыматтар, алардын сактоолору, трансферттери жана менчиктен алынган кирешелери, ошондой эле мамлекеттик башкаруу секторунун салыктык кирешелери жөнүндөгү маалыматтар (башкача айтканда, мамлекеттик бюджет Социалдык фонддун бюджети менен бириктирилген).

**2.2. Таблица. Кыргызстандын экономикасынын айрым көрсөткүчтөрү**

| | Чен бирдиги | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык активдүү калк | *млн. киши* | 2,14 | 2,18 | 2,26 | 2,29 | 2,34 | 2,38 | 2,42 |
| Жумушсуздар | *млн. киши* | 0,21 | 0,19 | 0,18 | 0,19 | 0,19 | 0,20 | 0,20 |
| Үй чарбасынын керектөөлөргө чыгымдары $C_0$ + каражаттар S - трансферттер n - менчиктерден кирешелер e | *млрд. сом.* | 53,21 | 53,13 | 56,94 | 68,85 | 80,69 | 101,08 | 105,43 |
| Салыктык кирешелер T | *млрд. сом.* | 15,74 | 18,33 | 21,34 | 25,57 | 33,68 | 44,98 | 46,90 |

*Булак: КР УСК , КР КМ маалыматтары*

Эми ушул статистикалык маалыматтардын негизинде 2.3 таблицада аралык көрсөткүчтөр эсептелет. Айрым көрсөткүчтөрдү түшүндүрөлү. L жумуштун убактысын белгилесин, ал эми $L_0$ – жумуштун жана эс алуунун убактысы (уйкуга берилген убакытты кошпогондо). h параметри алынган формулаларга ылайык, убакыттын ар кандай мезгилдери үчүн $\frac{\omega}{C} = \frac{h}{L_0 - L}$ теңдемени канааттандырган маанилердин орточосу катары турат. Салыктык параметрдин $\theta$ мааниси $\theta = \frac{T}{C_0 + S - n - e}$ теңдемесинин жардамы менен эсептелген.

**2.3. Таблица. Аралык эсептик көрсөткүчтөр**

| | чен бирдиги | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумуш убактысы **L** (1-2 бет табл.2.2.) | *млн. адам жыл* | 1,93 | 1,99 | 2,08 | 2,10 | 2,15 | 2,18 | 2,22 |
| Сылыктарды жыйноо **T** | *млрд. сом* | 15,74 | 18,33 | 21,34 | 25,57 | 33,68 | 44,98 | 46,90 |
| Үй чарбал, таза реалдуу а/акы **wL = $C_0$ + S - n - e** | *млрд. сом* | 53,21 | 53,13 | 56,94 | 68,85 | 80,69 | 101,08 | 105,43 |
| Убакыт бирдиг. таза реалдуу а/акы **w = ($C_0$ + S - n - e) / L** | *млрд. сом* | 27,56 | 26,68 | 27,41 | 32,85 | 37,49 | 46,28 | 47,57 |
| Салыктык параметр $\theta$ | | 0,30 | 0,35 | 0,37 | 0,37 | 0,42 | 0,44 | 0,44 |
| $L_{0\ орточо}$ | | 3,11 | 3,11 | 3,11 | 3,11 | 3,11 | 3,11 | 3,11 |
| **h** | | 0,49 | 0,42 | 0,35 | 0,30 | 0,26 | 0,25 | 0,25 |
| $h_{орточо}$ | | 0,33 | | | | | | |

*Булак: КР УСК, КР КМ маалыматтары жана автордун эсептөөлөрү*

Акырында, 2.4 таблицада өз ара төмөнкүдөй байланышта болгон $\frac{\theta\omega r}{L}$ жана $MEB$, маанилери берилген:

$$\frac{\theta\omega r}{L} = -T\frac{L_0 - L}{L(1+h)(C_0 + S - n - e)}, \text{ жана } MEB = \left(1 + \frac{\theta\omega r}{L}\right)^{-1} - 1$$

**2.4. Таблица. Кыргызстандын экономикасындагы МЕВдин мааниси**

| | | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **θωr / L** | | -0,12 | -0,14 | -0,14 | -0,14 | -0,15 | -0,15 | -0,14 |
| **MEB** | *сом / 1 сом салык үчүн* | 0,16 | 0,17 | 0,16 | 0,16 | 0,16 | 0,16 | 0,16 |

*Булак: автордун эсептөөлөрү*

### 2.3. Тыянактар жана айрым сунуштар

Кыргызстандагы салык салуунун чектен ашкан ашыкча оорчулуктарынын алынган маанилери салык катары чогултулган ар бир 1 сом ресурстардын оптималдуу бөлүштүрүүсүн ушундай базгандыктан, коом жалпысынан 1,16 сом зарптайт.

Белгилей кетүүчү нерсе, ишканалардан кирешеге болгон салыктын ставкасы 20 пайыздан 10 пайызга чейин төмөндөтүлгөн, жана ошондой эле жеке жактардан алынуучу подоход салыгы үчүн бирдиктүү ставка 10 пайыз өлчөмүндө белгиленсе дагы 2006-жылдагы салыктык реформа эсептөөлөргө ылайык МЕВдин төмөндөөсүнө алып келген жок. Салык кодексинин жаңы редакциясын 2009-жылдан тартып киргизүү биринчи жылынын жыйынтыгы боюнча баалоо түрүндө, дагы эле МЕВдин маанисине таасирин тийгизген жок.

Бир жагынан, бул натыйжалар Кыргызстандын экономикасындагы ашыкча салыктык жүктүн салыштырмалуу анча жогору эместиги жөнүндө күбөлөндүрөт (башка айрым өлкөлөргө салыштырмалуу) жана ошондон улам, азыркы болгон шарттарда салыктардын ставкаларын гана өзгөртүү менен салыктык реформаны жүргүзүү максатка ылайык эмес, анткени мамлекеттик бюджеттин теңдештигинин көрсөткүчтөрүндө бул негативдик мүнөздө гана чагылдырылат. Демек, фискалдык системаны өркүндөтүүдө биздин өлкөдө салыктык башкаруу абдан зор мааниге ээ болот жана жүргүзүлүп жаткан реформада салык салуунун жеңил башкарылуучу формаларына өтүү негизги багыт болушу керек.

Башка жагынан, Кыргызстанда калыптанып калган салыктык система баары бир ашыкча оорчулуктарды жаратат. Кыргызстандын калкынын жыргалчылык деңгээлин эске алуу менен, биздин көз караште, салык салуу боюнча салыштырмалуу анча жогору эмес таза жоготууларды дагы минималдаштыруу керек. Мамлекеттик кирешелерди түзүүдө чарба жүргүзүүчү бирдиктердин экономикалык эффективдүүлүгүнө таасирин тийгизбеген салыктардын категорияларын көбүрөөк пайдалануу максатка ылайык. Иш жүзүндө мындай салыктарга патенттер, салыктык контракттар, жер салыгы, кыймылсыз мүлккө салык, башкача айтканда, суммасы экономикалык субъекттин жүрүм-турумунан көз каранды болбогон, белгиленген, бир мезгилдүү төлөмдөрдүн мүнөзүнө ээ болгон салыктардын бардык түрлөрү кирет. Эл аралык валюталык фонддун (ЭВФ) салыктык саясат боюнча Жетектемесинде (1995) көрсөтүлгөндөй, “салык, эгерде ал бир мезгилдик жыйымдын формасына ээ болбосо, керектөөчүнүн жыргалчылыгын төмөндөтөт...”. Тигил же бул салык боюнча

эффективдүүлүктү жоготуу деп, керектөөчүнүн жыргалчылыгын ушул салыкты төлөөнүн натыйжасында кирешени жоготууну түшүндүрүүгө мүмкүн болгондон ашыкча төмөндөтүү айтылат... Аныктоо боюнча салыштырмалуу бааларга бузууларды киргизбеген бир мезгилдүү салык, ашыкча оорчулукка алып келиши мүмкүн эмес”.

**АДАБИЯТ**

1. Васильева Е.А. Россия Федерациясынын мамлекеттик финансыларынын стабилдештирүү функциясынын жана туруктуулугунун анализи. (Текст) С.А. Власов, А.А. Пономаренко// ВШЭ нин Эконмикалык журналы – 2009. № 3 . 383-402 б.

2. Мовшович С.М. Россиялык экономикадагы салык салуудагы ашыкча оорчулуктарды баалоо (Текст) / С,М. Мовшович, Г.А. Крупенина, М.С. Богданова. – М. РПЭИ: Фонд “Евразия” .1999.35 –б.

3. Салык саясаты боюнча жетектеме. (Текст) / П. Шомдун редакциясы астында- Вашингтон, БДВФ, 1995 , 387-б.

4. Стиглиц Дж.Ю. Мамлекеттик сектордун экономикасы (Текст): англ. котор. /Дж. Стиглиц. М.: ММУ бас-сыб ИНФРА – М, 1997 – 720 -б.

5. Тайдман Н. Плассманн Ф. Улуттун жыргалчылыгын көтөргөн мамлекеттик кирешелердин булагы (Текст) / Н. Тайман, Ф. плассманн// Балт. Укук дана экономика журналы. 2007.-№1 3-23-б.

6. Черногорский С.А. Россиянын жана ЕСтин айрым өлкөлөрүнүн экономикаларында салык салуунун чектен чыккан ашыкча оорчулуктары (Электрондук ресурс): Бешинчи эл ар. конфер. Доклад “Public Sector Transition”, СПб, 2002 – Кирүүнүн режими: httr://www.aspe/spd/ru/Papers/25_17.pdf. – Аталышы экрандан.

7. Blanchard O. (1990) “Suggestions for a new set of fiscal indicators”. Organization for Economic Development and Cooperation Economics Department Working Papers No 79.

8. Diamond P., McFadden D.L. (1974). “Some uses of the expenditure function in public finance” // Journal of Public Economy, 3.

9. Heller P., Haas R. and Mansur A. (1986) “A review of the fiscal impulse measure”. IMF Occasional Papers, No 44, May.

10. Hicks J. (1941) “The rehabilitation of consumer’s surplus” // Review of Economic Studies, 9.

11. IMF Country Report No. 05/217 “Republic of Belarus: Selected Issues”, June, 2005.

12. IMF Country Report No. 08/375 “Republic of Armenia: Selected Issues”, December 2008.

13. IMF Country Report No. 09/61 “Former Yugoslav Republic of Macedonia: Selected Issues”, February 2009.

14. Philip R. and Janssen J. (2002) “Indicators of Fiscal Impulse for New Zealand” New Zealand Treasury Working Paper, No 02/30, December.

15. Robinson E. and Jiun A. (2001) “Assessing the fiscal policy stance in Singapore”. BIS Papers, No 20.

16. Spilimbergo A. (2005) “Measuring the Performance of Fiscal Policy in Russia”. IMF Working Papers, No 05/241, December.

17. Stuart Ch. (1984) “Welfare costs per dollar of additional tax revenue in the United States” // American Economic Review, 74; Ballard Ch., Shoven J., Walley J. (1985) “General equilibrium computations of the marginal welfare costs of taxes in the United States” // American Economic Review, 75.

18. Wells G. (1995) “Macroeconomics” (Thomas Nelson: Australia).

**УОК 339.543.644+339.565:311.31**

# РАСМИЙ СТАТИСТИКА МЕНЕН КАМТЫЛБАГАН ЧЕК АРАГА ЖАКЫН СООДАНЫ ЖАНА ТОВАРЛАРДЫ РЕЭКСПОРТТООНУ ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ[1]

Ибрагимова Шамсия Махмудовна[2]

Касымбеков Кайрат Токонович

Байматова Гүлзана Нуркалыевна

Бердигулова Айгүл Рыскуловна

*Бул эмгекте 2009-жылы август-сентябрда жана 2010-жылдын март-июнунда Кыргыз Республикасынын бажы постторунда жана базарларында чек арага жакын сооданы жана товарларды реэкспорттоону изилдөөнүн негизги натыйжалары келтирилген.*

*This paper presents the main findings of the survey of border trade and re-export of goods held in August - September 2009 and March-June 2010 at the customs posts and markets of Kyrgyz Republic.*

***Негизги сөздөр: изилдөө, экспорт, импорт, товар жүгүртүү.***

## КИРИШҮҮ

Акыркы жылдары расмий статистика тарабынан эсепке алынбай калган Кыргыз Республикасындагы (КР) товарлардын импорту, экспорту жана реэкспорту[3] критикалык мүнөзгө ээ болду, бул макроэкономикалык статистиканын бузулушун шарттайт жана экономикалык саясатта чечимдерди адекваттуу кабыл алуу процессин оорлотот. Кыргызстандын региондогу транзиттик соода пункту болуп калгандыгы талашсыз факт болуп калды, негизинен бул бир жагынан Кытай (КЭР) жана башка Борбор Азиялык өлкөлөр жана Россия менен экинчи жагынан. Бул феноменди сүрөттөп көргөзүү үчүн Кыргызстанга Кытайдан товарларды импорттоо боюнча 2007-жылдагы эки тараптуу маалыматтардын ортосундагы 10 эсе айырмачылыктарды келтирүү эле жетиштүү болот. (КРдин расмий статистикасы 356 млн. АКШ долларын көрсөтсө, ошол эле учурда Кытай өкмөттөрү 3,67 млрд. АКШ долларын каттаган).

Жогоруда белгиленген проблеманы чечүүнүн варианттарынын бири катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Бүткүл дүйнөлүк банктын "Расмий статистика менен камтылбай калган чек арага жакын сооданы жана товарларды реэкспорттоону изилдөө" боюнча бирдиктүү долбоорунун алкактарында чек арага жакын сооданы жана регионалдык маанидеги рынокторду изилдөөнүн зарылдыгы болду.

Изилдөөнү каржылоо Улуттук банктын, Бүткүл дүйнөлүк банктын жана Кыргыз Республикасында кызматташтык боюнча Швейцариялык бюронун каражаттары менен биргелешип жүргүзүлдү. Талаалык изилдөөлөр эки этап менен (2009-жылдын август-

[1] Бул ишти даярдоодо авторлор кызматташтардын колдоосуна жана түшүнүүсүнө таянышты, жана алар алган жардамдары үчүн кубанычтуулук менен ыраазычылыктарын билдиришет. Өзгөчө ыраазычылыкты КРУБдун Төрагасынын Орун басары Абдыбалы тегин Суеркулга, финансылык статистика жана серептин Башкармасынын башчысы (ФССБ) Исакова Гүлзинага билдирип кеткибиз келет. Изилдөөнү жүргүзүүгө көрсөткөн жардамдары үчүн Кыргыз Республикасындагы Бүткүл дүйнөлүк банктын Офисине, алып айтканда, Эсеналиев Дамирге, жана Кыргыз Республикасындагы кызматташтык боюнча Швейцариялык бюрого, алып айтсак, Бисембин Дамирге жана Масыдыков Акылга рахматыбызды айтабыз.

[2] Бул иш "СоцЭконик" компаниясы менен бирдикте аткарылган.

[3] Экспорт – Ата мекендик товарларды сатууга байланышкан операциялар, реэскпорт – КРге мурда импорттолгон чет элдик товарларды сатууга байланышкан операциялар.

сентябрында жана 2010-жылдын март-июнунда) коомдук бирикме "Социалдык-экономикалык изилдөөлөрдүн борбору "СоцЭконик" (мындан ары "СоцЭконик") тарабынан жүргүзүлдү. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча "СоцЭконик" компаниясы Улуттук банктын түзөтүүлөрүн эске алуу менен жыйынтык отчётту даярдаган.

**Изилдөөнүн натыйжалары боюнча негизги тыянактар**

Башынан эле болжолдонуп жаткан экспорт менен импорттун эсепке алынбаган көлөмдөрүнүн бардыгы изилдөөнүн эки этабынын жүрүшүндө камтылган чек арага жакын зоналардын территорияларына жана базарларга байкоолорду жүргүзүүдө өзүнүн аныктыгын тастыктады. Жүргүзүлгөн байкоолордун натыйжалары тышкы сооданын эсепке алынбай калган көлөмдөрүнүн негизги үлүшү эл керектөөчү товарларга (ЭКТ) тиешелүү экендигин көрсөттү, жашылча-жемиштер, тирүү мал, мүйүздүү ири малдын эти (МИМ).

Изилденип жаткан товарлардын Кыргызстанга КЭРдин жана Өзбекстандын территорияларынан расмий эмес түрдө киргизилип, андан ары ЭКТ үчүнчү өлкөлөргө экспорттоолору аныкталды. Тирүү малдын жана эттин рыногу боюнча Казахстан менен чектеш чек ара зоналарында мыкты уюштурулган жашыруун эскпорт байкалгандыгын дагы белгилей кетүү керек.

2009-жылдын үчүнчү чейрегин жана 2010-жылдын экинчи чейрегинин камтыган изилдөөнүн эки этабыныны натыйжаларынын салыштырмалуу анализи төмөнкүдөй кырдаалды көрсөтөт.

ЭКТ рынокторун изилдөөлөр 2009-жылы товарлар кризиске чейинки мезгилдерге караганда азыраак көлөмдөрдө киргизилип жаткандыгын көрсөттү. Бул кырдаал эң алды менен дүйнөлүк финансылык кризистин айынан, биринчи кезекте Казакстандагы кризистин аркасында түзүлгөн. Анткени Казакстан Кыргызстандан келген ЭКТдын негизги сатып алуучусу болуп эсептелинет. 2009-жылдагы кытайлык импорттун көлөмдөрүн кыскартууга ошондой эле 2009-жылдын июнунда Үрүмчү шаарында этникалык негиздеги кагылышуулардын жүрүшүндө пайда болгон КЭРдеги туруксуздук абалы дагы таасирин тийгизди. 2010-жылы кытай импортунун агымдары акырындап 2009-жылга караганда көбөйө баштады, бул жөнүндө тышкы соода боюнча расмий статистика күбөлөндүрүп турат[4]. Ишкерлердин билдиргендери боюнча кризистен кийин калыбына келүү тенденциясы байкалып жатат, бирок, товарлардын келүүсү дагы эле болсо кризиске чейинки көлөмдөргө салыштырмалуу өтө эле төмөнкү деңгээлде калууда.

Эгерде Кыргызстанга КЭРден ЭКТды – Казакстан аркылуу транзит менен жана "Эркештам", "Торугарт" бажы посттору аркылуу ташып келүүлөрдү карай турган болсок, анда 2010-жылы изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча ташып келүүлөрдүн көлөмү 2009-жылга салыштырмалуу көбөйгөн. 2009-жылы КЭРден күн сайын жалпы суммасы **4 795,0 миң АКШ долларын** түзгөн товарлар киргизилсе, 2010-жылы импорттун күндүк көлөмү **5 170,0 миң АКШ долларына чейин, же 8 пайызга** өскөндүгү белгиленди, бул болсо тышкы сооданын расмий тенденциялары менен дээрлик дал келет. *Жылдык*[5] эсептөөлөр боюнча эң минималдуу баалоолор боюнча импорттун көлөмдөрү 2009-жылы **1 208,34 млн. АКШ долларын** түзгөн, ал эми 2010-жылы – **1 302,84 млн. АКШ долларын** түздү.

Бирок бул жерде импорттун көлөмдөрү бардыгынан мурда Казакстан аркылуу транзит менен жана "Торугарт" посту аркылуу "Дордой" рыногуна товарларды ташып

[4] 2010-жылдын биринчи жарым жылынын импортунун көлөмү ошол эле мезгилде өткөн 2009-жылдын тиешелүү мезгили менен салыштырганда 9.0 пайызга көбөйгөн. Булагы: http://www.customs.gov.kg/".

[5] Кытай менен чек ара посту бир жумада 5 күн иштейт, б. а. бир айда орточо 21 күн.

келүүнүн эсебинен көбөйгөндүгүнүн фактысын эске алуу керек. Өз кезегинде "Карасуу" рыногуна ташып келүүлөрдүн көлөмү нарктык эсепте кыскарып кеткен.

2009-жылы "Карасуу" рыногуна "Эркештам" посту аркылуу орто эсеп менен 40 автомашина кирген, 2010-жылы машиналардын саны өзгөргөн эмес, бирок бир машинадагы товарлардын көлөмү кыскарган. Мисалы, 2009-жылы ишкерлер "Карасуу" рыногуна бир машинада товарларды минималдуу 50 000 АКШ доллары суммасында киргизген болсо, 2010-жылы бир машинада бир кыйла аз орто эсеп менен 35 000 АКШ доллары суммасында киргизип калышкан. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, "Карасуу" рыногунун Өзбекстандын чек арага жакын райондоруна реэкспорт борбору катары актуалдуулугу жылдан жылга төмөндөп бара жатат. Жыл өткөн сайын Өзбекстандан "Карасуу" рыногуна ишкерлердин товарга келүүсү азайып, алар КЭРден товарларды өз бетинче түз ташып келүүгө аракет жасап жатышат. 2010-жылдын изилдөөлөрү мындай тенденцияны тастыктады. Эгерде 2009-жылы "Карасуу" рыногунан өзбек ишкерлери *күнүгө* **2 875,0 миң АКШ доллары** суммасындагы товарларды ташып чыгып жаткан болсо, 2010-жылы товарларды аз суммага импорттой башташты – *күнүнө* **2 280,0 миң АКШ долларына.**

Эгерде "Дордой" рыногундагы кырдаал жөнүндө айта турган болсок, анда изилдөөлөрдүн эки фазасы тең көрсөткөндөй, бул хаб үчүнчү өлкөлөргө, биринчи кезекте Казакстанга реэкспорт борбору катары өз өңүттөрүн жоготкон эмес. Мурда белгиленгендей, "Дордой" рыногуна ташып келинип жана ташып чыгарылып жаткан товарлардын көлөмдөрү көбөйгөн. Эгерде 2009-жылдагы изилдөөлөрдүн биринчи фазасынын жүрүшүндө суткасын 7 512,0 миң АКШ доллары суммасындагы товарлар ташылып чыгарылган болсо, 2010-жылы изилдөөлөр товарларды сатып алуу **9 112,0 миң АКШ долларына, же 21 пайызга** көп болгондугун көрсөттү.

Изилдөөлөрдүн экинчи фазасында техникалык тапшырмага ылайык, байкоонун кошумча объектилери камтылды: мөмө-жемиш продукцияларынын рыногу жана тирүү мал жана этти сатуу рыногу. Бул этапта "Дыйкан" рыногунан ташылып чыгарылып жаткан продукциянын болжолдуу көлөмдөрүн аныктоого мүмкүндүк берген эсептөөлөрдүн жаңы методикасы колдонулган. Жалпысынан эки изилдөө тең "Дыйкан" рыногу жергиликтүү рынокторго кандай багытталса, так ошондой эле Казакстандын рынокторунда багытталган мыкты уюшулган рынок экендигин көрсөттү. Рынок жыл бою мөмө-жашылча продукциясы менен толуп турат. Сезонуна жараша ар кандай продуктылар менен соода кылышат: эгерде изилдөөнүн биринчи фазасында олуттуу үлүштү бакча өсүмдүктөрү түзгөндүгү аныкталса, экинчи фазасында ушул сезондук мезгилге мүнөздүү болгон помидор, бадыраң, картофель, тоголок пияз, сабиз, шабдалы, абрикос сыяктуу жашылчалар жана жемиштер көпчүлүгүн түздү.

2010 – жылы изилдөөлөрдүн жүрүшүндө баалоо түрүндө "Дыйкан" рыногунан ички рынокторго, эң биринчи Кыргызстандын түндүгүнө жана Казакстанга *күн сайын* жемиштер менен жашылчалар **235,9 миң АКШ долларынын**[6] суммасында ташылып кетет (же *жылына* **86 103,5 миң АКШ доллары**)[7].

Изилдөөлөрдүн экинчи фазасында Бишкек ш. да жемиштер менен жашылчаларды саткан жалгыз эле "Дыйкан" рыногу эмес, "Ош базарына" жакын жайгашкан "Ит базары" деп аталуучу базар дагы жашылчалардын сатуучусу экендиги аныкталган. "Ит базарынан" Өзбекстанга жыл сайын **1 676,3 миң АКШ долларына** алма жөнөтүлөт. Мындан тышкары, изилдөөлөрдүн жүрүшүндө Кыргызстандын түштүгүндө Ош облусунун Ноокат жана Алай райондорунан Өзбекстанга картофель

---

[6] Бул жерде жана мындан ары эсептөөлөрдүн максаты үчүн АКШ долларына болгон кыргыз сомунун Улуттук банк тарабынан 2010-жылдын 1-январына карата аныкталган – 44,0917 сом расмий курсу пайдаланылат.

[7] 1 жыл 365 күн.

жана Аксы, Ала-Бука жана Ноокен райондору аркылуу Ысык-Көлдүн картошкасы жөнөтүлөрү аныкталган. Изилдөөлөрдүн моментине карата жылына картофель **2 959,5 миң АКШ доллары** суммасында ташылып кетип турган.

Изилдөөнүн экинчи фазасында Казакстан менен Өзбекстанга экспорттолуп жаткан тирүү малдын жана эттин көлөмдөрүн текшерүү керек эле. Жүргүзүлгөн байкоолордун аркасында тирүү мал менен эттин контрабандасы так уюшулган жана жөнөтүүнүн схемалары мезгил-мезгили менен пайда болуп турган тоскоолдуктарга карабастан үзгүлтүксүз иштейт.

Мүйүздүү ири малды гана ташып кетип жаткандыгын белгилей кетүү керек. Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө Кыргызстандан коңшу Казакстанга жыл сайын **22 273,0 миң АКШ долларынын** суммасындагы мал чыгарылып кетери аныкталган. Эгерде эт рыногун айта турган болсок, ал Казакстанга гана эмес, Өзбекстанга дагы жөнөтүлөт. Жыл сайын Кыргызстандан орто эсеп менен **102 957,6 миң АКШ долларына** эт ташылып кетип жаткандыгы аныкталды.

## КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн баалоо маалыматтары боюнча 2009-жылы Кытайдан импорттоо 1907,6 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми ошол эле учурда расмий статистикада кытай импорту 623,6 млн. АКШ долларынын көлөмүндө белгиленген (изилдөөнүн маалыматтарынан 3,0 эсе аз). Кытайдан импорттоонун көлөмү 2010-жылдын 9 айы үчүн изилдөөнүн маалыматтары боюнча 977,1 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми расмий маалыматтар боюнча каралып жаткан көрсөткүч 416,3 млн. АКШ долларын түзгөн (изилдөөнүн маалыматтарынан 2,3 эсе).

Ошондой эле 60 пайызга жакын кытайдан импорттолгон товарлар андан ары чек арага жакын райондорго жана Россияга реэкспорттолот. Калган 40 пайызы КРдин калкы тарабынан керектелет же кайра иштетилип, башка өлкөлөргө экспорттолот (мисалы, цехтерде кийим тигүүгө пайдалануучу кытайдын кездемелери).

Үй жаныбарларын жана этти сатуу рыногун изилдөө процессинде продукциянын олуттуу өлчөмү коңшу өлкөлөрдүн территориясына, алып айтканда, Казакстан менен Өзбекстанга чек арадан расмий каттоодон өтпөстөн ташылып кете тургандыгы аныкталды. Мындай жагдай сөзсүз түрдө расмий статистиканын маалыматтарын олуттуу түрдө бузууларына алып келет. Изилдөөлөрдүн маалыматтары расмий статистиканын маалыматтарынан үй жаныбарлары боюнча – 10-12 эсе, эт боюнча миңдеген эсеге ашып кетти.

**УОК 330.341.46:330.2(575.2)**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ШАРТЫНДА КОББ-ДУГЛАСТЫН СТАНДАРТТУУ ӨНДҮРҮШТҮК ФУНКЦИЯСЫНЫН КОЛДОНУЛУШУ

Козубеков Азат Айбекович

*Макалада Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясына негизделген Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн анализине мамиле баяндалат. Макала Кыргызстандын экономикасынын шартында өндүрүштүн факторлорунун (эмгек жана капитал) жана өндүрүштүн көлөмүнүн ортосундагы функционалдык байланыштын табиятын ачып берет. Мындан тышкары, республикадагы экономикалык өсүүнүн "фактордук" структурасы ачылат. Көрсөтүлгөн мамиле реалдуу сектордун ар кандай максаттары үчүн пайдаланыла алат, алынган тыянактарды стратегиялык документтерди иштеп чыгууда пайдаланса болот.*

*This paper describes an approach to the analysis of economic development in Kyrgyzstan, which is based on the Cobb-Douglas's production function. The article reveals the nature of the functional binding between production factors (labor and capital) and the volume of production in the Kyrgyz economy. In addition, disclosed "factor" structure of economic growth in the republic. This approach can be used for different purposes of analysis of the real sector, the findings can be used in the development of strategic documents.*

***Негизги сөздөр: Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясы, ички дүң продукт (ИДП), эмгек (жумушчу күч). Капитал (негизги капитал), эмгектин өндүрүмдүүлүгү, фактордук структура, эң кичине квадраттардын методу (ЭККМ).***

## КИРИШҮҮ

Өндүрүштүк функциялардын теориясынын келип чыгышын 1928-жылга, америкалык окумуштуулар П. Дуглас менен математик Ч. Коббдун "Өндүрүштүн теориясы" аттуу макаласы пайда болгон күнгө байланыштырышат. Бул макалада эмпирикалык жол менен АКШнын иштетүү өнөр жайындагы чыгарылган продукциянын көлөмүнө чыгымдалган капиталдын жана эмгектин таасирин аныктоого аракет жасалган.

Биздин мисалда биз өндүрүш факторлору менен (эмгек жана мүлктүк капитал менен) өндүрүштүн көлөмүнүн Кыргызстандын экономикасынын шартындагы функционалдык байланышынын табиятын ачабыз. Өндүрүштүн факторлорунун динамикасы менен өндүрүштүн көлөмүнүн (ИДП) ортосундагы ачык айкын байланышты ачуудан тышкары, бизди Кыргызстандын экономикасынын өсүүсүнүн "*факторлук*" структурасы кызыктырат, анткени көп учурларда стратегиялык документтерди иштеп чыгуучулардын алдында көп учурларда стандарттык ресурстук чектөөлөрдү, жана ошондой эле экономикадагы орун алган бузууларды эске алуу менен коомдук жыргалчылыкты кантип максималдаштыруу керек, деген проблема турат. Кыргызстандын экономикасы үчүн өндүрүштүк функцияны эсептөө экономикалык өсүүнүн табиятын ачат, негизги системалык проблемаларды көрсөтөт жана Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн эффективдүү стратегиясын иштеп чыгуу боюнча кошумча инструмент катары кызмат кылат. Бул иш ошондой эле өндүрүштүк функциянын стандарттуу формуласын колдонуусун алынган натыйжаларды Кыргызстандын экономикалык реалиялары менен салыштыруунун негизинде баалайт.

## 1. Негизги божомолдоолор

Даярдык боюнча иштерди жүргүзүү этабында эң көп убакыт анализ үчүн салыштыруучу маалыматтарды издөөгө кетирилгендигин белгилей кетүүбүз керек, ал

эми статистиканын кемчилдиктиги аткарылган иштин жүрүшүндө негизги проблема болду. Өндүрүштүк функцияны эсептөө үчүн төмөнкү маалыматтар пайдаланылды:

– 1990-жылдан 2010-жылга чейинки иш менен камсыз болгон калктын саны (булак – КР Улуттук Статистикалык Комитети (УСК);

– 1990-жылдан 2010-жылга чейинки ИДП нын көлөмү 2000-жылдын туруктуу баалары менен (КР УСК маалыматтарынын негизиндеги өздүк эсептөөлөр);

– 1992-жылдан 2010-жылга чейин негизги капиталга инвестициялар 2000-жылдын туруктуу баалары менен (КР УСК маалыматтарынын негизинде).

Статистиканын жетишпегендиктерин эске алуу менен айрым учурларда анализ үчүн параметрлер катары төмөнкү жол берүүлөр кабыл алынды:

– 1990-жылдан 1992-жылга чейин негизги капиталдын наркы ИДПнын эки эселенген көлөмү катары алынды;

– негизги капиталдын амортизациясынын деңгээли бардык мезгил үчүн 8,0 пайыз болуп алынды;

– 1993-жылдан негизги капиталдын наркы төмөнкүдөй эсептелди: *жылдын аягындагы негизги капиталдык калдыктуу наркы + негизги капиталга инвестициялар*.

## 2. Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясын баалоо.

Мына ошентип, кабыл алынган жол берүүлөр менен маалыматтардын тизилген катарлары Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясынын параметрлерин баалоого мүмкүндүк берет:

$$Y = AK^{\alpha}L^{\beta},$$

бул жерде

Y – чыгаруунун көлөмү

A – өндүрүштүн факторлорунун бирдиктүү өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү;

K – негизги капиталдын наркы;

L – жумушчу күч;

α – чыгаруунун капитал боюнча эластикалуулугу;

β – чыгаруунун эмгек боюнча эластикалуулугу.

Продукцияны чыгаруунун эластикалуулугу капитал жана эмгек боюнча тиешелүү түрдө α менен βга барабар. Бул капиталдын (K) чыгымдарын 1 пайызга көбөйтүү продукцияны (Y) чыгарууну α пайызга өсүшкө алып келет, ал эми эмгектик (L) чыгымдарды 1 пайызга көбөйтүү чыгаруунун өсүшүн β пайызга алып келет. Төмөнкүдөй божомолдоо туура болот:

– өндүрүштүк факторлорунун чыгымдары менен чыгаруунун көлөмүнүн ортосунда дайыма түз пропорционалдуу көз карандылык болгондуктан α жана β терс эмес чоңдуктар болушат;

– эгерде α жана β суммасында бирге барабар болсо, анда бул өндүрүштүн масштабынан туруктуу эффектиси жөнүндө айтылат. (K жана L пропорциясындагыдай эле Y көбөйөт);

– эгерде α жана β суммасында бирден ашса, анда функция өндүрүштүн масштабынан көбөйүүчү эффектке ээ болот деп айтышат (бул эгерде K жана L кандайдыр бир пропорцияда көбөйсө, анда Y чоң пропорцияда өсөт);

– эгерде α жана β суммасы бирден аз болсо, өндүрүштүн масштабынан азайуу эффектиси орун алат (K менен Lге караганда Y азыраак пропорцияда көбөйөт).

Бул жерде, мындай функцияны колдонуу боюнча бир катар проблемалар бар экендигин айта кетүү керек, айрыкча ал экономика үчүн толугу менен пайдаланган

учурларда. Алып айтканда, продукцияны чыгаруу менен өндүрүштүк жабдуу жана эмгектин ортосунда өндүрүштүк процессте технологиялык көз карандылык болгон учурларда дагы, көрсөтүлгөн факторлор бүтүндөй экономиканын масштабында комбинацияланса дагы ушундай көз карандылыктын болушу таптакыр милдеттүү эмес. Экинчиден, экономика үчүн мындай көз карандылык жалпысынан орун алган болсо дагы, ал жөнөкөй формага ээ болот дегенге эч кандай негиз жок.

### 3. Параметрлерди баалоо

Биздин окуяда биз Кыргызстандын экономикасындагы өндүрүш факторлору менен чыгаруунун көлөмүнүн ортосундагы өз ара байланыш Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясынын классикалык түрү менен баяндалат деген божомолдоодон сөз кылабыз. Өндүрүштүк функцияны куруу учурунда A, α жана β параметрлерин түз сызыктуу регрессиялык анализдин жардамы менен эң кичине квадраттар методу (ЭККМ) боюнча баалоого болот:

1. Кобба-Дугластын өндүрүштүк функциясы логарифмирлөө аркылуу линиялык тилкеге (түргө) алып келет:

$$Ln(Y) = Ln(A) + \alpha Ln(K) + \beta Ln(L)$$

2. Eviews 5.0. эконометрикалык топтомдо эң төмөнкү квадрат ыкмасын ишке ашыруу менен төмөнкүдөй баа берүүлөргө ээ болобуз:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Dependent Variable: LOG (GDP) | | | | |
| Method: Least Squares | | | | |
| Date: 06/06/11 Time: 10:10 | | | | |
| Sample: 1990 2010 | | | | |
| Included observations: 21 | | | | |
| Variable | Coefficient | Std. Error | t-Statistic | Prob. |
| LOG(K) | 0.586368 | 0.102078 | 5.744298 | 0.0000 |
| LOG(L) | 2.047380 | 0.117652 | 17.40203 | 0.0000 |
| C | -11.19328 | 1.654412 | -6.765718 | 0.0000 |
| | | | | |
| R-squared | 0.944486 | Mean dependent var | | 11.19514 |
| Adjusted R-squared | 0.938318 | S.D. dependent var | | 0.216140 |
| S.E. of regression | 0.053680 | Akaike info criterion | | -2.879983 |
| Sum squared resid | 0.051868 | Schwarz criterion | | -2.730766 |
| Log likelihood | 33.23983 | F-statistic | | 153.1222 |
| Durbin-Watson stat | 1.112925 | Prob(F-statistic) | | 0.000000 |

3. Алынган баалардын негизинде Кыргызстандын экономикасынын шарттарында эсептелген өндүрүштүк функциясын чыгарууга болот:

$$Ln(Y) = -11.1938 + 0.58637Ln(K) + 2.04738Ln(L)$$

4. Алынган моделди экспонирлеп, Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясынын классикалык көрүнүшүн алабыз:

$$Y = 0{,}000014 * K^{0{,}58637} * L^{2{,}04738}$$

### 4. Натыйжаларды интерпретациялоо


Алынган моделде масштабдан өсүп жаткан эффект байкалат, анткени α жана β 1ден ашат (2,6337) барабар. Бул эгерде K жана L кандайдыр бир пропорцияда көбөйсө/төмөндөсө, анда Y чоң пропорцияда өсөт/төмөндөйт. Эмгек боюнча (β) чыгаруунун көлөмүнүн эластикалуулугунун жогорку көрсөткүчү Кыргызстандын ИДП өндүрүшүнө эмгектин тартылышынын жогорку деңгээлин күбөлөндүрөт, башкача айтканда, Кыргызстандын экономикасы эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн төмөнкү көрсөткүчүндө эмгек сыйымдуу (эмгекти көп талап кылат) болуп эсептелинет (A=0,000014). Алынган баалар көпчүлүгүндө олуттуу үлүш айыл чарбасына келген Кыргызстандын экономикасынын тармактык структурасы менен түшүндүрүлүшү мүмкүн:

– ИДПдагы айыл чарбасынын үлүшү (2009-жылдын жыйынтыгы менен) – 18,8 пайыз;

– айыл чарбасында иштегендердин үлүшү (2009-жылдын жыйынтыгы менен) – 34,2 пайыз.

Мындан тышкары, өндүрүштүн капитал жана эмгек боюнча эластикалуулугунун алынган параметрлеринин негизинде биз Кыргызстандын экономикасынын өсүшүнүн "*фактордук*" структурасын эсептей алабыз:

**1-сүрөт. Кыргызстандын ИДПсынын фактордук структурасы, пайыздар**




Бул жерден биз экономикалык өсүштүн чоң бөлүгү эмгек ресурстарынын салымынын эсебинен камсыз кылынгандыгын көрүп турабыз, жана акыркы гана жылдары (2007-жылдан тартып) негизги капиталдын наркынын өсүшүнүн эсебинен оң салым белгиленген (ири инфраструктуралык долбоолорду ишке ашыруунун эсебинен: "Камбар-Ата – 2" ГЭСинин курулушу, автожолдорду куруу жана реконструкциялоо ж. б.). Бул учурда эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн факторунун салымы анчалык эмес, көп учурларда терс боюнча кала берет.

Алынган модель капиталдын (K) жана жумушчу күчүнүн (L) күтүлүп жаткан деңгээлдеринде ИДПнын келечектеги маанилерин болжолдоо үчүн пайдаланышы

мүмкүн. Эгерде азыркы күндөлүк кырдаал өзгөрүлбөсө эмне болот: көрсөтмөлүү алынган ИДПнын өсүшүнүн "*фактордук*" структурасы 2 сүрөттө көрсөтүлгөн:

**2-сүрөт. ИДПнын[1] өсүшүнүн фактордук структурасы, пайыздар**




ИДПнын өсүшүнүн фактордук структурасынын алынган божомолу эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн өзгөрүлбөгөн темптери жана негизги капиталга инвестициялардын күндөлүк көлөмдөрүн сактоо жөнүндөгү болжолдоолордун негизинде эсептелген. Бул учурда, божомолдоого эмгекке жарамдуу калктын табигый азайышы боюнча болжолдоолор киргизилген, бул акыркы жыйынтыгында экономикалык өнүгүүдөгү сенектикке алып келет.

Жогоруда айтылганды эске алуу менен, эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнө багытталган реформалардын зарылдыгы жөнүндө тыянак жасоого болот. Өлкөнү өнүктүрүүнүн кадамдык стратегиясы артыкчылыктуу багыттарды камтуусу керек, ал эми акыркы жыйынтыгында реформалардын стратегиялык максаты болуп Кыргызстандын экономикасынын илим жана капитал сыйымдууу тармактарын өнүктүрүү болуп калышы керек.

## КОРУТУНДУ

Макалада сунуш кылынган модель Кыргызстандын шарттары үчүн ылайыкталган жана анализдин кошумча инструменти болуп эсептелинет. Модель экономиканын өнүгүүсүн баяндаган фундаменталдуу экономикалык көрсөткүчтөргө таянат. Бул учурда моделдин параметрлери негизги капиталдын алгачкы наркынын болжолдуу (эксперттик) баалоолорунун, жаңы фонддорду киргизүүнүн жана негизги капиталдын чыгуу коэффициентинин негизинде алынгандыгын эске алуу керек. Натыйжада моделдин реалдуу параметрлери алынган баалардан олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Жогоруда көрсөтүлгөн натыйжаларга ошондой эле этияттыктын бир кыйла үлүшү менен мамиле кылуу зарыл, мисалы, стандарттуу функция "А" коэффициентинин өзгөрүлүшүн болжолдобойт. Бирок, Кыргызстандын шарттарында өндүрүштүн факторлорунун бирдиктүү өндүрүмдүүлүгү өндүрүштүк мамилелердин системасындагы транформациялык жылыштардын таасири астында

[1] Жумушчу күчтүн божомолдуу салымы Population Projections: Kyrgyz Republic (United Nations, 2008) экзогендик маалыматтардын негизинде эсептелген.

өзгөрүлүшү мүмкүн. Мына ошентип, сунуш кылынган мамиле Кыргызстандын экономикасынын шартында Кобб-Дугластын өндүрүштүк функциясынын колдонулушун гана көрсөтөт.

Мындан ары баяндалган мамилени төмөнкүлөрдү эске алуу менен ийине жеткирүү пландаштырылып жатат:

– өндүрүштүк функцияны эконометрикалык баалоонун параметрлерин кайра карап чыгууну;

– ар бир тармак үчүн өзүнчө өндүрүштүк функцияны эсептөөлөрдү жана жалпы экономика үчүн өндүрүштүк функциянын агрегатталган баасын алууну;

– негизги капиталдын наркынын параметрлерин кайра баалоону.

**АДАБИЯТ**

1. Доугерти К. эконометрикага киришүү: Окуу куралы. 2-басылыш/англис тилинен котормо – М.: ИНФРА-М, 2004 – 432 б.

2. КР УСК Маалыматтар базасы (http://www.stat.kg).

3. Cobb C., Douglas P., (1928), “A Theory of Production”. American Economic Review 18 (Supplement): 139-165.

4. UN Population Projections: Kyrgyz Republic (http://www.un.org/esa/population/publications/wpp2008/wpp2008_text_tables.pdf).

**УОК 336.77.01 (0.072)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНДАГЫ КОММУНИКАЦИЯЛЫК САЯСАТ АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫНЫН ЭЛЕМЕНТИ КАТАРЫ [1]

Сейитов Чоро Сейтович

Айдарова Алтынай Канатбековна

*Бул эмгек Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын малыматтык саясатынын анализин көрсөтөт. Эмгек берилген тематика боюнча теоретикалык серепти, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын күндөлүк ишмердигинин анализин жана башка өлкөлөрдүн малыматтык саясатынынын баяндамасын камтыйт.*

*The given working paper represents the communication policy analysis of the National Bank of the Kyrgyz Republic. The working paper includes theoretical survey on the given subject, analysis of the current practice of the National Bank of the Kyrgyz Republic and the communication policy's review of central banks of other countries.*

***Негизги сөздөр: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, акча кредит саясаты, коммуникация политикасы, ачыктык жана транспаренттүүлүк.***

## КИРИШҮҮ

Бүгүнкү күндө бир да бизнес процесс же экономикалык агенттер аны эске алуусуз албаган.

Ал эми бул учурда мамилелердин экономикалык системасы үчүн төмөнкүлөр маалымат катары эсептелет:

– убакыт ичинде анын абалынын өзгөрүү процессинин аныксыздыгын азайтса;

– объекттер жана көрүнүштөр жөнүндө так эмес маалыматты четке какса;

– билдирүүнүн натыйжасында аныксыздыкты азайтса.

Маалыматтарды өз убагында жана так сунуштоо маселеси маалыматтык экономиканын өнүгүүсү менен улам кыйындап барууда. Борбордук банктын маалыматтык саясаты акча-кредит саясатынын маанилүү элементи катары саналышы мүмкүн, ал рынокко кандай белги берсе, жүргүзүлүүчү саясатка карата ишенимди жогорулатуу үчүн да ошондой эле, негиздерди жарата алат.

Алдыңкы борбордук банктардын тажрыйбалары акыркы он жыл ичинде кыйла жогорку ачык-айкындуулуктун жана транспаренттүүлүктүн артыкчылыктарын тастыкташууда. Ошол эле учурда, ачык-айкындуулуктун оптималдуу деңгээлин аныктоо али да болсо татаал, анткени ар бир өзүнчө өлкө жана өнүгүүнүн деңгээли үчүн идивидуалдуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, башка борбордук банктардын көз карандысыздык, ачык-айкындуулук, отчёт берүү сыяктуу негизги инструменттерине формалдуу түрдө ээлик кылат. Ошондой болсо да, бул саясат кыйла көбүрөөк формалдуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда, рынокко сунушталуучу маалыматтын ал үчүн канчалык баалуу экендигине баа берилбейт. Бул баары иштеп чыгуу жана үйрөнүү талап кыланат.

[1] Бул эмгекти даярдоодо авторлор кесиптештеринин колдоосуна жана түшүнүүлөрүнө таянышты, жана алардан алган жардам үчүн ыраазычылыгын билдирип коюу аларга жагымдуу. Өзгөчө ыраазычылыкты Абдыбалы тегин Суеркулга, Урустемов Сейилбекке жана Имаралиева Насибага билдиргибиз келет.

## ТЕОРИЯЛЫК БАЯНДАМА

### 1.1. Коммуникациялык саясат эмне үчүн зарыл?

Борбордук банктын коммуникациялык саясаты эки карама-каршы көз карашка ээ. Биринчиси маалыматтын толук ачык-айкындуулугун жана транспаренттүүлүгүн түшүндүрсө, экинчиси – аны сунуштоонун кыйла чектелгендигин түшүндүрөт. Тигил же бул борбордук банк үчүн бул саясаттын кайсынысы кыйла оптималдуу деген суроого дале жооп табыла элек. Ошондой болсо да, ыкмаларды тандоо, көбүнчө, жүргүзүлүүчү акча-кредит саясаттын мүнөзүнө жараша болот.

Биринчи ыкма борбордук банктын акча-кредит саясатын мурда белгиленген эрежелер (policy rule) боюнча жүргүзүүсүн болжолдойт. Ал эми бул учурда акча-кредит саясатынын операциялык инструменти ачык-айкын макроэкономикалык өзгөрүүлөргө (инфляция, иш менен камсыз болуу, экономикалык өсүш), алардын максаттуу ориентирлерден четтөөсүнө көз каранды, бул Тэйлордун же МакКаламанын эрежелеринде чагылдырылган.

Дискрециондук саясат (discretionary policy) экономикалык саясаттын башка стратегиясы болуп саналат. Бул ыкма акча-кредит бийликтеринин эркин аракеттерине негизденет жана саясаттын инструменттеринин динамикасы алардын күндөлүк же мурдатан түптөлгөн экономикалык жагдайга баа берүүлөрүнө (анын ичинде субъекттивдүү) көз каранды болот. Бул контексте борбордук банктын акыркы он жыл ичинде жоюлган конструктивдүү аныксыздык позициясы («constructive ambiguity») кеңири берилген.

Биринчи эле кароодо көрүнүп тургандай, макроэкономикалык өзгөрүүлөр экономикалык агенттердин субъекттивдүү баа берүүлөрүнүн жана күтүүлөрүнүн таасири астында турушат. Борбордук банк, аларга кыйыр түрдө, анын ичинде коммуникациялардын жардамы аркылуу таасир этүү менен өз саясатынын таасирин макроэкономикалык өзгөрүүлөрдүн бүтүндөй катарына күчөтө алат. Алсак, макроэкономика теориясында жүрүм-турум аспектилерине жана микроэкономикалык параметрлерге, мисалы, агенттердин инфляциялык күтүүлөрүнө көбүрөөк көңүл бөлүнөт. М. Вудфорд (2001), Кальвонун оптималдуу баа түзүлүшүнүн үлгүсү микродеңгээлде[2], агрегирленген суроо-талаптын үлгүсү төмөнкү формада берилээрин көрсөткөн:

$$\pi_t = k(y_t - y_t^n) + \beta E_t \pi_{t+1},$$

мында, $\pi_t$ – баалардын убакыттын өтүп жаткан учурундагы деңгээли, $y_t$ – айкын ИДП, $y_t^n$ – тең салмактуу ИДП, $E_t\pi_{t+1}$ - $t$ убакыт учурунда экономикалык агенттерге жеткиликтүү маалыматка көз каранды болгон, убакыттын кийинки учурунда күтүлүп жаткан инфляция, $k$ – өзгөрүлмө ($k > 0$), $\beta$ – өзгөрүлмө ($0 < \beta < 1$).

Дагы бир мисал болуп, пайыздык чендердин убактылуу түзүмү жөнүндөгү теория саналат[3], буга ылайык экономикадагы узак мөөнөттүү пайыздык чендер келечектеги кыска мөөнөттүү пайыздык чендердин субъекттивдүү күтүлүп жаткан маанилерине көз каранды, башкача айтканда формалдуу түрдө бул теория Блайндердики (Blinder A., etc.,2008) сыяктуу берилиши мүмкүн:

$$R_t = \alpha_n + (1/n)(r_t + r_{t+1}^e + r_{t+2}^e + ... + r_{t+n-1}^e) + \varepsilon_t,$$

мында, $R_t$ – $t$ убакытынын учурундагы узак мөөнөттүү пайыздык чен, $r_t$ – кыска мөөнөттүү инструменттер боюнча күндөлүк пайыздык чен, $r_{t+n}^e$ – экономикалык

[2] M. Woodford “Monetary Policy in the Information Economy”, 2001.
[3] Мисалга алсак, Russel (1992), FRS of St. Louis ишинде ачып көрсөтүлөт.

агенттердин n-мезгилдеги кыска мөөнөттүү инструменттер боюнча пайыздык чендер жөнүндө күтүүлөрү, $\alpha_n$ – сый-акы.

Экономикалык агенттер акча-кредит саясатынын өзгөрүүсү менен бир эле учурда (көбүнчө ага чейин) пайыздык чендердин, инфляциянын жана бүтүндөй экономиканын боло турган динамикалары жөнүндөгү субъекттивдүү күтүүлөрдү корректировкалашат. Күтүүнүн компоненттерин эске алуусуз жүргүзүлгөн акча-кредиттик саясат толук эмес болуп саналат жана өз натыйжаларын бирдиктүү баалай албайт. Алсак, рынок ишеним көрсөтө турган максаттуу багыттарды белгилөө жана экономиканын негизги параметрлеринин болжолдоолорун билдирүү аркылуу субъекттердин күтүүлөрүн корректировкалоо, эки негизги мейкиндик болуп саналат, алар борбордук банктан алынган так маалыматтар менен толтурулууга тийиш. Кризистин орун алышы менен борбордук банктар алар тарабынан көрүлүп жаткан чараларды жана жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүүлөрүн жалпыга маалымдоо каражаттарына кеңири жайылта башташы – мунун ачык мисалы.

Борбордук банктын ишинин ачык-айкындуулугун бир нече тармакка бөлүшөт. Транспаренттүүлүктүн бул классификациясы П. Гераатстын (2001) эмгегинде чагылдырылган.

*Саясий транспаренттүүлүк* борбордук банктын иш максатын, анын сандык ориентирлерин коюу учурундагы ачык-айкындуулугун болжолдойт. Улуттук банктын саясатында максаттуу багыттарды расмий билдирүү толук көлөмдө берилген, ошондой болсо да, бул максаттуу ориентирлер, тажрыйба көрсөткөндөй, экономикалык жагдайдын өзгөрүшүндө жыл ичинде өзгөрүүсү мүмкүн. Мындай ыкма саясаттын убактылуу келишпестиги («time inconsistency») сыяктуу терс натыйжаларга дуушар кылып жана узак мөөнөткө каралган мезгилде инфляцияны кыйла жогорку деңгээлге жеткириши мүмкүн.

Борбордук банктын максаттуу көрсөткүчүн анын мезгил-мезгили менен берилип туруучу прогноздук маанилеринен айырмалоо зарыл. Прогноздор максаттуу ориентирден олуттуу четтеп кетиши мүмкүн. Коомчулукту максаттуу ориентирдин сыяктуу эле, маалыматтарды иштеп чыгуунун башка параметрлеринин, үлгүлөрүнүн жана ыкмаларынын болжолдолуучу деңгээли жөнүндө маалымдоо, *экономикалык транспаренттүүлүктүн* элементи болуп саналат. Борбордук банктардын көпчүлүгү бул контексте жогорку деңгээлде ачык-айкын берилген: алсак, үлгүлөрү, экономикалык маалыматтары жана акыркы болжолдору ачып көрсөтүлөт.

*Процедуралык транспаренттүүлүк* монетардык бийлик тарабынан акча-кредиттик стратегия маселелерин талкуулоонун жүрүшүндө маалыматтын ачык айкын сунушталышын болжолдойт, анын натыйжасында пресс-релиз, эрежедегидей эле, кабыл алынган чечимди, тигил же бул чечимдин кабыл алынышынын себептерин, добуш берүүчүлөрдүн аты-жөнүн көрсөтүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана башкаларды толук баяндап жазуу менен кыска мөөнөттө чыгарылат.

Кийинки баскыч өткөрүлгөн иш-чаралардын транспаренттүүлүгүнүн бөлүгү болуп саналат. Бул учурда, ачык-айкындуулукка, алдыда көрүлүүчү чаралар жана акча-кредит саясатынын *тиги же бул инструменттеринин динамикасы жөнүндө коомчулукка маалымдоо,* мисалы, алдыда турган мезгилге карата максаттуу ориентрлер жана акча-кредит саясатынын чаралары жөнүндө расмий билдирүү аркылуу жетишилет.

Акча-кредиттик операцияларды жүргүзүү процессинде түздөн-түз *операциялык транспаренттүүлүк* келип чыгат.

Ошондой болсо да, бүтүндөй коммуникациялык саясат экономикалык агенттер маалыматты шайкеш абсорбациялоого жөндөмдүү болгон шартта гана мааниге ээ экендигин белгилей кетүү зарыл. Башкача айтканда, коммуникациялык саясат

билдирүүлөрдүн формасында гана эмес, коомчулук менен натыйжалуу байланышуу формасында болууга тийиш. Борбордук банктын маалыматы рынок тарабынан шайкеш кабыл алынган шартта гана, коммуникациялар таасир этүүнүн экономикалык инструменти болуп саналат жана калктын күтүүлөрүнүн түптөлүшүнө таасирин тийгизиши мүмкүн деп айтууга болот. Ал эми бул учурда, маалыматтын көптүгү – жакшы дегенди билдирбейт.

### 1.2. Ыкмалардын плюстары жана минустары

Жогоруда белгиленип кеткендей эле, коммуникациялык саясатка карата ыкмаларды эки түргө бөлүп кароого болот: маалыматтарды кеңирирээк ачып берүү саясаты жана маалыматтарды чектелген түрдө сунуштоо саясаты.

Банк, өз чечимдери менен рынокту «таң калтыра» алган учурда («surprise») гана борбордук банктын саясаты натыйжалуу болот деген идея, маалыматтарды чектелген түрдө сунуштоонун негизги аргументи болуп саналат. Бул, Борбордук банктын болжолдонгон чаралары рынок тарабынан буга чейин күтүлбөсө анда, Борбордук банк өзүнүн рынокко чыгуусу жөнүндө мурда жарыялагандыгына караганда, зарыл болгон натыйжаларга жетүү үчүн бир аз көлөмдөгү интервенцияларды жүргүзүү жетиштүү, башкача айтканда экономикалык агенттердин күтүүлөрүнө корректировкалар болбойт дегенди туюндурат. Акча-кредит саясатынын күтүлүп жаткан чаралары жөнүндө саясат алып-сатарлык максаттар үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Бул стратегияны тандоо, кандайдыр бир деңгээлде борбордук банкка да ыңгайлуу, анткени, максат ишке ашпай калган шартта жоопкерчиликтен баш тартуу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Транспаренттүүлүктүн жогорулашы инфляциялык жылышуунун төмөндөөсүнө өбөлгө түзөт (Blinder A., etc., 2008).

Бул ыкма жакында эле белгилүү болду, ошондой болсо да маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана экономикалык агенттердин экономикалык билимдерин тереңдетүү чаралары боюнча, борбордук банктын иш-чаралары жөнүндө маалымат кайсы учур болбосун рынокко белгилүү болот. Ушундан улам борбордук банктын тиги же бул чечими агенттер үчүн таң каларлык эмес. Мындан тышкары, бул, акча-кредит саясаттын эффективдүүлүгүндө аныктоочу фактор экендиги бир кыйла талаш-тартышты туудурат. М. Вудфорд (2008) бул маселе боюнча толук иликтөөлөрдү жүргүзгөн, анын натыйжалары транспаренттүүлүк саясатынын маалыматтык ачык-айкын экономикада кыйла шайкештигин тастыктап турат.

Акыркы он жыл ичинде борбордук банктардын көпчүлүгү саясатын кыйла транспаренттүүлүк жагына өзгөртүшкөн, бул бир жагынан ушул ыкманын зарыл экендигин айгинелеп турат. Мындай тандоонун чечүүчү фактору болуп, саясаттын рыноктун шайкеш күтүүлөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөөрү, демек акча-кредит саясатынын натыйжалуулугу жогорулай тургандыгы саналган. Субъекттердин күтүүлөрү, табигый түрдө күндөлүк экономикалык тенденцияларды корректировкалай алат, ал тургай келечекте акча-кредит саясатынын эч кандай чараларын кабыл алуу талап кылынбайт. Мындан тышкары, пайыздык чендердин убактылуу теориясына ылайык, монетардык саясат кыска мөөнөттүү пайыздык чендерге гана түздөн-түз таасирин тийгизе алат, ал эми узак мөөнөттүүлөргө таасир этүүсү дээрлик жокко эсе же өтө эле начар. Чындыгында, экономикалык теория көз карашынан алганда акыркысы, фирмалардын жана үй чарбаларынын аманаттары, инвестициялары жана керектөөлөрү жөнүндө чечимдерди аныктайт. Ошол эле учурда, ушул теорияга ылайык узак мөөнөттүү пайыздык чендер кыска мөөнөттүү чендер менен, бирок алардын күндөлүк мааниси менен эмес, өз кезегинде борбордук банк тарабынан калыптанган кыска мөөнөттүү чендердин келечектеги динамикасы жөнүндө күтүүлөр менен

аныкталат. Экономикалык субъекттердин алдыдагы экономикалык жагдай жөнүндө күтүүлөрү алардын күндөлүк иш-аракетин аныктайт.

Ачык-айкын саясат борбордук банктардын коомчулук алдындагы жоопкерчилигин күчөтөт жана борбордук банктын алгылыктуу абройго ээ болушуна өбөлгө түзө тургандыгы да, кыйла ачык-айкындуулуктун пайдасына кошумча плюс болуп саналат.

А. Кукермандын (1992) ишинде көрсөтүлгөндөй, борбордук банк жумуштуулукту жогорулатууга караганда, баалардын туруктуулугун камсыз кылууга канчалык көп көңүл бөлсө, ал «күчтүү банк» катары абройго ошончолук тезирээк ээ болот. Бул контексте борбордук банк, өзүн инфляция менен активдүү күрөшкөн институт катары көрсөтүүгө тийиш. Борбордук банктын «таң калтыруулары» регуляторго карата ишенимдин жоголушуна жана анын аброюунун төмөндөөсүнө алып келет. Мында, акча-кредиттик регулятордун максаттары жөнүндө билдирип коюу жетишсиз, коом борбордук банктын мүмкүнчүлүктөрүн таануу менен ага ишенүүсү зарыл.

Жогоруда көрсөтүлгөн эмгекте акча-кредиттик саясаттын регуляторунун максаттуу функциялары төмөнкү функция боюнча берилиши мүмкүн:

$$\upsilon(\pi, \pi^e) = A(\pi - \pi^e) - \frac{\pi^2}{2}, \quad A > 0$$

мында, $\pi$ жана $\pi^e$ тиешелүүлүгүнө жараша айкын жана күтүлүп жаткан инфляцияны түшүндүрөт. Интуитивдүү түрдө, бул функция төмөнкүчө интерпретацияланышы мүмкүн: экономикада номиналдык катаалдыктар орун алган шартта, эгерде акча-кредит саясатынын чаралары контролдонуучу, бирок күтүүсүз инфляцияга («surprise inflation») алып келсе, регулятор, экспансиондук саясатты жүргүзүү менен өз максаттарына оңой жетише алат. Бул фактор баштапкы функцияда туюндурулган, башкача айтканда ал экономикалык агенттердин күтүүлөрүнүн инфляциянын айкын маанилеринен четтөсүндө чагылдырылган.

Акча-кредит саясат эки шартта жүргүзүлүшү мүмкүн:

Монетардык саясат төмөнкү шарттарда жүргүзүлүшү мүмкүн: (а) маалыматка толук жетишүүнүн жана ээ болуунун шарттарында жана (б) кырдаалдын чыныгы абалына толугураак жооп бере турган маалыматтык асимметрияда.

Мурда билдирилген максаттарга жетишкен регуляторду А. Кукерман «күчтүү» саясатчы катары аныктайт. Ал эми саясатчы белгилүү бир учурларда гана максатка жетүү зарыл деп санаса жана анын аракеттери жасалган билдирүүлөргө байланышпаса, анда мындай регулятор «начар» катары аныкталат.

Үлгү көрсөткөндөй эле, регулятордун эки түрү үчүн кыйла оптималдуу стратегия болуп, инфляциянын максаттуу деңгээлин расмий билдирүү саналат. Ушул эле учурда, «күчтүү» саясатчыга инфляциянын нөлдүк деңгээлин билдирүү жана ага жетишүү, маалыматтан толук пайдалануу мүмкүнчүлүгү шартында ыңгайлуу, ал эми маалыматтык ассиметрия шартында регулятордун бул тиби инфляциянын алгылыктуу, бирок дискрециялык саясат жүргүзүлгөн шартта билдирилүүчү маанисинен төмөн маанисине жетүүнү максат кылып коет. Максаттарды билдирүү жана аларга жетүү агенттерде мындай регуляторлорду «күчтүү» катары кабыл алуусун калыптандыруу менен системага карата ишенимин жогорулатат, бул экономикалык субъекттердин алгылыксыз күтүүлөрүн жана узак мөөнөткө каралган мезгилдеги («inflationary bias») инфляциялык бурмалоолорду жөнгө салууга өбөлгө түзөт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында акча-кредит саясатынын максаттуу ориентирлери ар жылдык негизде берилет. Экономикада күтүүлөрдүн калыптанышына мындай билдирүүлөрдүн таасирин тастыктоо же четке кагуу оңой эмес. Ошол эле учурда бул саясат институттун ишинин ачык-айкындуулугун жана

акча-кредит саясатынын ыраattуулугун камсыз кылат. Инфляциялык таргетирлөөнү (инфляцияны Банк үчүн максаттуу ориентр катары белгилөөнү) жүзөгө ашырган өлкөлөрдө максаттуу багыттарды, болжолдоолорду жана баа берүүлөрдү жарыялоо бул режимдин ажырагыс элементи болуп саналат. Мындай саясат проактивдүү монетардык саясаттын жүргүзүлүшүн болжолдойт, бул акча-кредиттик жөнгө салуучунун ишине кошумча жоопкерчилик жүктөө менен системага контролдук деңгээлин жогорулатат.

Акча-кредит саясатынын операциялык ориентирлерин жана күтүлүп жаткан чараларды купуялуулукка алып келүү, өнүкпөгөн системалар үчүн мүнөздүү. Мындай экономикаларда борбордук банктын күтүүлөрдү түптөөдөгү ролу жогорулайт, анткени мамлекеттик институттар маалыматтын кеңири чөйрөсүнөн пайдалануунун өзгөчө укугуна ээ болуу менен кыйла алгылыктуу баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду түзө алышат. Маалыматтык асимметрия минималдуу болгон системаларда экономикалык агенттердин окуп-үйрөнүү жөндөмдүүлүгү жогорулайт, башкача айтканда экономикалык агенттер бара-бара өз күтүүлөрүн өз алдынча түзө башташат. Ошондуктан чектелген маалыматты сунуштоо саясаты акырындап жоюлууда.

### 1.3. Башка борбордук банктардын тажрыйбалары

Жогоруда белгиленип өткөндөй, борбордук банктар дайым эле биздин көз алдыбыздагы ачык-айкындуулук деңгээлин көрсөтө беришпейт. Ал тургай азыркы учурда да акча регуляторлорунун транспаренттүүлүгү ар кайсы өлкөлөрдө өзгөрүлүп турат. Алсак, бул кыймыл боюнча Жаңы Зеландиянын, Улуу Британиянын, Норвегиянын жана Швециянын борбордук банктары алгачкылардан болуп саналышат. Европа борбордук банкы 1998-жылы түзүлгөн учурдан тартып ачык-айкындуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтүп келүүдө.

1990-жылдарынын ортосунда маламат берүү саясатында өзгөрүүлөр болду. Мисалы АКШнын Федералдык камдык системасы (Blinder A., etc., 2008) (ФКС) үчүн 1994-жылдын февраль айы бурулушка учураган мезгил болуп саналган, мында Операциялар боюнча комитет ачык рынокто чен боюнча чечимдерди федералдык фондуларга жарыялай баштаган. Ал эми ФКСнын отурумунан кийин дароо эле Комитеттин өз атынан добуш берүүсүн жарыялай баштаган.

Кыйла алгылыктуу коммуникациялык саясат Риксбанк тарабынан ишке ашырылууда (2008). Алсак, тиешелүү стратегия банктын Интернет-сайтында кеңири жайгаштырылган. Коммуникациялык саясаттын өзүнчө аспектилери үчүн ар кайсы бөлүмдөр жооп беришет. Стратегия бүтүндөй алганда, банктын жетекчилиги тарабынан аныкталат, ал эми маалыматтык саясаттын алсак, булактар менен тике жана кайтарым байланышты жолго салуу сыяктуу тактикалык бөлүмүнө тиешелүү бөлүмдөр (Секретариат) жооп берет. Башка түзүмдүк бөлүмдөр өз функционалдык милдеттеринин чегинде маалыматтын мазмундук бөлүгүнүн даярдалышына жоопкерчиликтүү болушат, алар андан кийин белгилүү бир форматта рынокко өткөрүлүп берилет. Сунушталуучу маалымат ар бир алуучу үчүн 1-таблицада көрсөтүлгөн эрежелер боюнча берилет.

**1-таблица. Риксбанктын маалыматтык эрежелери**

| № | Эрежелер |
|---|---|
| 1. | Тышкы алуучулар үчүн маалымат эрежелери |
| 2. | Жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн маалымат эрежелери |
| 3. | Ички пайдалануучулар үчүн маалымат эрежелери |
| 4. | Тышкы сайт үчүн маалымат эрежелери |
| 5. | Кризистик маалымат |

Ар бир эреженин өзүнүн төмөнкүдөй структурасы бар: максаты, максаттуу топ, жоопкерчиликтердин деңгээли. Мында, бүтүндөй алганда саясат, маалымат, кайсы

болбосун кызыктар адамга жеткиликтүү жана түшүнүктүү (1) болууга; (2) ар бир максаттуу топ (коомчулук, парламент, финансы рыноктору, жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК), экономикалык институттар) маанилүү жана сый-урматка жана аларга көңүл буруууга татыктуу, ошондой эле белгилүү бир мамилени талап кылат дегенден улам түзүлүүгө тийиш.

Жалпысынан, транспаренттүүлүктү тандаган борбордук банктардын саны көбөйүүдө. Акча-кредит саясатын жүргүзүү учурунда коомчулукту маалымдоонун ролу чоң экендиги түшүнүгү кеңейүүдө. Жарыялоолор, расмий чыгып сүйлөөлөр рынокко маалымат берүүнүн негизги каналы болуп калууда.

### 1.4. Борбордук банктардын жарыялоолору

Борбордук банктар жетекчилердин сүйлөгөн сөздөрү, пресс-релиздер, маалыматты банктын Интернет баракчасы, радио жана теле берүүлөр, мезгил-мезгили менен чыгуучу жарыялоолор, отчёттор жана статьялар аркылуу берүү сыяктуу маалыматтык инструменттердин кеңири чөйрөсү аркылуу коомчулук менен байланыш түзүшөт. Бул инструменттердин ар бири биринчи кезекте, белгилүү бир аудиторияга жана маалыматтын белгилүү бир түрүн ачып көрсөтүүгө багытталган. Натыйжада, монетардык саясаттын ар кайсы аспектилери маалыматтарды, пайдаланылган маалыматтык инструменттердин баяндалыш ыкмасын, деталдаштырылышы боюнча ар кандай деңгээлдерде чагылдырылууга тийиш. Чогуу алгандагы маалыматтык инструменттер негизинен, өлкөнүн бардык аудиториясын, үй чарбачылыгынан финансы рынокторундагы кесипкөй катышуучуларга чейинкини камтууга тийиш.

«Инфляциялык баяндама» же «Акча-кредиттик саясат жөнүндө отчёт» монетардык бийликтердин тиги же бул чечимдеринин себептерин ачып көрсөткөн негизги жарыялоолордон болуп саналышат. Акча-кредит саясатынын максаттарын, стратегияларын жана кабыл алынган чечимдерди тиешелүү маалымат берүү аркылуу түшүндүрүү бул, жарыялоолордун негизги милдети болуп саналат. Бул жарыялоолордо бийликтегилердин чечимдерди кабыл алуудагы системалуу мамилелери байкалып, аналитикалык маалымат жана анын негизинде болжолдоолор түзүлө турган үлгүлөр кеңири ачып көрсөтүлөт, анткени даярдыктан өткөн адис бул үлгүлөргө жана маалыматтарга таянуу менен так маалыматтарды ала алат. «Инфляцияга баяндама» басылмасына 19 өлкөдө иликтөөлөр жүргүзүлгөн, алардын негизинде бул басылмада маалыматтарды кыйла сапаттуу жана толук түрдө берүү рыноктогу аныксыздыкты (Фракасо А. ж. б., 2003) төмөндөтүүгө жана системага карата ишенимди жогорулатууга өбөлгө түзүлөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасын жарыялап келет, анын негизги максаты болуп, кеңири коомчулукту акча-кредит саясатынын максаттары жана натыйжалары жөнүндө тааныштырып туруу саналат. Улуттук банктын жарыялоолору башка өлкөлөрдөгү ушу сыяктуу жарыялоолорго, мазмуну, маалыматтын көлөмү, мезгилдүүлүгү жана башкалары боюнча дал келээрин белгилеп кетсек болот. Ошондой болсо да, кайсы бир параметрлер боюнча, алсак, моделдөөнүн натыйжаларын, болжолдоо чөйрөсүн чагылдырууну жакшыртуу-кеңейтүү жана ex ante анализге көбүрөөк басым жасоо үчүн мүкүнчүлүктөр бар.

### УЛУТТУК БАНКТЫН МААЛЫМАТТЫК САЯСАТЫ

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык «тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу баалардын туруктуулугуна жетишүү жана колдоп туруу» Улуттук банктын максаты болуп саналат. Коомчулукту жүзөгө ашырылуучу иш-чаралар менен тааныштыруу – ар-бир борбордук банктын анын ичинде КРУБдун жүргүзүлүүчү акча-кредит саясатынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Борбордук банктардын транспаренттүүлүгүн классификациялоого кайрылып келүү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына максаттуу багыттарды ачык-айкын белгилөөдө көрүнгөн жогорку *саясий* транспаренттүүлүк мүнөздүү деп белгилей кетмекчибиз. Алсак, Улуттук банк ар бир жылдын акырындагы билдирүүлөрүндө акча-кредит саясатынын максаттуу багыттарын расмий билдирип турат. Улуттук банктын келээрки жылга акча-кредит саясатынын билдирүүлөрүнөн тышкары, Улуттук банк Акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгарат, анда максаттуу багыттардан тышкары, алдыдагы үч жылга карата экономиканы өнүктүрүү перспективалары чагылдырылат.

Улуттук банк өз ишинин максаттарын ачык-айкын аныктоо менен баары бир *экономикалык* транспаренттүүлүктү чектөөдө. Алсак, үлгүлөрдүн өзгөчөлүктөрү, алардын сапаты жана болжолдуу баа берүүлөр жөнүндө маалыматтар көбүнчө ачыкка чыкпай калууда. Ошондой болсо да, бул факт башка институттар жана инструменттер менен альтернативалуу үлгүлөрдү жана болжолдоолорду түзүүгө жолтоо болбойт. Улуттук статистика комитети тарабынан жарыялануучу маалымат базасынан эркин пайдалануу, мындай эсептешүүлөрдү өз алдынча жүргүзүүгө жана жарыялоого мүмкүндүк берет.

*Процедуралык* транспаренттүүлүк Улуттук банктын коммуникациялык саясатында кездешет, бирок ал башка борбордук банктардын тажрыйбасы сыяктуу кеңири берилген эмес. Алдыдагы монетардык саясат жөнүндө маалымат Улуттук банктын тиешелүү пресс-релиздеринде жарыяланат. Бирок, Улуттук банктын пресс-релиздеринин мазмунун башка өнүккөн өлкөлөрдүн ушу сыяктуу жарыялоолору менен салыштырып көргөн учурда бул маалымат, Улуттук банкта өнүгүү сценарийлерин жана болжолдоолорду кеңири чагылдырганга караганда, күндөлүк жагдайга баа берүүнү көбүрөөк камтыйт.

Ошондой эле максаттуу аудиторияны өзүнө тартуу ыкмаларынын бири, Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынан толтурулган протоколдорду жарыялоо болуп саналат. Протоколдорду жарыялоо кеңири коомчулукка анын ичинде финансы-банктык чөйрөгө, биринчиден, чечимдер ички жана тышкы реалийлердин негизинде адистер тарабынан кабыл алына тургандыгын, экинчиден, алардын рыноктук агенттердин аракеттерине симметриялуулугун же асимметриялуулугун көрсөтүп турат.

Көрүлүүчү *чаралардын ачык-айкындуулугу* да, *операциялык* транспаренттүүлүк сыяктуу эле, Улуттук банктын саясатында анчалык так берилген эмес. Алсак, акча-кредит саясаты жагында пландаштырылып жаткан стратегиялык жана тактикалык айрым чечимдер гана коомчулукка сунушталат. Мисалы, коммерциялык банктар Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясынын агрегирленип пландаштырылган көлөмүн гана билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, ал эми акча-кредит саясатынын инструменттеринин башка индикатору боюнча кыйла толук маалыматты банктар албай калышы да мүмкүн.

Бүтүндөй алганда, Улуттук банк тарабынан жүргүзүлүүчү маалыматтык саясат рынок катышуучуларынын күтүүлөрүн калыптандыра тураган көз караштардын, пикирлердин, билимдердин жана баа берүүлөрдүн кеңири спектрин түзүү жана алардын чечимдерине, аракеттерине, ар кандай социалдык топтордун жана институттардын жүргүзүлүүчү жана жайылтылуучу маалымат боюнча кызыгууларын канааттандыруу үчүн кызмат кылат. Мисалы, жетекчиликтин билдирүүлөрү, жарыялоолорду чыгаруу «Коомдук кабылдаманын» жана Улуттук банктын коомчулукка маалымдоого жооп берген түзүмдүк бөлүмүнүн иши, ал эми Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнүн иши ушул талаптарга жарым-жартылай жооп берет. Ошондой болсо да, ал, маалыматтык саясат кыйла өнүккөн экономикаларда орду бар

кыйыр инструменттердин бири болбостон, акча-кредит саясатынын элементи болуп санала тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

Улуттук банкта бардык чогуу алгандагы маалыматтык агымдар төмөнкүдөй бир нече негизги топторго арналган:

– коомчулукка;
– президентке, парламентке, өкмөткө;
– финансы рыногуна;
– жалпыга маалымдоо каражаттарына.

Маалыматтык саясатты ишке ашыруу төмөнкүдөй кеңири маалыматтык инструменттер аркылуу жүргүзүлөт: Улуттук банктын расмий жарыялоолору, банктын Интернет-сайты жана Улуттук банктын маалыматтарын камтыган башка булактар. Мындан тышкары, ай сайын болуучу брифингдердин жана Улуттук банктын жетекчисинин журналисттерге, кызыктар адамдарга, ошондой эле кеңири коомчулукка телеберүүлөрдөн жана радиодон билдирүүлөрүндө, банктын ошол учурдагы аткарган иши жөнүндө айтылып, берилген суроолор жана башкалар боюнча түшүнүктөр берилет.

Коммуникациялык саясатты акча-кредит саясатынын кыйыр инструментинин форматы катары өнүктүрүү, өзүндө инструменттер, мейкиндик, субъекттер жана таасир этүү объекттери сыяктуу категорияларды камтыган, маалыматтарды даярдоо системасын түзүү дегенди түшүндүрөт. Биринчи караганда, аталган элементтердин ар бири Улуттук банктын маалыматтык саясатында кездешет, бирок, акча-кредит саясатынын жаңы кыйыр инструменти жөнүндө сөз кылуу али эрте. Бул процессте экономикалык субъекттердин маалыматка карата мамилеси негизги мааниге ээ, бул, экономикалык маалыматтарды интерпретациялоонун тиешелүү билимдери жана ыктары, агенттердин күтүүлөрүнө тиешелүү корректировкалардын бар экендигин болжолдойт. Маалыматты жалпыга кеңири сунуштоо, Улуттук банктын күндөлүк иш тажрыйбасы болуп саналат. Бул баскычта Улуттук банк тарабынан колдонулуучу, пассивдүү таасир этүү ыкмаларын гана бөлүп кароого болот. Берилген таблицада Риксбанктагы жана Улуттук банктагы (2-таблица) максаттуу аудиторияга таасир этүүнүн тигил же бул ыкмаларынын бар экендиги айкын чагылдырылган. Ошол эле учурда, рыноктун берилүүчү маалыматка сапаттык сыяктуу эле, сандык жагына иш жүзүндөгү реакциясы белгисиз бойдон калууда. Бул маалыматтар биздин көз карашыбызда, шайкеш акча-кредит саясатын жүргүзүү үчүн кооптуу. Учурда, «банк-максаттуу топ-банк» системасынын кайтарым байланышында орун алган проблемаларды үстүртөн гана иликтөөгө болот, анткени бул маселеге системалуу иш алып баруу ыкмасы сыяктуу эле, бул байланышты мүнөздөгөн сандык көрсөткүчтөр иштелип чыккан эмес. Мында, ар бир максаттуу топтун алсак, акча-кредит саясатынын максаттуу багыты, банк секторун жөнгө салуу жана башкалар боюнча билдирүүлөрүн, пикирин, аракеттерин билүүгө мүмкүн.

**2-таблица. Максатуу аудиторияга таасир этүү ыкмалары**

| № | Маалыматтык саясат (МС) боюнча иш-чаралар | Банк | |
|---|---|---|---|
| | | Улуттук банк * | Риксбанк** |
| 1. | Негиздүү МСнын болушу | Жарым-жартылай | Бар |
| 2. | МСнын максаты | Белгисиз | Бар |
| 3. | МСнын максаттуу тобу | Бар | Бар |
| 4. | МСнын каналдары | Бар | Бар |
| 5. | МСнын инструменттери | Бар | Бар |
| 6. | Максаттуу аудиториянын маалыматтардын жайылтылышына көз карандылыгы | Төмөн | Бар |
| 7. | Резидент эместердин маалыматтардын жайылтылышына көз карандылыгы | Төмөн | Жетиштүү |

* *Авторлордун баа берүүлөрү боюнча*
** *The Riksbank's rules for communication, May 7 2008*

Банк жүргүзгөн аракеттер менен рыноктун реакциясынын ортосундагы көз карандылыкты көрсөткөн, ошондой эле максаттуу аудиториянын аракеттерине баа берүү ыкмасы катары кызмат кылган инструмент же сандык көрсөткүч жок. Ошондой болсо да, кайтарым байланыш такыр эле жок деп айтуу да чындыкка коошпойт. Маалыматтардын «банк – максаттуу топ – банк» системасында жылышынын төмөнкүдөй түрүн сунуш кылабыз (1-сүрөт).

**1-сүрөт. Маалыматтардын «банк – максаттуу топ – банк» системасында болжолдонуучу жылышынын схемасы**





Маалымат берүүнүн максаты мамилелер менен гана алмашуу болбостон, маалыматтык талааны түзүү, жүргүзүлүп жаткан коммуникациялык саясат менен коомчулуктун жана экономикалык агенттердин билимдеринин жана түшүнүктөрүнүн системасына таасир берүү болуп эсептелинет.

Маалымдоонун максаты иш алып баруу багытын алмашуу гана болбостон, коомдук жана экономикалык агенттердин жүргүзүлүп жаткан коммуникациялык саясат боюнча түшүнүктөрүнө таасир этет. Маалымат берүү аралыгы да чоң роль ойнойт. Агенттер күтүп жаткан жаңылыктар, окуялар түрмөгү азыраак белгисиздикти, ал эми рынокту көбүрөөк болжолдоого болоорун түптөйт. Мисалы, биздин көз карашыбызда, рынок өзүнүн күтүп жаткандарын тактап алганга үйрөнүүсү үчүн актуалдуу маселелер чечиле турган КРУБдун башкармасынын отурумдарын кандайдыр бир «жарнама» сыяктуу өткөрүүнүн дагы мааниси бар.

Банк тарабынан түзүлгөн маалыматтык тилке максатуу аудиторияны гана өзүнө тартпастан, маалыматтык ортомчуларды да өзүнө тартат (2-сүрөт).

**2-сүрөт. Улуттук банктын маалымат мейкиндиги**




Буга, мисал банктын ишин чагылдырган, адистердин жана эксперттердин Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн саясат боюнча көз карашын чагылдырган жигердүү электрондук жаңылык булагы катары иш жүргүзгөн «Акипресс» маалыматтык агенттигин алсак болот. Муну Улуттук банктын Интернеттеги тике билдирүүлөрүнө жүргүзүлгөн байкоолор тастыктап турат (3-таблица).

**3-таблица Google* издөө түйүнүндөгү жаңылыктарда Улуттук банктын тике билдирүүлөрүнүн саны**


| №. | Ресурс | Билдирүүлөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1. | «Акипресс» МА | 8 |
| 2. | «Кабар» МА | 3 |
| 3. | «Коомдук рейтинг» газетасы | 2 |
| 4. | «24.kg» МА | 2 |
| 5. | Банктар союзу, BNC, IPP, Zpress, Parus.kg | 1 |

** изилдөө жүргүзүлгөн күнгө карата алгачкы 15 барагын кароо*

Издөө натыйжаларын жыйынтыктоодо Улуттук банк түздөн-түз аракеттенген жак катары катышкан жаңылыктар, статьялар, кыскача билдирүүлөр кароого алынган. Көпчүлүк учурларда, жаңылыктардын мазмуну күндөлүк жагдайга же аракеттерге карата баяндама катары чагылдырылат жана статьялардын жана кыскача билдирүүлөрдүн мүнөзүнө ээ. Көпчүлүк учурларда Улуттук банктын аракеттерине аналитикалык жактан түшүнүк берилбейт. Сапаттуу аналитикалык жана прогноздук маалыматтардын жоктугу, көбүнчө, маалыматтардын биринчи булактан берилишинин чектелгендигине жана экономикалык тема боюнча жазышкан журналисттерде тиешелүү ыкмалардын жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Ошондой эле «Улуттук банктын пресс-релизи» маалымат булагы катары каралган, анда төмөнкү маалыматтар камтылат: Улуттук банктын, финансы-кредит мекемелеринин иши жөнүндө жаңылыктар; жетекчиликтин акча-кредит саясаты, акча жүгүртүлүшү, макроэкономикалык жана валюта процесстери жагындагы күндөлүк абал жөнүндө билдирүүсү; ченемдик укуктук актылар долбоорлору; банктар аралык төлөмдөр жана Элкарт системасынын көрсөткүчтөрү жөнүндө маалымат. Мындан тышкары, ЭВФтин, борбордук банктардын миссияларынын башчылары менен жолугушуулар жөнүндө билдирүүлөрү жана башка маалыматтар чагылдырылат. Пресс-релиздин мазмуну көз карашынан алганда, ал биздин оюбузча, кыскача тааныштыруу милдетин аткарат.

**3-сүрөт. Интернетти пайдаланган максаттуу аудитория үчүн маалыматтардын жеткиликтүүлүгү (монополизация)**




Интернет булактардан жаңылыктар, статьялар жана кыскача билдирүүлөр менен таанышууда, көпчүлүк учурларда биринчи маалымат булагы болуп «Акипресс» МА санала тургандыгы же бул агенттик башка маалымат ресурстарына таяна тургандыгы аныкталган. Ошентип, маалымат алуу системасынын төмөнкүдөй түрү пайда болгон (3-сүрөт).

Ошону менен бирге эле, Улуттук банкка тиешелүү маалымат мейкиндигинде тиги же бул макроэкономикалык параметрлер жөнүндө билдиришкен «атаандаштарды» (министрликтер жана эл аралык финансы институттарынын өкүлдөрү ж. б.) байкоого болот. Ошентип, биринчи булактардан маалыматтык агымдардын жоктугунан улам пайда болгон маалыматтык боштук толтурулууда.

**4-сүрөт. Маалыматтык “маяктар” (боштукту толтуруу)**




Улуттук банкта негизги маалыматтык инструменттердин бар экендигине карабастан, алардын мазмуну андан-аркы иштеп чыгууларды талап кылат. Алсак, биринчи баскычта, экономикалык агенттерге маалыматтын кандай түрү керек экендигин аныктоо зарыл. Жана бул учурда Улуттук банк ошол маалыматтын биринчи булагы катары орун алган маалымат мейкинин максималдуу деңгээлде толтурууга тийиш, башкача айтканда, максаттуу аудитория, рынокто болуп жаткан тиги же бул окуялар боюнча, биринчи кезекте, банк тарабынан түзүлгөн маалымат агымына (маяктар) кабылууга тийиш. Экинчи маалымат агымы башка маалымат жаратуучулар тарабынан түзүлгөн маалыматтарды камтыйт.

Жогоруда көрсөтүлгөн «маяктар» маалыматтын биринчи чөйрөсү болуп саналышат, башкача айтканда, аларды табуу оңой. Экинчи чөйрөгө башка маалымат жаратуучулар тарабынан түзүлгөн «маяктар» киришет. Ошондой болсо да, учурда «максаттуу аудитория-маалымат» системасында боштук байкалууда жана ал төмөнкүчө сүрөттөлөт (4-сүрөт).

Жайылтылуучу маалыматтын жеткиликтүүлүк деңгээли көбүнчө акыркы сүрөттө мүнөздөлөт, анда максаттуу аудитория үчүн мүмкүнчүлүк чектелген. Алсак, басылып чыгуучу продукциялардын орточо санын аныктоо үчүн колдонулуучу Россиянын эсептөө ыкмаларынын бирин[4] пайдалануу менен эсептелгендей эле, чейрек сайын үч тилде 380 нускада чыгарылган «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча

[4] Авторлордун эсептөөлөрү //www.marketing.spb.ru/ сайтынын методологиясын негизинде түзүлгөн.

баяндама» чыгарылышынын окуй турган аудитория 7600 адамды түзөт. Бул эсептөөлөрдө коомчулукту маалымдоо өз максатына канчалык жетти деген суроо туулат. Бирок, бул суроого жооп бериш үчүн агенттердин маалыматка жана банктын аркеттерине карата пикирин билиш үчүн максаттуу катышуучуларга суроо анкеталарын түзүү менен мейкиндик жана түйүндүк изилдөөлөрдү жүргүзүү талап кылынат. Бул, маалымат саясатынын акча кредит саясатынын элементи катары ролун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Аларга ылайык, Кыргызстан рейтингде 93 орунда турган Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Эл аралык коммуникациялык кошуунунун маалыматтык – коммуникациялык технологиялардын (МКТ) өнүгүү индексин пайдалануу менен мисалы, Улуттук банкынын электрондук булактары аркылуу угузула турган максаттуу аудиторияга маалыматтын жетиштүүлүк даражасын баалоого болот. Ушуга байланыштуу бул булактарга бардык жерде жетиштүүлүккө ээ болбогон коомчулукту маалыматтандырууну кеңейтүү максатынын артынан түшүп жатса, анда КРУБ га маалыматтын мындан дагы технологиялуу булактарына канчалык ишенүүсү керек деген маселе көтөрүлөт.

Экономикалык саясат Институтунун (Кыргызстан) изилдөөлөрү көрсөткөндөй, өлкөнүн эң ири компанияларынын жогорку жетекчилигинин 50 пайыздар бир аз гана көбүрөөгү жаңылыктарды окуганга күнүгө 10 дон 30 мүнөткө чейин коротот. Ошол эле учурда топ-менеджерлердин 67 пайыздар маалыматтык агенттиктердин жаңылыктар сайттарын тандашат. Мына ошентип, КРУБ багыттуу маалыматтык саясатты жүргүзүүдө өз маалыматтык агымын интернет-аудиторияларга топтой алат.

Монетардык аракеттердин курамдык элементи катары рыноктук агенттердин ишмердигине таасир берүүчү өз бетинче коммуникациялык саясатты жүргүзүү борбордук банктын көз каранды эместиги болгон учурда гана мүмкүн. Мисалы, Трунин П. (2010) борбордук банк жөнүндөгү мыйзамдардын маалыматтарын пайдалануу менен кызыкчылыктуу өлкөлөрдүн ББ көз каранды эместигин эсептеп чыккан. Көз каранды эместигинин жыйынтык индекси боюнча КРУБ Чыгыш Европанын жана Балтиянын төрт гана өлкөсүн алдыга чыгаруу менен Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ) өлкөлөрүнүн бардыгынан алдыга чыккан. Бир гана банктык көзөмөлдүктү жүргүзүүдөгү жоопкерчилиги боюнча «0» деген баанын болушу КРУБка формалдуу түрдө таптакыр көз карандысыз болуусуна мүмкүндүк бербей жатат. Ошол эле учурда келтирилген натыйжалар күдүктөнүүгө дуушар кылат: «… алынган натыйжалар ББ формалдуу көз карандысыздыгын гана чагылдырат деп божомолдоого болот. Алып айтканда, эгерде Балтия өлкөлөрүнүн ББ көз карандысыздыгынын жогорку деңгээли анча чоң ишенбөөчүлүктү пайда кылбаса, анда салыштырылып жаткан Кыргызстан менен Тажикстандын ББ көз карандысыздыгынын деңгээли анчалык ишенимдүү көрүнбөйт (Трунин П., 2010).

Мурда айтылгандай, индекстер ББ формалдык көз карандысыздыгын гана чагылдырат, жана формалдык көз караштан алганда дагы КРУБ иш жүзүндө толук көз карандысыздыкка ээ болуу фактысы, биздин көз карашыбызда, анын чыныгы көз карандысыздыгынын деңгээли жөнүндө абдан жагымдуу сигнал катары эсептөөгө болот.

**КОРУТУНДУ**

Маалыматтык экономика бийликтин бардык институттарынын улам кеңирирээк транспаренттүүлүк тенденцияларын аныктайт. Бул өзгөрүүлөр дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүндө байкалууда. Ошол эле учурда, экономикалык саясаттын ачык-айкындуулугу тескөөгө ийкемдүү болууга тийиш. Маалыматтардын көп болушу транспаренттүүлүктү билдирбейт, ал ар багытуу болгондуктан, түшүнүксүздүккө алып

келиши мүмкүн. Бул маалыматтык саясатка системалуу мамиленин жоктугунун натыйжасы болушу ыктымал.

Улуттук банктын маалыматтык саясатты жөнгө салган стратегиясын же башка ички документин иштеп чыгуу, белгилерди жакшыртууга өбөлгө түзөт. Улуттук банкта маалыматтык саясатты жана аны ишке ашыруу саясатын иштеп чыгуу зарыл. Колдонуудагы маалыматтык саясаттын көпчүлүк иш-чараларынын системалуу негизи жок жана эпизоддук мүнөзгө ээ. Мындан тышкары, Улуттук банкта маалыматтык саясаттын жүргүзүлүшүнө жоопкерчиликтүү болгон түзүм аныкталуусу зарыл деп эсептейбиз. Буга максаттары, милдеттери жана функциялары боюнча Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү бир кыйла туура келет деп ойлойбуз. Коомчулукка бардык маалыматтар, билдирүүлөр, кулактандыруулар ушул түзүм аркылуу жетүүгө тийиш. Маалыматтык агымдын бир колдон топтоштурулушу, бир булактан кайчы пикирдеги маалыматтардын өтүшүнө жол бербейт. Бул түзүмдүк бөлүм өз ыйгарым укуктарына Улуттук банктын маалыматтык саясатын иштеп чыгууну жана жүргүзүүнү кошо алмак.

Маалыматты рынокко «таштап коюу» жетишсиз, экономикалык агенттердин аны туура багытта абсорбациялоосуна жана интерпретациялоосуна ишенүү зарыл. Алгачкы баскычында, маалыматты кыйла деталдаштырып түшүндүрүү жана рынокту Улуттук банктын белгилерине кантип интерпретациялоо жана кантип жооп кайтаруу керек экендигине үйрөтүү зарыл болушу мүмкүн.

Улуттук банк натыйжалуу саясатты жүргүзүү үчүн өз иши тууралуу маалыматты, кызыктар болгон жактарды (максаттуу топ) кошо алганда, коомчулуктун кеңири чөйрөсүнө жеткирүүгө тийиш. Ушуга байланыштуу, Улуттук банк маалыматтык каналдарды же аффилирленген жалпыга маалымдоо каражаттарды ишке тартуусу зарыл, анткени алар банктын расмий көз карашын жалпыга таркатышат. Маалымат коомчулук жана кесипкөйлөр деген эки топко жайылтылат.

Улуттук банктын ишинин натыйжалуугун аныктоо максатында (көз карандысыздан сырткары көз караштар) Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн саясатты, субъекттердин инфляциялык күтүүлөрүн жана башкаларды кошо алганда, кеңири маанидеги суроолордун тегерегинде экономикалык агенттерге (ФКМдер, адистер, рейтингдик агенттиктер) суроо-жооп жүргүзүү талап кылынат. Көбүнчө, биздин оюбузча, республикадагы экономикалык агенттердин инфляциялык күтүүлөрүн, баа берүү ыкмаларын, түзүү булактарын жана башкаларды кыйла тактап иликтөө абзел. Бул иликтөөнүн натыйжалары рыноктун күтүүлөрүнө жана бүтүндөй инфляцияга кыйла максаттуу таасир этүүгө өбөлгө түзөт.

Улуттук банктын жарыялоолорун маалыматтын мазмундуулугу боюнча өркүндөтүү талап кылынууда. Биздин оюбузча, Улуттук банктын жарыялоолорунда бир эле учурда аларды чыгарууну тездетүү жана прогноздук материалдарды көбүрөөк топтоо менен аналитикалык маалыматтардын сапатын жана санын жогорулатуу зарыл. Ошондой эле, акча-кредит саясатынын чечимдерин кабыл алуу учурунда эске алынган маалыматтын чагылдырылышына басым жасалууга тийиш. Мындан тышкары, Улуттук банктын акча-кредит саясат жана макроэкономикалык болжолдоолор жагында кабыл алган чечимдери жөнүндө Акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт жана Инфляция боюнча баяндама басылмаларында чагылдырылган маалыматтар, бул басылмалардын бир эле максатты көздөгөндүгүнө карабастан, ар башка. Инфляция боюнча баяндамада чагылдырылган маалыматтар инфляция боюнча бирдей прогноздук маалыматтар жана башка макроэкономикалык параметрлер менен Отчётто толук ачып көрсөтүлгөн акча-кредит саясаты жагында кабыл алынган чечимдер менен ырааттуу чагылдырылууга тийиш.

Жыйынтыгында, саясатты экономика масштабында жүргүзгөн институттун маалыматтык саясаты системалуу болууга жана реалийлерге жооп берүүгө тийиш деп белгилей кетүү зарыл, анткени, ал ар бир экономикалык агенттин кызыкчылыгын козгойт. Кризис мезгилинде сыяктуу эле туруктуулук мезгилинде да жылдан-жылга кайталанып келген эски ыкмаларды колдонуу, биздин көз карашыбызча, натыйжа алып келбейт. Мындан тышкары, рынокко маалыматты «таштап салуудан» тышкары да, кайтарым байланышка жана коомчулуктун ага карата пикирине толук иликтөө жүргүзүү зарыл. Антпесе, бул эмгек жөн гана формалдуу мүнөзгө ээ болуп калат.

**АДАБИЯТ**

1. A. Cukierman “Central bank strategy, credibility and independence”, 1992.

2. A. Fracasso, H. Genberg, Ch. Wyplosz “How do Central Banks Write?”, An Evaluation of Inflation Targeting Central Banks, Geneva Reports on the World Economy, Special Report 2, International Centre for Monetary and Banking Studies (ICMB).

3. Blinder A., Ehrmann M., Fratzscher M., Haan J., Jansen D. “Central Bank Communication and Monetary Policy: A Survey of The Theory and Evidence”, NBER Working Paper Series, 2008.

4. J. Taylor. Discretion versus Policy Rules in Practice // Carnegie-Rochester Conference Series on Public Policy, 1993. №39, P. 195-214.

5. M. Woodford “Monetary Policy in the Information Economy”, Princeton University, Princeton, NJ 08544 USA, 2001.

6. Mc Callum B. Robustness of a Rules in Practice // Carnegie-Rochester Conference Series on Public Policy, 1993. w39, p. 195-214.

7. P. Geraats “Why Adopt Transparency? The Publication of Central Bank Forecasts” European Central Bank, Working paper no. 41, 2001.

8. S. Carpenter “Transparency and Monetary Policy: What Does the Academic Literature Tell Policymakers?”, The Board of Governors of the Federal Reserve System, 2004.

9. The Riksbank’s communication policy. Stockholm, 2008.

10. The Riksbank’s rules for Communication. Stockholm, 2008.

11. Trunin Pavel Vyacheslavovich. The Analysis of the Independence of Central Banks of RF, CIS Countries and Eastern Europe / Trunin P.V., Knyazav D.A., Satdarov A.M. – M.: IEPP, 2010. – 76 p.: il. – (Research Works / Institute of the Economics of Transition; No. 133P). – ISBN 978-5-93255-284-1., 76 page.

**УОК 314.154(575.2)(048.85)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ 2002–2006-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДА ТҮПТӨЛГӨН ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАГДАЙГА БАЯНДАМА

Атам Дөөлөталиев Сейитке арналат
Сейитов Чоро Сейтович

*Бул эмгекте автор тарабынан Кыргыз Республикасындагы демографиялык көрсөткүчтөрдүн анализи (төрөлүү, өмүрдүн узактыгы, өлүм, миграция) жүргүзүлгөн. Калктын 2025-жылга чейинки санын динамикасынын мүмкүн болгон келечеги, өмүрдүн узактыгынын кыскарышына, социалдык инфраструктуранын жоктугуна, эмгек ресурстарынын миграциясына ж. б. байланышкан жоготуулар жана коркунучтар көрсөтүлгөн.*

*In this article the author is analyzing the demographic indices (birth rate, life duration, death-rate, migration) of the Kyrgyz Republic. Also probable trends of the population size dynamics up to the year 2025, risks and losses associated with life time shortening, lack of social infrastructure, labor resources and etc are presented.*

***Негизги сөздөр: демография, адам баласынын төрөлүшү, жашоосунун уланышы, өлүмгө дуушар болушу, миграциясы.***

Өз алдынча өнүгүү жылдарында Кыргызстандын экономикасында жана социалдык чөйрөсүндө түзүмдүк олуттуу кайра жаралуулар жүргөн. Республикадагы 1990-жылдардын башындагы-ортосундагы, өзүнө алгылыктуу сыяктуу эле, терс өзгөрүүлөрдү камтыган реформалардын жүрүшүндө, демографиялык чөйрөдө башкача айтканда, калктын санында, түзүлүшүндө, төрөлүшүндө, өмүрүнүн узактыгында жана калктын миграциясында да өзгөрүүлөр катталган.

Республиканын калкы негизинен, кыргыз (69,2 пайыз), өзбек (14,5 пайыз), орус (8,7 пайыз) жана башка улуттардан (7,6 пайыз) турат[1]. 1990-жылдары башталып, азыркыга чейин уланып жаткан алгач убактылуу жашаган калктын, андан кийин туруктуу калктын-көбүнчө, экономикалык себептерге шартталган өлкөдөн сырткары чыгууларынан жана терс багыттагы миграциялык баланстын күчөшүнөн улам, Кыргызстандыктардын саны 1989–2007-жылдар ичинде 1,23 эсеге көбөйгөн.

Экономика жай өнүгүп жана кирешелүүлүк деңгээли төмөн болуп жаткан учурда калктын өсүшүнүн жайлашы жана миграциялык агымдын тышка карай туруктaшуусу, республиканын экономикалык абалына сыяктуу эле, анын коопсуздугуна да потенциалдуу коркунуч алып келе турган факторлордон болуп саналат. БУУнун 2010–2015-жылдарга карата узак мөөнөткө каралган прогнозу боюнча Кыргызстандын калкынын орточо жылдык өсүш арымы жылына 1,0 пайызга, ал эми 2020–2025-жылдарга карата – болжол менен жылына 0,6 пайызга[2] кыскаруусу мүмкүн. Утурумдук өсүштүн төмөндөөсү жана калктын орточо жылдык өсүшүнүн андан – ары кыскаруусу боюнча мындай тенденция, калктын санын жөнгө сала турган саясат чараларын кабыл алууну талап кылат.

Эгерде калк санынын күтүлгөн өсүү арымын колдоно турган болсок, анда Кыргызстандын калкы 2025-жылда 6080,3 миң кишиге жетиши мүмкүн (1-таблица).

Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүү тенденциясынын аныксыздыгы, миграциялык агылып чыгуулардын мүмкүн боло турган өлчөмүн так эсептөөгө мүмкүндүк бербейт. Бул учурда миграциянын сакталып турган агымында өлкөдөн агылып чыгуулар жылына 40,0-58,0 миң киши, консервативдик негизде, башкача

[1] Бул эмгекти даярдоодо авторлор кесиптештеринин колдоосуна жана түшүнүүлөрүнө таянышты жана алардан алган жардам үчүн ыраазычылыгын билдирип коюу аларга жагымдуу. Өзгөчө ыраазычылыкты Абдыбалы тегин Суеркулга, Айдарова Алтынайга жана Ыктыбаев Асхатка билдиргибиз келет.
[2] КР УСК жана КРУБ дун маалыматтары боюнча автордун өздүк эсептөөлөрү.

айтканда өлкөдөгү экономикалык абалдын начарлоосунда 50,0-100,0 миң киши, ал эми туруктуу социалдык-экономикалык жагдайда агылып чыгуулар 37,9-38,1 миң кишиге чейин кыскаруусу мүмкүн.

Адам баласынын төрөлүшү, айрыкча төрөлүүнүн чың болуусу, өлүмгө дуушар болуусун төмөндөтүү жана калктын дени сак болуусу үчүн ушул көрсөткүчтөрдү оптимизациялоого багытталган мамлекеттик демографиялык саясат болуусу зарыл.

**1-таблица. Миграциялык агылып чыгууларды эске алуу менен калктын санынын прогнозу**

| Көрсөткүчтөр | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2015 | 2020 | 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын саны, млн киши. | 5 138,7 | 5 189,8 | 5 252,0 | 5 309,0 | 5 362,1* | 5 415,7 | 5 682,0 | 5 901,2 | 6 080,3 |
| Калк санынын өсүш арымы, пайыздарда | 100,9 | 101,0 | 101,2 | 101,1 | 101,0 | 101,0 | 101,0 | 100,6 | 100,6 |
| Агылып чыгуулар, кишинин саны боюнча (базис) | 26 980 | 31 003 | 50 648 | 37 790 | 40 152* | 42 661 | 57 767 | - | - |
| Пессимисттик сценарий боюнча агылып чыгуулардын прогнозу, кишинин саны боюнча | - | - | - | - | 43 459* | 49 977 | 100 522,2 | - | - |
| Оптимисттик сценарий боюнча агылып чыгуулардын прогнозу, кишинин саны боюнча | - | - | - | - | 37 903* | 38 017 | 38 131,1 | - | - |

** КР УСКнын маалыматтарына негизденген, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Адам баласынын төрөлүшүн географиялык жактан бөлүштүрүү олуттуу мааниге ээ. Аймактар боюнча алганда, төрөлүүнүн жарымынан көбүрөөгү өлкөнүн түштүгүнө туура келгендиктен, бул аймакка аткаруу бийлиги тарабынан социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүсү, балалык менен энеликти коргоо, спецификалык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, балдар жана мектепке чейинки, андан ары мектептик жана кесипкөй инфраструктураны түзүү боюнча кошумча көмөктөшүүсү талап кылынышы мүмкүн.

Ошондой эле, бүтүндөй алганда, калктын жашоосунун уланышынын кыскаруусу да тынчсыздanууга алып келет. Аялдардын жашоосунун уланышы туруктуу деңгээлде болуп, ал эми эркектердин жашоосу жылдан-жылга кыскарууда. Алардын эрте өлүмгө дуушар болушунун факторлорун аныктап табуу, профилактика жүргүзүү жана мындай факторлорду кыскартуу – бул, тиешелүү чара көрүлө турган маселе болуп саналат, анткени көз жаздымда калтыруу экономиканын деңгээлине сыяктуу эле (эмгек ресурстарынан айрылуу, демографиялык оорчулук, салык төлөөчүлөрдүн азаюусу, керектөөчүлүк талаптын төмөндөөсү), социалдык жагдайга да (эркектердин коомчулукта жана үй-бүлөдө азаюусу) терс таасирин тийгизет.

Алсак, учурда эркектердин пенсияга чыгуу курагы 63 жашты жана аялдардыкы 58 жашты түзөт. Пенсиянын курагын, мисалы эркектер үчүн 65 жашка чейин жогорулатуу, эмгекке жөндөмдүү калктын санын кеңейтет бул, экономикалык жактан

жигердүү калктын кыйынчылыгын жеңилдетүүгө мүмкүндүк берет. Бирок, эркектердин жашоосунун узактыгы (63,5 жыл) менен пенсияга чыгуу курагын (65 жаш) салыштырып көрсөк, орточо алганда, алар пенсия курагына жеткенге чейин эле өлүмгө дуушар боло тургандыгы айкын болду.

Мамлекет сыяктуу эле, экономикалык жактан жигердүү эмгекчил калк жогорку деңгээлде кирешелүү жана «арбын» акчага ээ болгон учурда гана пенсияга эрте чыгуу маселесин чечүү үчүн мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондуктан, эмгекчил элдин жетиштүү жашоосу үчүн жыл сайын комплекстүү кужүрмөн күрөшкө багытталган иштерди жүргүзүү зарыл.

Ошондой эле, бүтүндөй алганда калктын жашоосунун орточо узактыгы 67,7 жаштан 75–80 жашка чейин жогорулаган шартта, улуу муундар өзүнөн кийинки дагы бир муунду өстүрүп жана тарбия берүү менен баланын ата-энесине болгон милдетин жеңилдете тургандыгын белгилей кетсе болот.

Калктын ички сыяктуу эле, тышкы миграциясы да өлкө калкынын демографиялык өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Калктын түзүмүндөгү олуттуу өзгөрүүлөр миграциялык орун которуштурууларга да шартталган.

Республикада 1990-жылдардын башында терс миграциялык баланс түптөлгөн, ал 2000-жылдардын башталышында да уланган. Түптөлгөн мындай баланс негизинен, калктын табигый өсүшүнүн эсебинен жабылган.

Мындан тышкары, миграциялангандардын түзүмүндөгү жогорку билимдүү, бүткөрүлбөгөн жогорку жана атайын орто билимге ээ эл алардын жалпы санынан 48,8 пайызды, ал эми орто билими барларды да эске алганда 7 пайызды түзөт. Мындай категориядагы калктын өлкөдөн сырткары кетиши, республиканын экономикасына кыйла эле кедергисин тийгизет, башкача айтканда бул, илимий, интеллектуалдык, техникалык жана жумушчу күчтөрүн жоготуу дегенди билдирет. Мигранттардын дээрлик 80 пайызын эмгекке жөндөмдүү калк түзөт, алардын басымдуу бөлүгү (50 пайыздан көбүрөөгү) эркектер.

Бирок, билимдүү калктын сырткары кетиши гана эмес, билим системасында орун алган бир катар кемчиликтер да өлкөдөгү абалга таасирин тийгизүүдө. Учурда, билим деңгээлинин төмөндөп жатышына, педагогикалык курамдын жана окуу материалдарынын толук эместигине байланыштуу, жайылтылып жаткан процесстер алгылыксыз натыйжаларды берет жана мындан улам бир канча жылдардан кийин мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн билим деңгээлинин жана сапатынын начарлоосун күтүүгө болот. Мындай процесстерден улам келип чыккан терс көрүнүштөрдүн бири:

1. Бала бакчалардын санынын азаюуусу – калктын туруктуу өсүүсүнө карабастан республикадагы 1696 бала бакчадан (1990-жылдагы) 488 гана калган (2008-жылы). Ушул эле учурда борбордогу бала бакча инфраструктураларына болгон жүк арткан.

2. Мектептердин материалдык-техникалык базасынын начарлоосу – кыргыз тилинде билим берген мектептердин окуу материалдары менен камсыз болуусу 39 пайызга жакынды, ал эми орус тилинде окуткан мектептерде 52 пайызды түзөт.

3. Билим берүү системасында педагогикалык кадрлардын тартыштыгы – буга карата муктаждык 3622 мугалимди түзөт.

4. Педагогикалык кадрлардын улам жаңыланбагандыгы мугалимдердин орточо курагы 45–50 жашты түзөт, булардын көпчүлүгү пенсионерлер, ал эми ушул эле учурда, республиканын ЖОЖдору жыл сайын 1,5 миң педагогдорду окутуп чыгарышат.

5. Мугалимдерди даярдап чыгаруунун деңгээли бүгүнкү күндөгү талапты канааттандырбайт.

6. Мектептердеги жана ЖОЖдордогу билим берүүгө сарптоолордун аз бөлүнүшү. Базалык мектептин бир окуучусуна караганда (4126 сом), бала бакчадагы бир балага (8414 сом) же ЖОЖдогу бир студентке (12569 сом) көбүрөөк каражат жумшалат[3].

Ошону менен бирге эле, акыркы учурларда өлкөдөн чыгып кетүүчүлөрдүн түзүмү өзгөргөн. Улуттук курам боюнча 1990-жылдардын башталышындагы миграция моноэтникалык болгон – көбүнчө орустар жана орус тилдүү калк өлкөдөн сырткары чыккан. Ал эми 2000-жылдардан тартып, булардын этникалык түзүмүнүн өзгөргөндүгү, башкача айтканда, алардын катарына кирген кыргыздардын үлүшү көбөйө баштаган, бул калктын жогорку деңгээлдеги жашоого умтулуусуна жана жашаган аймакта орун алган жакырчылыкка шартталган.

Миграциянын шартында, барынан мурда, республиканын агрардык сектору жабыр тартат, анткени анда көпчүлүк иштер техникалык каражаттарды колдонуусуз аткарылат, мына ушундай айыл чарбасына зарыл болгон жумушчу күчтөр өлкөдөн кетип жатышууда. Мындан улам айыл чарбасындагы кол менен аткарылчу иштерди интенсификациялоо, механизациялоо жана автоматташтыруу маселеси келип чыгат. Натыйжада, өлкөнүн жумушчу күчтөрү кетип жатышкан аймактарды айыл чарба техникасы менен камсыз кылуу боюнча, максатка ылайык багытталган саясатка зарылчылык пайда болот. Мамлекеттин колдоосу менен лизингди өнүктүрүү, айыл чарбалык техникаларды берүүлөрдү кредиттөөнү жана каржылоону кеңейтүү, кайсы бир деңгээлде бул көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет.

Өлкөдөн кетип жаткандардын түзүмүндө 2006-жылы эмгекке жөндөмдүү куракка жете элек өспүрүмдөрдүн саны 10,5 пайызды түзгөн. Ал эми кетип жаткан кыргыздардын ичинен мындай өспүрүмдөрдүн саны 6,5 пайыз чегинде катталган. Иштеп акча табуу үчүн кетип жаткан көпчүлүк ата-энелер, өз балдарын көзөмөлсүз калтырышат. ЮНИСЕФтин берген маалыматтары боюнча, Кыргызстанда 78,0 миң бала же окуучулардын жалпы санынан 7,6 пайызы мектепке барышпайт. Мындай маалымат бул өспүрүмдөрдүн жарымы чоңдордун жашоосуна аралашып кетишкен, башкача айтканда, квалификациясы төмөн жана аз акы төлөнүүчү иштерди иштөөгө дуушар болушкан дегенди билдирет. Башка жагынан алганда, калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү жана айрыкча айыл жергесинде жумуштун жоктугу, эмгек рыногунда эмгек ресурстарынын жаңы категориясы – өспүрүм балдардын пайда болушуна алып келген, алар бага турган адамдын жоктугунан, ата-энесиинин оорукчандыгынан, өз үй-бүлөсүнүн начар абалда экендигинен же башка себептерден улам, аларды жана өзүн багуу үчүн иштөөгө аргасыз болушат.

Казакстан, Россия жана башка өлкөлөргө миграциянын негизги себебинен болуп, калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгү саналат. Алсак, 2008-жыл үчүн Кыргызстандагы орточо эмгек акы 5422 сомду (КРУСК) же 137,5 АКШ долларын түзгөн. Ал эми Россия жана Казакстан үчүн бул көрсөткүч тиешелүүлүгүнө жараша 17226,3 рублге (Росстат) же 564,4 АКШ долларына жана 60734 тенгеге (КР Статагенттиги) же 502,0 АКШ долларына барабар болгон.

**2-таблица. АКШ долларында, сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүнүн паритети (ППС)* аркылуу эсептелинген, калктын ар бир кишисине ИДП**

| № п/п | Өлкөсү | 2002 | 2003 | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Казакстан | 6246,6 | 6933,5 | 7734,6 | 8732,0 | 9961,6 | 11086,1 | 11862,4 |
| 2 | Кыргызстан | 1442,0 | 1561,5 | 1698,1 | 1729,0 | 1818,9 | 1998,6 | 2156,7 |
| 3 | Россия | 8847,5 | 9709,0 | 10740,1 | 11832,0 | 13173,0 | 14692,4 | 16085,4 |

[3] «"Сэндвичтер" менен мектепти тойгуза албайсың...»/ И.Болжурова менен интервью. www.24.kg, Б., 2008.

Таблицада көрсөтүлгөндөй, 2008-жылы калктын ар бир кишисине ИДП да Казакстандын ушул сыяктуу эле көрсөткүчүнөн 5,5 эсеге жана Россияныкынан 7,5 эсеге азыраак жана бул айырмачылык жылдан жылга көбөйүүдө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, кыргыздардын тышкы миграция боюнча үлүшү 2001-жылы 6,7 пайызды, ал эми 2005-жана 2006-жылдары тиешелүүлүгүнө жараша 20,5 жана 31,0 пайызды түзгөн.

Россияга миграцияланган кыргыздардын түзүмүндө түштүк аймактарынын жашоочулары басымдуулук кылат, бул ошол аймактардагы жашоо деңгээлинин төмөндүгүнө жана калктын жетишсиз турмушуна шартталган[4].

Өлкөдөн чыгып кетүүчү миграциялык агымдар жашоо деңгээли төмөн жана оор социалдык-экономикалык шарттагы аймактарга тиешелүү. Учурда «жылып жүрүүчү» (биздин өлкөдөгү бош турган үйлөргө коңшулаш өлкөлөрдүн жерге жана башка ресурстарга муктаж болгон өкүлдөрүнүн жайгашып алуусу), анын ичинде мыйзамсыз негизде жер үлүштөрүн алууга умтулуунун активдүү миграциясы байкалууда. Эл жашабаган геосаясаттык олуттуу аймактардагы ресурстар жырткычтык жана браконьердик жол менен пайдаланылууга; мамлекеттин жана анын жарандарынын коопсуздугун коргоо күчүнүн бузулушуна; чек аралардын талаптагыдай корголбой калышына, наркозаттардын, курал-жарактын, контрабанданын, террористтердин мыйзамсыз өлкөгө киришинин көбөйүшүнө себеп болушу мүмкүн.

Кирешелердин олуттуу өсүшү, жашоо деңгээлинин жогорулашы, калктын социалдык жактан камсыздалышы сыяктуу факторлордун таасири астында калктын агылып чыгуу тенденциясы токтогон эмес. Жогорудагы графикте көрсөтүлгөндөй, эмгек мигранттардын реципиент-өлкөлөрүндө экономикалык жагдайдын начарлоосунан улам, 2008-жылы гана төмөндөө жүргөн, ал эми бул өлкөлөрдө экономикалык жагдай туруктаашкандан кийин миграциялык агылып чыгуулардын көбөйүүсү уланат.

Калктын 24,0 пайыздан 60,0 пайызга чейинки табигый өсүшүн өзүнө тартып алган, калктын миграциялык агылып чыгууларынын коркунуч туудурган масштабы, республикадагы миграциялык жагдайга, айрыкча узак мөөнөттүү перспективага так прогноз берүүгө тоскоолдук кылат.

Ички миграциялык процесстерден тышкары, коңшулаш, көбүнчө Кытай жана Өзбекстан сыяктуу жумуш күчү арбын өлкөлөрдө болуп жаткан демографиялык процесстерге да көңүл буруу зарыл. Алсак, Кытайда жыл сайын 20 миллионго жакын «жаңы жумушчу күчү» ишке муктаж болот жана жумушсуз калган кытай калкы коңшулаш өлкөлөргө, анын ичинде Кыргызстанга да келип иштөөгө даяр болушат. Өзбекстандагы Фергана өрөөнү дүйнөдөгү калк жыш жайгашкан аймактардын бири болуп саналат, калктын жайгашуусунун жыштыгы км[5] жерге 550 адам туура келет[6] Орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мезгилдерде Кыргызстан коңшулаш өлкөлөрдөн келген мигранттар үчүн реципиент – өлкө болуп калышы ыктымалдыгы четтетилбейт. Бул өз кезегинде, ассимиляциялануу проблемасына, ошого ылайык, аймакта этникалык мүнөздөгү проблемалардын орун алышы тобокелдигинин келип чыгышына алып келиши мүмкүн. БУУнун Калкты жайгаштыруу фондунун (UNFRA) болжолдуу маалыматтары боюнча, 2015-жылдарга карата Өзбекстан калкынын саны 38 млн. кишини түзөт жана жакынкы 15–20 жыл ичинде өзбек калкынын Кыргызстандын жана Казакстандын аймагына көчүп келе башташын күтүүгө болот. Бул маселени азыртадан баштап мамлекеттик сыяктуу эле, мамлекет аралык деңгээлде чечүү зарыл.

[4] Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча маалыматтык бюллетени - Б.: 2007-ж.. 27-29-б.
[5] Мусаев Б. Андижан желпингичи – өлтүрүү үчүн машина. Гамбург, 2007-ж., 46-б.
[6] ОмМУнун Эл аралык бизнес факультетинин сайты http://catalog.fmb.ru/uzbekistan4.shtml

**1-график. Кыргыз Республикасындагы калктын миграциялык агылып чыгуусунун динамикасы (сол шкала) жана өсүш арымы (оң шкала)**




*Булак: УСКнын маалыматтары*

Калктын өсүш арымынын орто жана узак мөөнөттүү төмөндөө проблемасы мигранттарды тартуу жолу менен сыяктуу эле, адам баласынын төрөлүшүн көбөйтүү аркылуу да нивелирлениши мүмкүн.

Мекендештерди жана этникалык кыргыздарды миграциялоо аркылуу калктын санын көбөйтүү, жагдайды олуттуу өзгөртбөйт, анткени эң негизгиси, сапаттуу төрөлүүнүн деңгээлин жогорулатуу гана проблеманы чечүүгө шарт түзөт. Ошондой болсо да, балдардын санынын көбөйүүсү социалдык кызмат көрсөтүүлөрдө, алсак, билим берүүдө кошумча муктаждыктын келип чыгышына алып келээрин да эске алуу зарыл. Мунун натыйжасында, балдар менен мектепке чейинки инфраструктураны даярдоо зарыл.

Өлкөдө мурда жашап кеткен калктын кайра кайтып келишин, калктын санын көбөйтүүнүн дагы бир жолу катары кароого болот. Орус тилдүү калк ири улуттар арасында кыйла билимдүү калк болуп саналгандыктан (75,4 миң адам)[7] мындай интеллектуалдык жактан жана баалуу эмгек ресурстарынан айрылуу терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн, ал эми бул жоготуулардын ордун толтуруу көп убакытты талап кылат.

Туруктуу экономикалык өсүшкө жана квалификациялуу сыяктуу эле, квалификациясыз эмгек ресурстарын арбын жоготууларды эске алсак, калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга жетишүү олуттуу татаалдашуууда.

Кыргызстанда жаратылыш жана материалдык ресурстардын чектелүү экендигинен улам, көбүнчө адамдык потенциалга таянуу абзел. Республиканын эмгекке жөндөмдүү калкы өлкөдөн көбүрөөк кетип жатышынын алкагында, баалуу кадрларды кармап калуу же аларды кайтарып келүү боюнча демилгелерди иштеп чыгуу зарыл. Азыртадан баштап эле техникалык орто адистиги бар кызматкерлердин чет өлкөлөргө кетип жаткандыктарынан улам, республикада тартыштык өкүм сүрүүдө. Учурда, республиканын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө барып иштөөнү каалагандар үчүн кесиптик техникалык окутуу боюнча ыкчам даярдоо жана кайра даярдоо иштери өткөрүлүүдө. Башкача айтканда, биздин жарандар Кыргызстандан билим алышып, бирок ал билимин жана эмгегин башка өлкөлөргө жумшоого аргасыз болушууда.

[7] Кыргызстандын калкы / З. Кудабаев, М. Гийо, М. Денисенконун редак. б-ча - Б., 2004: 2004. 109-115 беттер.

Кыргызстан башка өлкөлөр сыяктуу эле, республиканын пайдасына иштөө үчүн квалификациялуу кадрларды тартуу боюнча саясатты жүргүзсө болмок. Бирок, биздин республикада чет өлкөлүк жогорку квалификациялуу билимге ээ жарандарды тандоо, кабыл алуу жана аларга өлкөнүн жарандыгын берүүнүн так саясаты аныкталган эмес. Кыргызстанга жашоочуларды тартуу үчүн өлкө муктаж болгон кадрларга жарандыкты берүү жана жумуш менен камсыз кылуунун селективдүү саясатын өткөрүү талап кылынат. Ошондой эле, аларга коопсуздук шарттарын түзүү менен, аларды турак-жай, жумуш орду, тиешелүү эмгек акы, социалдык жактан коргоо ж. б. зарыл шарттар менен камсыз кылууну кошо алганда, туруктуу жашоого же эмгек келишими боюнча чет өлкөгө мурда кеткен эмиграннтардын жана мамлекеттик билим берүү программасы боюнча окуп жаткан студенттердин, биринчи кезекте, жогорку квалификациялуу адистердин жана ишкерлердин кайтып келишин камсыз кылуу боюнча иш чараларды иштеп чыгуу зарыл.

Өлкөбүз демографиялык абалдын чыңдалышына гана эмес, калктын туруктуу өсүшү үчүн зарыл шарттардын түзүлүшүнө да муктаж болууда. Мында, олуттуу геосаясаттык аймактарда калктын санын сактоого багытталган аймактык экономикалык активдүү саясатты жүргүзүү – маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Республиканын аймактары боюнча калкты активдүү жайгаштырууга, республикадагы бардык аймактардын ортосунда транспорт түйүнүн (автожолдорду, темир жолдорду, аэропортторду жана аба жолдорун) түзүү кызмат кылуусу мүмкүн. Эмгек потенциалы сыяктуу эле, кадрдык жана интеллектуалдык фондду түшүндүргөн орустардын жана орус тилдүү калктын, башка улуттардын Кыргызстанга келип жашоосуна жана эмгектенүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү боюнча иштерди жүргүзүү, алардын өлкөбүзгө келип турукташуусун демилгелөөсү мүмкүн. Өлкө үчүн учурдагы калктын сапаттык курамын сактап калуу жана миграцияны (тышкы жана ички) токтотуу маанилүү анткени, мунун себебинен экономикалык гана эмес, геоэкономикалык жана геосаясаттык проблемалар да келип чыгышы мүмкүн. Түптөлгөн демографиялык проблемаларды четтетүү үчүн республиканын улуттук демографиялык саясатынын кызыкчылыктарын чагылдырган, демографиялык саясат (өнүгүү) боюнча концепцияны иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу зарыл, анда айрыкча, эркектердин жана балдардын өлүмгө дуушар болушун кыскартуу; мектепке чейинки, мектеп жана билим менен тарбия берүү системасын калыбына келтирүү; эмгек ресурстарын тартуу жана бекитүү боюнча программалар камтылууга тийиш.

**АДАБИЯТ**

1. Мусаев Б. Андижан желпигичи – өлтүрүү үчүн машина – Гамбург, 2007. – 89 б.

2. Кыргызстандын калкы / З. Кудабаев, М. Гийо, М. Денисенконун редак. б-ча – Б., 2004.

3. Кыргызстан сандарда. – Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети, Б., 2008. – 325 б.

4. Кыргыз Республикасындагы 2002-2006-жылдар аралыгында түптөлгөн демографиялык жагдайга баяндама. – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, Б., 2008. – 392 б.

5. Кыргыз Республикасындагы 2002-2006-жылдар аралыгында түптөлгөн демографиялык жагдайга баяндама 2007. – 388 б.

6. Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча маалыматтык бюллетени Б., 2007.

7. «Демоскоп weekly», № 245-246, 1-21 май 2006 ж. http://www.demoscope.ru/weekly/2006/0245/barom02.php

8. ”«Сэндвичтер» менен мектепти тойгуза албайсың...”/ И.Болжурова менен интервью. www.24.kg, Б., 2008.

**УОК 656.883.31**

# АКЧА КОТОРУУЛАРДЫН ТЕОРЕТИКАЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ[1]

Сейитов Чоро Сейитович

*Бул эмгекте акча которууларына теоретикалык түшүндүрмө берилет, акча которуулардын типологиясы, функциялары жана алардын келүүлөрүнүн каналдары, акча которуулардын айрым макроэкономикалык көрсөткүчтөргө тийгизген таасири баяндалган.*

*This paper presents a theoretical review of remittance and describes typology, functions and channels of remittances inflow, influence of remittances on macroeconomic indicators.*

***Негизги сөздөр: акча которуулар, валюталык курс, инфляция, ИДП.***

## КИРИШҮҮ

Жыл өткөн сайын Кыргыз Республикасына эмгек мигранттарынан келип жаткан акча которууларынын ролу улам маанилүү болуп бара жатат. Акча которуулардын өсүп жаткан маанилүүлүгү алардын калктын бир кыйла бөлүгүнүн кирешесинин олуттуу булагы калгандыгы менен түшүндүрүлөт. Өлкө үчүн акча которуулардын бүтүндөй маанилүүлүгүн түшүнүү үчүн Кыргыз Республикасы эмне экендигин түшүнүү керек. Бул глобалдуу трансконтиненталдык жана деңиз жолдоруна чыга албаган, калкынын саны 5,5 млн. адам болгон жана адам башына ИДПнын деңгээли 845,2 АКШ долларын[2] түзгөн анча чоң эмес тоолуу республика. Өлкөнүн экономикасы төмөнкү төлөм жөндөмдүүлүк талапка ээ болгон, чектелүү жаратылыш ресурстары менен, өнүккөн өнөр жайынын жоктугу жана эффективдүү эмес айыл чарба өндүрүшү менен ачык кичи экономиканы түзөт.

Эмгек мигранттарынын акча которууларынын олуттуулугун жана эффектисин республика качан трансферттердин ИДПга салыштырмалуулугу 2004-жылы 3 пайыздан 7 пайызга чейин же 2 эсеге[3] жана андан аркы ИДПга түшкөн каражаттардын бир нече эсе өсүүсү менен кескин көбөйгөндө сезди (1-сүрөт). Бүгүнкү күндө өлкөгө келип жаткан эмгек мигранттарынын каражаттарынын социалдык-экономикалык мааниси көз көрүнөө болуп калды.

Бирок ата мекендик адабиятта эмгек мигранттарынын акча которууларынын жана өлкөнүн макроэкономикалык өзгөрүүлөрүнө трансферттердин тийгизген таасирлеринин экономикалык маңызын ачкан азыркыга чейин кандайдыр бир теоретикалык жана аналитикалык сереп келтирилген эмес. Мисал үчүн, өлкөнүн экономикасына акча которуулардын тийгизген таасирине арналган иштер Армения, Молдова, Тажикстан үчүн бар, ага окшош иштер эсептөөлөрү менен Гана, Иордания, Филиппиндер жана которуулардын башка дагы реципиент өлкөлөрү үчүн дагы бар.

Бул иште биринчиден, акча которуулар теориясы боюнча орун алган кенемтени толтурууга жана алардын *экономикалык маңызын* ачууга, экинчиден, *капиталдын агып келүү механизминин* макроэкономикалык өзгөрүлмөлөргө таасирин ачып көрсөтүүгө аракет жасалган.


---

[1] Бул эмгекти даярдоодо авторлор кесиптештеринин колдоосуна жана түшүнүүлөрүнө таянышты, жана алардан алган жардам үчүн ыраазычылыгын билдирип коюу аларга жагымдуу. Өзгөчө ыраазычылыкты Абдыбалы тегин Сүйөркулга, Айдарова Алтынайга жана Ыктыбаев Асхатка билдиргибиз келет.

[2] КР УСК жана КРУБ дун маалыматтары боюнча автордун өздүк эсептөөлөрү.

[3] КР УСК жана КРУБ дун маалыматтары боюнча автордун өздүк эсептөөлөрү.

**1-сүрөт. Кыргыз Республикасына акча которуулардын таза агып кирүүсүнүн динамикасы, АКШнын млн. доллары менен**




*Булак: КРУБ*

**Акча которуулардын экономикалык маңызы**

Дүйнөлүк экономиканын өсүшү, анын ичинде Россиянын жана Казакстандын экономикасынын өсүшү (мисал үчүн, чийкизаттарды экспорттоонун эсебинен), өзүнүн артынан капиталдын кыймылынын активдүүлүгүн алып келди, анын ичинде акча которууларды дагы. Акча которуулардын агып келүүсү өлкөлөрдүн экономикаларындагы ички өзгөрүүлөрдү пайда кылды, бирок акча которуулардын агып кирүүсү менен пайда болгон өзгөрүүлөргө теоретикалык түшүндүрүүлөр жок болду. Эмгек мигранттарынын акча которууларынын экономикалык маңызын түшүндүрүү үчүн түшүнүктүк аппараты жана которууларды эсепке алуу боюнча ЭВФтин Жетектемесинин терминологиясын (IMF, 2009) жана электрондук ресурстардын маалыматтарын пайдаланабыз. Ошентип, мигранттардын акча которууларынын экономикалык маңызы эмнеден көрүнөт? Биринчи кезекте “акча которуулар” деген түшүнүккө аныктама берели.

Адегенде **акча которуулар** деп акчанын суммасы көрсөтүлүп, атайын толтурулган бланк түрүндө, жөнөтүүчү почта байланышынын объектисине адресатка төлөп берүүнү тапшырган почталык жөнөтүү айтылган. Убакыттын өтүүсү менен, жөнөтүүнүн ошол эле принциптери менен почталык пункттардын ролу банктык мекемелерге жана ремиттингдик компанияларга же “КыргызТрансфер”, “Анелик” жана “Western Union” сыяктуу акча которуу системаларына өткөн.

Эл аралык валюта фонду **акча которууларды** салыштырмалуу кичи өлчөмдөгү чегара аркылуу, адамдан адамга тез кайталанып турган төлөмдөр катары аныктайт (IMF, 2009).

Төлөм тендеми түзүү боюнча ЭВФтин Жетектемесинин бешинчи басылышында **жумушчулардын акча которуулары деп (эл аралык акча которуулар**) кабыл алуучу өлкөдө иштеген жана резидент болуп эсептелген мигранттардын күндөлүк акча которууларын түшүнүшөт.

**Ички акча которуулар** деп жашаган өлкөсүнүн башка жеринен жумуш издеп өзүнүн айылын же шаарын таштап кеткен эмгек мигрантынын бир өлкөнүн ичиндеги

адресатка жөнөтүү жана жеткирүү үчүн кабыл алынган акча которуусу аталат[4] жана мындай которууларды **улуттук акча которуулар** деп дагы аташат.

**Коммуналдык жана жамааттык акча которуулар** – бул мигранттардын бирикмеси же диний топтун өзүнүн үйүндөгү коомдоштукка жөнөткөн акчалары. Бул коммуналдык же коллективдүү акча которуулар болгондуктан, алар пайдалануу үчүн көбүрөөк арналган үй чарбаларына же жеке акча которуулардан айырмаланышат; алардын көлөмдөрү дүйнөлүк масштабдарда эң төмөн.

**Расмий акча которуулар** – бул негизинен, банктар тарабынан эсептен эсепке SWIFT[5] системасы аркылуу сунуш кылынган которуулар жана «Western Union», «MoneyGram» ж. б. сыяктуу акча которуулар системаларынын операциялары.

**Формалдуу эмес которуулардын системасы –** бул акча которуулардын формалдык эмес системасынын чөйрөсү, алар акча каражаттарын мигранттардын өзү алып жүрүшөт же туугандары жана достору аркылуу жөнөтүшөт. Формалдуу эмес система импорт-экспорт боюнча бизнестин бөлүгү катары аракет кылуучу формалдык эмес кызмат көрсөтүүлөрдүн санын камтыйт. Мындай бүтүмдөр демейде документтелбейт же сейрек документтелет, телефон, факс же электрондук почта менен которуунун төлөп берүүчү адам аркылуу жүргүзүлөт. Бүтүмдүн которуу боюнча шарттары-деталдары паролу же идентификациялоонун ыкмасына жараша өзгөрүлөт.

Бирок калктын олуттуу бөлүгүнүн кирешелеринин маанилүү булагы катары акча которуулардын социалдык-экономикалык ролунун өзгөрүүсү бул түшүнүктү кеңейтүүгө негиз болот. Ошентип, биздин көз карашыбызда **мигранттардын акча которуулары бул көп жолку (тез кайталануучу) формалдуу жана формалдуу эмес каналдар аркылуу туруктуу жашаган жерине алыс эмгек ишмердигин жүргүзүп жаткан адамдан үй чарбасынын мүчөлөрүнө алардын кирешесинин жана турмуш деңгээлин жогорулатуу, керектөө, чогултуу же мындан аркы инвестиция кылуу максатында которуулары эсептелинет.** Демек, мигранттардын акча которуулары турмуш деңгээлин жогорулатууда, мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жыргалчылыгынын өсүүсүндө жакырлануу менен кедейликке каршы күрөштүн эффективдүү каражаты катары маанилүү ролду ойнойт.

Мигранттардын акча которууларынын маңызы төмөнкү функцияларда ачыкка чыгат жана ишке ашырылат:

**1. Бөлүштүрүүчү функция.** Мындай функциянын жардамы менен үй чарбалары мигранттардын трансферттеринин эсебинен мындан ары керектөөгө, сактоого (инвестицияларга) багытталган акча фонддорун түзүү менен алгачкы капиталды калыптандырышат.

**2. Социалдык (тегиздөөчү) функция**[6]**.** Мигранттардын акча каражаттары төмөнкүлөрдү каржылайт: а) турмуштун стабилдүү деңгээлин кармап туруу максатында алардын минималдык социалдык керектөөлөрүн камсыз кылуу үчүн алуучу үй чарбаларынын чыгымдары; б) мамлекеттин социалдык милдеттенмелери.

Акча которуулар кыймылдоонун өз каналдарына ээ болот (2-сүрөт).

[4] http://www.glossary.ru/cgibin/gl_find.cgi?ph=%E4%E5%ED%E5%E6%ED%FB%E9+%EF%E5%F0%E5%E2%EE%E4&action=%CF%EE%E8%F1%EA

[5] Society for Worldwide Interbank Financial Telecommunications (SWIFT) – Маалыматтарды берүү жана төлөмдөрдү жүргүзүүнүн Эл аралык банк аралык системасы.

[6] Кыргыз Республикасынын 11 июнь 1998-жылдагы №78 "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндөгү" Мыйзамы.

**2-сүрөт. Акча которуулардын каналдары**

**Мигрант/Сезондук жумушчу/Кабыл алуучу өлкөдөгү жөнөтүүчү**

↓

**Акча которуулардын пункту (жөнөтүүчү өлкөдөгү ортомчу):**
- коммерциялык банк;
- акча которууларды жүргүзүүчү компания;
- насыя бирикмелери;
- почта бөлүмдөрү;
- айдоочулар жана курьердик компаниялар;
- инкассатордук компаниялар;
- хавала-оператордун пункту;
- достор жана туугандар.

→

**Берүүнүн ыкмасы (тармактык инфраструктура)**
- кабарлар жана макулдашуулар менен алмашуу боюнча инфраструктура;
- SWIFT;
- телеграф которуусу;
- телефондук кабар;
- Интернет - нускама аркылуу;
- товарларды жана акчаларды жөнөтүү.

→

**Акча которууларын алуу пункту (кабыл алуучу өлкөдөгү ортомчу):**
- коммерциялык банк;
- акча которуучу компания;
- насыя бирикмелери;
- почта бөлүмдөрү;
- айдоочулар жана курьердик компаниялар;
- инкассатор компаниясынын оператору;
- хавала-агент;
- алуучунун турган орду.

↑

**Адресат/донор өлкөдөгү акча которуусун алуучу үй-бүлө**

*Булак: International transactions in remittances: guide for compilers and users. [Washington, D.C.]: International Monetary Fund, 2009.*

**1. Формалдуу (расмий) каналдар.** Формалдуу каналдар өзүнө акча которуулардын электрондук системаларын (“КыргызТрансфер”, «Western Union» ж. б.), байланыштын почта бөлүмдөрү аркылуу которууларды камтыйт. Мигранттардын акча каражаттарын берүүнүн расмий каналдарын пайдалануусу төмөнкүдөй факторлордон көз каранды болот:

– турган өлкөсүндөгү жана ала турган өлкөдөгү финансылык системанын өнүккөндүгү. Банктык кеңири жана почталык байланыштын кеңири тармактары. айрыкча айыл жерлеринде которуу боюнча операцияларга кирүүгө жол ачат;

– которуулар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын арзандыгы;

– эмгек мигрантынын жана ала турган үй чарбасынын географиялык алыстыгынын даражасы. Аралык өлкөдөн өлкөгө акча которууларды жүргүзүүдө маанилүү ролду ойнойт. Мисал үчүн, Россиядан Кыргызстанга акча которуулардын басымдуу көпчүлүгү формалдуу каналдар аркылуу жүргүзүлөт жана Казакстандын чек арага жакын территорияларынан Кыргызстанга -“чөнтөктөрдө” жүргүзүлөт деп айтууга негиз бар;

– акча каражатын жөнөтүүчүнүн экономикалык жана финансылык билимдүүлүгү.

**2. Акча жөнөтүүнүн формалдуу эмес (расмий эмес) каналдары.** Формалдуу эмес каналдарга мамлекеттик орган көз салбаган же көз сала албаган акча которуулар кирет. Мисалы, акчаларды достору, туугандары же коомдук транспорттун айдоочулары аркылуу акча берип жиберүүлөр. Акча каражаттарын жөнөтүүнүн формалдуу эмес каналдарын пайдалануу көпчүлүк бөлүгүндө каттоодон өтпөгөн мигранттар үчүн мүнөздүү, анткени легалдуу жөнөтүү паспортту көрсөтүүнү талап кылат (адамдын өздүгүн күбөлөндүрүүчү документти). Ошондуктан аларга акча жөнөтүүнүн көрсөтүлгөн ыкмасын колдонууга туура келет. Мигранттын эмгектик ишмердигинин жашап жаткан пунктка жакындыгы дагы акчаны өзү аркылуу же

достору, туугандары, айдоочулар жана сапарлаштар аркылуу берип жиберүүсүнө шарт түзөт.

Которууларды жүргүзүү каналдарынын жакшы жактарындай эле кемчиликтери дагы орун алган (1-таблица).

**1-таблица Акча которууларды жүргүзүүнүн каналдарынын артыкчылыктары жана кемчиликтери**

| Акча которууларды жүргүзүүнүн каналдарынын артыкчылыктары | Акча которууларды жүргүзүүнүн каналдарынын кемчиликтери |
|---|---|
| *Банктар/акча которуучу уюмдар аркылуу жүргүзүлгөн*, которуулар тездини, коопсуздугу / ишенимдүүлүгү, конфиденциалдуулугу жана жалпыга жетиштүүлүгү менен мүнөздөлөт, | бирок айрым учурларда алуучулар үчүн кымбаттыгы акча жана ыңгайсыздыгы менен мүнөздөлөт. |
| Почта – бул акча которуунун коопсуз жана конфиденциалдуу каналы, | бирок алуучулар үчүн кымбат, жай жана ыңгайсыз. |
| Курьердик кызмат алуучулар үчүн коопсуз, конфиденциалдуу жана ыңгайлуу канал, | бирок дайыма эле пайдалана албайсың жана кымбат. |
| Үй чарбасынын мүчөлөрүнө трансферттерди берүү коопсуз/ишенимдүү, тез жана ыңгайлуу, | дайыма эле пайдалана албайсың жана жол чыгымдарынын эсебинен кымбат. |
| Жөнөтүүчүлөрдүн пикири боюнча, *достор аркылуу жөнөтүүнүн* артыкчылыктары коопсуздук/ишенимдүүлүк арзандыгы, тездиги жана алуучу үчүн ыңгайлуулугу, | бул канал дайыма эле боло бербейт жана конфиденциалдуулук боюнча кепилдиги жок. |
| *Башка адамдар аркылуу жөнөтүүнүн* артыкчылыктары чыгымдардын аздыгы тездиги жана алуучуга ыңгайлуулугу, | бул канал анча коопсуз эмес жана жетиштүүлүк, конфиденциалдуулук боюнча кепилдиги жок. |

Келип жаткан акча которууларды өлчөө жана баалоо төлөм балансы аркылуу жүргүзүлөт, бирок статистикалык эсеп бардык учурда эле так ушундай жиберүүнүн формалдуу эмес каналдарынын эсебинен объективдүү көрүнүштү көрсөтө албайт. Жөнөкөйлөтүлгөн түрдө акча которуулардын көлөмү жөнүндөгү маалыматтарды калыптандыруунун процесси Кыргызстандын мисалында көрсөтүлгөн (3-сүрөт).

Иштеп жаткандардын акча которууларынын көлөмдөрү боюнча маалымат коммерциялык банктардын Мезгилдүү регулятивдүү банктык отчёттуулугунун (МРБО), КР Улуттук статистикалык комитетинин жана КР Транспорт жана коммуникациялар Министрлигинин (К жана КМ) отчёттору боюнча, КРУБда КР төлөм балансында мындан аркы чагылдыруусу үчүн иштетилип жана анализденет.

Өз кезегинде агымдардын көбөйүшү депозиттер жана топтоолор үчүн базанын кеңейиши үчүн келечектерди ачат, бул насыялардын жана инвестициялардын жалпы деңгээлинде позитивдүү таасир бериши керек. Мисалы, Бүткүл дүйнөлүк банк тарабынан Латын Америкасынын өлкөлөрүндө жүргүзгөн изилдөөлөргө ылайык, төмөнкүлөр аныкталган:

1. Расмий акча которуулардын жана депозиттердин деңгээлинин ортосундагы туруктуу позитивдик корреляция.
2. Акча которуулар менен финансылык инфраструктураны өнүктүрүүнүн жалпы деңгээлинин ортосундагы позитивдүү корреляция.

**3-сүрөт. Кыргыз Республикасында почта байланышы аркылуу которуу системалары боюнча акча которуулардын көлөмдөрү жөнүндөгү маалыматты калыптандыруу**




Мигрант тарабынан мекенине жиберген акча каражаттарынын жыштыгы жана өлчөмү көптөгөн факторлордон көз каранды болот, мисалы, төмөнкүдөй: иштеп тапкан акчасынын өлчөмү, болуусунун мөөнөтү, турган өлкөдөгү турмуштун деңгээли, топтоого жана керектөөгө жакындыгы.

Социалдык-экономикалык маселелерди чечүү менен, акча которуулар жумушчу күчүнүн донорлору болгон өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүүсүнө өз бетинче жана эң олуттуу фактору болуп калат.

Өлкөгө келип жаткан бардык акча которуулар, мигранттар акча которуу үчүн кандай каналдарды пайдалангандыгына көз карандысыз, которуулардын адресаты болгон өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүүсүнө таасир берет. Эмитен эле расмий акча которуулар мигранттардын акчасынын эсебинен ишке ашырылып жаткан экономикалык өзгөрүүлөрдүн институционалдык базисин түзгөн өнүгүүнү каржылоонун булагы катары каралышы мүмкүн болуп калды.

Кандайдыр бир даражада официалдуу эмес каналдарды пайдалануу өлкөдөгү болжолдонуучу финансылык жагдайды аныктоодо терс таасир берип, мамлекеттин валюталык жана финансылык саясатына доо кетирет, “көмүскө” экономиканын өнүгүүсүнө жана пайда болуусуна көмөкчү болот.

Эмгек мигранттарынын акча которууларынын сырттан карагандагы маанилүүлүгүнө карабастан, экономисттер дагы муну тана алышпайт, алар негативдүү дагы социалдык-экономикалык кесепеттерге алып келиши ыктымал. Мисалы, реципиент-өлкөлөрдүн көптөгөн адистери капиталдардын агып чыгышы, жергиликтүү жумушчу күчтөрү менен атаандаштык ж. б. жөнүндө ар кандай, терс дагы, лоялдуу дагы пикирлерди айтып жүрүшөт. Деги чындыгында кандай кооптонуулар бар жана трансферттердин мындай түрүнүн оң моменттери кайсы (2-Таблица)?

Таблицада экономиканын жана социалдык сферанын ар кандай чөйрөлөрүнө тийгизген айрым гана оң жана терс эффекти келтирилген. Чыныгы эффекттер бир кыйла көп түрдүүрөөк жана кененирээк көрүнөт жана жогоруда көрсөтүлгөндөр менен бирдикте, өкмөт менен борбордук банк тарабынан тиешелүү контролдуктун болгон учурунда толук башкарыла тургандыгы ыктымал.

**2-таблица. Мигранттардын акча которууларынын оӊ жана терс эффектилери**

| № | Мигранттардын акча которууларынын оӊ эффектилери | Мигранттардын акча которууларынын терс эффектилери |
|---|---|---|
| | **1. Макроэкономикалык эффекттер** | |
| 1.1. | Керектөөнүн жана талаптын өсүүсү. | “Голландия илдетинин” эффектисинин пайда болуусу. |
| 1.2. | Ички рынокко дем берүү. | Акча которуулардын келип түшүүсүнө карата реципиент өлкөдө валюталык курстун волатилдигинин жогорулашы. |
| 1.3. | Жеке инвестициялык өсүш. | Мигранттардын акча которуулары түзгөн инфляциялык басым. |
| 1.4. | Насыялар жана инвестициялардан айырмаланып, насыячылардын алдында милдеттенмелерди түзбөйт. | ИДП нын структурасынын акча каражаттарынын келип түшүүсүнүн көмүскө бөлүгүнүн эсебинен бузулуусу. |
| 1.5. | Реципиент-өлкөдө макроэкономикалык стабилдүүлүктү орнотууга көмөкчү болот. | Тике инвестициялардын көлөмүнөн ашык болгон акча которуулар узак мөөнөттүү планда олуттуу проблемаларга алып келүүсү мүмкүн. |
| 1.6. | Төлөм балансынын күндөлүк операциясынын дефицитин кыскартуу. | Акча которуулар бюджеттин тышкы чектөөлөрүн бошотот жана реформаларды жүргүзүүнүн зарылдыгын артка жылдырып, экономикалык өсүүгө жеңил жетүү мүмкүндүгүн берет. |
| 1.7. | | Акча которуулардын агымы контролдонбойт жана үй чарбасы менен өкмөт үчүн болжондонбойт. |
| 1.8. | | Контролдоочу – жөнгө салуучу органдар тарабынан контролдоонун жана пайдалануунун татаалдыгы. |
| 1.9. | | Жакырчылыкты кыскартууга жана адамдык өнүгүүгө акча котруулардын таасиринин туруктуулугу коркунучта калат, анткени акча которууларын алган үй чарбаларынын инвестициялоого болгон жакындыг толук өлчөмдө пайдаланылбайт. |
| | **2. Финансылык сектор үчүн эффект** | |
| 2.1. | Реципиент-өлкөнүн финансылык – банктык системасы үчүн оӊ эффект. | Сүткорлук менен банктык коммерциялык насыяны сүрүп чыгарылышы. |
| 2.2. | Реципиент өлкөнүн депозиттик базасынын жана коммерциялык банктын насыялоосунун жана УКНТ өсүүсү. | |
| 2.3. | Финансылык ортомчулукту өнүктүрүү жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кол жетерлигин камсыздоо. | |
| 2.4. | Ата мекендик пайыздык ставканын төмөндөшү. | |
| | **3. Социалдык эффекттер** | |
| 3.1. | Калктын жыргалчылыгынын өсүшү, жакырчылыкты кыскартуу. | Акча которууларды алып жаткан үй чарбалары өзүнү жумушчу күчүн сунуш кылуусун төмөндөтүү тенденциясына ээ болот. |
| 3.2. | Адамдык капиталды жана финансылык ресурстарды жагымдуу бизнес-чөйрөнү, кичи жана орто ишканаларды ж. б. түзүү жолу менен пайдалануу. | |
| 3.3. | Адамдык капиталга инвестициялар (билим берүү, саламаттыкты сактоо). | |
| 3.4. | Акча которуулардын даректүүлүгү. | |


Акча которуулардын оң жана терс эффектилеринен башка, келип жаткан каражаттардын контрциклдүүлүк же проциклдүүлүк мүнөзүн баалоо зарыл. Эгерде контрциклдүү модель мигранттар экономикалык төмөндөөнүн мезгилинде акча которууларды көбөйтө тургандыгын жана керектөөнүн жылмалоочу мүнөзүн болжолдосо, ал эми проциклдик модель мигранттар жакшы учурларда инвестициялык чечимдерди кабыл алып акча которууларды көбөйтүшөт деп белгилейт. Демек, трансферттердин мүнөзү мамлекеттин симметриялык монетардык жана фискалдык саясаттарын калыптандырат.

Экономикалык өсүүнүн мезгилинде (4а сүрөт) экономикага акча которуулардын агымы көбөйсө мейли, анда экономикалык өсүүнүн деңгээли биринчиден керектөөнүн өсүүсүнүн эсебинен, экинчиден инвестициялардын көбөйүүсүнөн *A'*, чекитине жетиши мүмкүн:


$$\Delta GDP = f\,(C_{hh}, I, \varepsilon),$$

бул жерде $\Delta GDP$ – ИДПнын үй чарбаларынын керектөөлөрүнүн эсебинен өсүүсү;
$C_{hh}$ – үй чарбаларынын керектөөлөрү
$I$ – инвестициялар;
$\varepsilon$ – башка факторлор.

**4-сүрөт. Акча которуулардын экономиканын өсүү (а) жана төмөндөө (б) мезгилдериндеги циклдин өнүгүүсүнө тийгизген таасири**




**a**




**b**

4б сүрөттө акча которуулардын А′ экономиканын төмөндөө мезгилиндеги таасири көрсөтүлгөн. А′нын түшүүсүнүн тереңдиги анчалык коркунучтуу эмес А калктын кирешелеринин келип жаткан жеке трансферттердин көбөйүүсүнө жараша, ал керектөөнүн деңгээлин мурдагы көлөмдө калтырууга же кризистин мезгилдерине мүнөздүү болгон шокторду басаңдатууга мүмкүндүк берет.

**Акча которуулардын макроэкономикалык өзгөрүлмөлөргө таасиринин механизми**

Акча которуулардын кыймылын Хекшер-Олин-Самуэльсондун баалардын өндүрүш факторлоруна теңдешүүсүнүн теоремасы жакшы түшүндүрөт. Бул теоремага ылайык, эл аралык соода кылуучу өлкөлөрдөгү өндүрүштүн гомогендик факторлоруна абсолюттук жана салыштырмалуу баалардын теңдешүүсүнө алып келет. Бирок товарлардын эркин экспорттолуусу жана импорттолуусу мүмкүн деп божомолдонгон, ал эми өндүрүштүн факторлору эл аралык мобилдүүлүккө (шаймашайлыкка) ээ эмес Хекшер-Олин-Самуэльсондун.

Эми эмгекке төлөөдөгү өлкөлөр аралык айырмачылык менен шартталган тескерисинче жагдайды болжолдоп көрөлү: өндүрүш фактору (жумушчу күч) өлкөлөр арасында эркин кыймылдап жүрө алат, ал эми *1* жана *2* товарлар кайсы бир себептер

менен сатылбай турган болот жана экспорттолуусу жана импорттолуусу мүмкүн эмес. Эки өлкөдө эмгектин жалпы рыногунун пайда болуусунун натыйжасында эмгектин баасынын теңдештүүлүгү пайда болот. Эгерде эмгек акыны төлөөнүн деңгээли жогору болгон $Y$ өлкөсүнө эркин өтүп кетүү мүмкүн болсо, $X$ өлкөдө төмөн болгон $W_X$ эмгек акысына эч ким иштебегендиктен, анда эки өлкөдө эмгек акылардын токтоосуз түрдө теңдештирилүүсү жүрөт же $X$ өлкөсүнөн $Y$ өлкөсүнө эмгек ресурстарынын агып кетүүсү (миграция) пайда болот. $X$ өлкөсүнөн келген эмгек мигранттары каражаттарды которуу менен кирешелердин деңгээлин көтөрүүгө аракет кылышат:

$$W_X \rightarrow W_Y$$

Ошентип, акча которуулардын олуттуу өлчөмдөрү, башка бардык капиталдардын агып келүүсү сыяктуу эле төмөнкүдөй макроэкономикалык параметрлерге таасирин тийгизет:

– алмаштыруу курсуна (калкыма);
– инфляция;
– ИДПнын өлчөмү (керектөө).

Үч параметрдин ичинен эң чоң көңүлдү бир жагынан капиталдын агып келүүсүнө, экинчи жагынан валюталык курска инфляция менен, буруу керек.

Капиталдын агып келүүсү менен туш болгон мамлекеттер алар чакырып жаткан негативдик көрүнүштөрдү болтурбоо максатында (алаштыруу курсунун өзгөрүүсү жана инфляцияны) өлкөдөгү экономикалык кырдаалга, максаттарга жана аракеттеги монетардык жана фискалдык саясатка жараша ар кандай инструменттерди колдонушкан.

Капиталдын агып келүүсүнөн чыккан таасирлердин бири – бул *валютанын реалдуу курсунун жогорулоосу.* Инфляциялык эффекттин пайда болуусу же анын жоктугу капиталдын агып келүүсүндө белгилүү себептерден көз каранды болот, бул учурда негизгилердин бири болуп *валюталык курстун режими* эсептелинет. *Ийкемдүү валюталык курстун* режиминде капиталдын агып кирүүсү (анын формасына жана булагына карабастан) улуттук валютанын номиналдуу курсунун жогорулоосуна, импорттук товарлардын салыштырмалуу бааларынын төмөндөөсүнө жана экспорттолбой турган товарлардын[7] керектөөлөрүнүн кыскаруусуна алып келет, жыйынтыгында инфляциялык басым азаят. Валюталык курстун ийкемдүүлүгү канчалык жогору болсо, капиталдын агып кирүүсү инфляциялык эффектти болтуруу ыктымалдыгын төмөндөтөт.

Реалдуу валюталык курстун жогорку ийкемдүүлүгү борбордук банкка мындан дагы көз каранды эмес монетардык саясатты жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгүн кеңейтет, ошондой эле бул акча агрегаттарынын жүрүм-турумун жеңилирээк жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берет. Эркин калкыма режимде улуттук валютанын номиналдык курсу капиталдын агып киришинен жогорулоосу мүмкүн. Эркин сүзүү режиминде улуттук валютанын номиналдуу курсу капиталдын агып кирүүсүнүн таасири менен жогорулашы мүмкүн, бул расмий резервдердин көлөмдөрүндө жана акча массасында эч сезилбейт. Ошондой эле түрдө капиталдын агып кетүүсү валютанын номиналдуу арзандоосуна алып келип, ички ликвиддүүлүккө таасирин тийгизет.

Бүткүл дүйөлүк банктын эсептөөлөрү боюнча 1990-жылдардын башында капиталдын агып келүү мезгилинде бардык изилденип жаткан өлкөлөрдө бир жагынан реалдуу валюталык курстун жогорулоосунун ортосунда күчтүү оң корреляциянын болуусу жана экинчи жагына төлөм балансынын жана ички керектөөдөгү керектөөнүн үлүшүнүн дефициттин чоңоюшу менен аныкталган. Мисал үчүн Аргентина менен

[7] Мисалы, парикмахердин, адвокаттын кызмат көрсөтүүлөрү, жайды ижарага алуу.

Бразилиядагы реалдуу валюталык курстардын динамикасы 1990-жылдардын ичинде реалдуу валюталык курстун олуттуу жогорулоосу болгондугун күбөлөндүргөн[8].

Бирок капиталдын күтүүсүз агып чыгуусунда банктык система олуттуу проблемаларга дуушар болушу мүмкүн, анткени финансылык ортомчулук менен алектенишкен банктар капиталдын агып кетишин тейлөө учурунда өзүнүн милдеттенмелери боюнча массалык төлөмдөрдү камсыз кылуу зарылдыгын аткара албай калуусу ыктымал, бул портфелдин сапатына таасир тийгизет. Бул шарттарда шок борбордук банкты интервенцияларды жасап салымдарды алуунун чынжырлуу реакциясын жана капиталдардын мындан аркы агып кетишин болтурбоо үчүн проблемалык банктарды куткарууга мажбурлоосу мүмкүн.

Капиталдын өлкөгө агып кирүүсү рынокко ар кандай басым көрсөтүүсү мүмкүн. Буга жол бербөө максатында өлкөнүн борбордук банкы тарабынан валюталык рынокто интервенциялар жүргүзүлүшү мүмкүн: экономикада акча базасынын өзгөрүлүүсү жүрө турган **стерилденбеген операциялар**, жана акча базасынын алгачкы көлөмүн калыбына келтирүүчү активдер менен компенсациялоочу бүтүмдөрдү жүргүзүүгө болжолдогон **стерилденген операциялар**. Борбордук банктар тарабынан чет элдик валюталык резервдерди сиңирүүсү номиналдык валюталык курстун акча массасынын өсүшү менен байланышкан инфляциялык басымга каршылык көрсөтүү чаралары катары ички насыяны параллелдүү кыскартуу менен чыңдоо (жогорулоо) аракеттерин тизгиндөө үчүн зарыл болот. Мындан тышкары, резервдерди аккумуляциялоо агымдардын багытынын капысынан өзгөрүүсү учурунда буфер катары болушу мүмкүн.

1990-жылдардын башынан тартып капиталдын зор агымын алып келген айрым өлкөлөрдөгү эл аралык резервдердин көлөмдөрүнүн тез өсүүсү борбордук банктар резервдерин толтуруу менен, улуттук валютанын ликвиддүүлүгүнүн кеңейишине жол бербөө максатында жана номиналдык курсун бекемдөө үчүн рыноктордо чет элдик валюталарды активдүү түрдө сатып алып жатышкандыгы жөнүндө айтып турат. Мисал үчүн Таиландда ушул мезгилде инвалюталык резервдердин топтолушун ликвиддүүлүктүн кеңейишине болгон таасирин толугу менен ийгиликтүү түрдө чектеп турушкан.

Башка жагынан, борбордук банктын стерилдөө операциялары көптөгөн оорчулуктар жана чыгымдарга байланыштуу болушу мүмкүн. Мисалы, Чилиде 1990-жылдардын башынан ортосуна чейин капиталдын жыл сайын ИДПнын 6–7 пайызын түздү, буга монетардык бийликтер тарабынан чет элдик валютанын чоң өлчөмүн сатып алуу аркылуу капиталдын ашыкчалыгынын таасиринен буйтап, жана бул операцияларды өзү чыгарган облигациялар менен стерилдеп, ички ликвиддүүлүктү алып таштоого аракеттер жасалган. Бирок мындай аракеттердин натыйжасында борбордук банктын буга чейин эле бир кыйла көп болгон[9] квазибюджеттик чыгашалары көбөйгөн.

*Инфляциянын деңгээли* макроэкономикалык саясаттын максаттуу башкы ориентирлеринин бири болгондугуна байланыштуу, бул контекстте номиналдуу валюталык курстун бекемделишинин (өсүүсүнүн) мүмкүндүгү капиталдын агып киришине реакция кылуунун оптималдуу варианты болушу ыктымал.

Чет элдик валютанын ашыкча агып келишинин таасири астында банктардын жана акча институттарынын акча массасынын көбөйүшү, алтын валюталык резервдердин жана акча массасынын өсүшү жүрүп, демейде инфляцияга – талаптын

[8] Мындан тышкары, маанилүү фактор болуп номиналдуу валюталык курстун болбогондугу (Аргентина - 1991-жылдын апрелинен, Бразилия -1995-жылдын февралынан кийин) болушу мүмкүн.

[9] Мындай чыгымдар деп борбордук банк тарабынан валютанын алмаштыруу курсун стабилдештирүү боюнча иш чараларды каржылоодон келип чыккан, өкмөткө үстөксүз жеңилдетилген насыяларды берүү боюнча чыгашалар (мисалы, буудайды, күрүчтү, кофе ж. б. сатып алууга) айтылат.


инфляциясына алып келүүчү насыялык экспансия пайда болушу мүмкүн. Инфляциянын тизгиндеп туруу үчүн агып келүүгө каршы табигый чара болуп ашыкча акчалай сунушту стерилдөө болуп эсептелет. Бул өз кезегинде акчалай сунуштун өсүшүн рыноктогу товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн санынын өсүшүнө шайкештигин камсыз кылып жана ошону менен инфляцияны стабилдүү деңгээлде кармап турууну камсыз кылуусу мүмкүн. Инфляциянын өсүүсүн болтурбоо үчүн фискалдык саясаттын чаралары менен, капиталдын өсүүсүнө параллелдүү өкмөттүк чыгымдар кыскартылат, салыктар жогорулатылат же бул эки аракет тең бир убакта жасалат. Бул мамиле биргелешкен талапты төмөндөтүүгө жана капиталдын агып келүүсүнүн мүмкүн болгон инфляциялык таасирин тизгиндөө үчүн кызмат кылган фискалдык рестрикция деп аталат. Ошентип, капиталдын агымынын көбөйүү мезгилинде Тайландда жана Чилиде фискалдык рестрикция саясаты жүргүзүлгөн. (Васильева Е. 1998).

Негизги макроэкономикалык окшотукка ылайык ИДПнын өзгөрүүсү анын C, I, G, X кошулуучуларынын биринин өзгөрүүсүнүн эсебинен жүрүшү мүмкүн. Биздин учурда керектөөнүн көрсөткүчү C жана бир бөлүгүндө I кызыктырат.

$$GDP = (C_0 + \Delta C) + (I_0 + \Delta I) + (G_0 + \Delta G) + (X_0 + \Delta X)$$

Биринчилерден болуп керектөө менен топтоолордун ортосундагы өз ара байланыш маселелери менен алектенген Дж. М. Кейнс болду. Анын теориясына ылайык керектөөгө жана топтоого таасир бере турган маанилүү фактор киреше болуп эсептелинет керектөөнүн деңгээлине жана кирешенин өлчөмүнө жараша топтоолордун дагы деңгээли аныкталат.

Керектөөгө жана топтоолорго таасир бере турган инвестициялардын келиши, таза экспорттук пайда, акчалай которуулар, акыр аягында ИДПнын өлчөмүн өзгөртөт. Калктын керектөөчүлүк маанайынын өсүшү негизинен жеке кирешелеринин көбөйүшү менен дем берилиши мүмкүн, ал бул конкреттүү учурда акча которуулар менен камсыз болуп жатат. Калктын жыргалчылыгынын өсүшү кирешелерди пайдалануу структурасын өзгөртөт, анын бир бөлүгү топтоолор жана мындан ары инвестициялоого пайдаланылат. Ал жөнөкөйлөтүлгөн түрдө төмөнкүдөй көрсөтүлөт:




Керектөө, топтоодой эле субъективдүү факторго – адамдардын керектөөгө жана топтоого жана объективдүү факторлордон – кирешенин деңгээлинен жана аны бөлүштүрүүдөн, топтогон байлыгынан, баанын деңгээлинен салык салуудан ж. б. көз каранды.

Жогоруда айтылгандай, акча которуулар айлык акы, жумушсуздук, жакырлык жана эмгекке жарамсыздык боюнча жөлөк пул, пенсия, стипендия сыяктуу төлөмдөргө олуттуу кошумча киреше болуп калды.

Которуулардын көрсөткүчүн кейнсиандык моделге киргизели. Которуулардын мультипликаторунун формуласын чыгаруу үчүн, которуулар жалаң акчалай которуулардан тургандыгын, которуулардын өзгөрүүсү $\Delta R$ колдогу болгон $\Delta DI$ кирешесинин өзгөрүүсүн билдирет, анда :

$$\Delta R = \Delta DI$$

Колдо болгон кирешенин өзгөрүүсү керектөөнүн өзгөрүүсүнө керектөөгө болгон чегине жеткен ынтаанын чоңдугуна жараша өзгөрүүсүнө алып келет:

$$\Delta C = \Delta DI{*}mpc = \Delta R{*}mpc$$

Ал эми керектөөнүн өзгөрүүсү биргелешкен кирешени мультипликативдүү өзгөртөт:

$$\Delta Y = \Delta C * \frac{1}{1-mpc} = \Delta R * mpc * \frac{1}{1-mpc} = \frac{mpc}{1-mpc} * \Delta R$$

Мына ошентип, которуулардын мультипликаторунун чоңдугу $\frac{mpc}{1-mpc}$ же $\frac{mpc}{mps}$ барабар. Которуулардын мультипликатору – бул которууларды бирдигине көбөйткөндө (кичирейткенде) канча эсе көбөйөөрүн (кичирейээрин) көрсөтө турган коэффициент.

Акчалай которууларды үй чарбалары алган жөнөкөй кейнсиандык моделди колдонолу. Которуулардын өзгөрүүлөрү которууларды эске алуу менен төмөнкүдөй болуп көрүнгөн керектөөчүлүк функцияга аракет кылат:

$$C = C + mpc{*}(Y - T + R)$$
$$Y = C + I + G$$

Керектөөчүлүк функциясын биргелешкен кирешенин (чыгаруунун) теңдемесине койобуз, андан кийин орундарын алмаштырып, натыйжада төмөнкүнү алабыз:

$$Y = \frac{1}{1-mpc}\left(C - mpc * T + mpc * R + I + G\right)$$

$$Y = \frac{1}{1-mpc}\left(C + I + G\right) + \frac{-mpc}{1-mpc}T + \frac{mpc}{1-mpc}R$$

$$\Delta Y = \frac{mpc}{1-mpc}\Delta R$$

Ошентип, трансферттердин мультипликатору төмөнкүгө барабар:

$$m_R = \frac{mpc}{1-mpc}$$

Автономдуу өзгөрүлмөлөрдүн (б. а. кирешенин деңгээлинен көз каранды болбогон) бардык өзгөрүүлөр – керектөөчүлүк чыгымдар, инвестициялык чыгымдар, мамлекеттик сатып алуулар, салыктар, трансферттер – биргелешкен пландаштырылган чыгымдардын ийри сызыгынын параллелдүү жылышына алып келет жана аны жантайуусун өзгөртпөйт. Бул чыгымдардын бардык түрлөрүнүн мультипликаторлорунун чоңдугуна таасир берген жалгыз чоңдук – бул керектөөгө болгон чегине жеткен ынтаалык. Ал канчалык чоң болсо, ошончолук мультипликатордун чоңдугу дагы чоң болот. Андан тышкары, так ошол керектөөгө болгон чегине жеткен ынтаалык биргелешкен пландаштырылган чыгымдардын ийри

сызыгынын жантайуусун аныктайт. Керектөөгө чегине жеткен ынтаалык канчалык чоң болсо, ошончолук ийри сызык тик.

**КОРУТУНДУ**

Миграция жана андан келип чыккан акчалай которуулар алып келген өлкөдөгү социалдык-экономикалык кырдаалдын өзгөрүүсү жаңы процесстерге теоретикалык түшүндүрүүлөрдү талап кылды. Кыргыз илимий адабиятында акча которуулардын экономикалык маңызын жана алардын өлкөнүн макроэкономикалык өзгөрүүлөрүнө тийгизген механизмин түшүндүргөн кандайдыр бир сереп жок. Мисалы, өлкөнүн экономикасына акча которуулардын тийгизген таасирине арналган эмгектер Арменияда, Молдовада, Тажикстанда ж. б. бар.

Ар кандай өлкөлөрдөгү кирешелердин деңгээли эмгек ресурстарынын кирешеси төмөнкү деңгээлдеги өлкөдөн кирешеси жогорку деңгээлдеги өлкөгө которулуусуна өбөлгөлөрдү түзөт. Өндүрүштүн факторлоруна баалардын теңдештүүлүгүнүн Хекшер-Олин-Самуэльсондун теоремасына ылайык, бул эмгек ресурстарынын донор өлкөсүндөгү эмгекке төлөөнүн деңгээли реципиент өлкөдөгү эмгек акынын деңгээлине жакындаганга же теңдешкенге чейин улана берет.

Өлкөгө капиталдын агып кириши, ага акча которуулар дагы кирет, экономикада өзгөрүүлөрдү келтирүү менен макроэкономикалык өзгөрүлмөлөргө күчтүү таасир берет. Ошентип, товардык жана валюталык рыноктордо акчаны сунуштоонун өсүшү алмаштыруу курсуна таасир берет, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөө өсөт, ошону менен инфляциялык талапка дем берилет. Керектөөнүн жогорулашы, өз кезегинде, айрым товарларга болгон баанын кымбатташына көмөкчү болот. Буга окшогон өзгөрүүлөр акча которуулардын реципиент – өлкөлөрүнүн экономикаларынын бардыгында байкалат. Мисалы, көптөгөн эмгек мигранттарынын донор өлкөлөрүндө (Мексика, Филиппиндер, Француз Африкасы, Борбордук Азия) акча которуулардын агымынын таасири астында буга окшогон өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Мына ошентип, теоретикалык көз караштан биз акча которууларга макроэкономикалык деңгээлде капиталдын көрүнүшүнүн формалары таандык деген тыянакка келебиз.

**АДАБИЯТ**

1. Кыргыз Республикасынын 11-июнь 1998-жылдагы №78 “Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндөгү” Мыйзамы.

2. Васильева Е. Капиталдын агып келишин жана агып чыгышын мамлекеттик жөнгө салуунун формаларынын жана инструменттеринин анализи. Эл аралык укуктун жана эл аралык мамилелердин Белорустук журналы 1998 – №3. http://evolutio.info/index.php?option=com_content&task=view&id=189&Itemid=215

3. Бүткүл дүйнөлүк банк: Европа жана Борбордук Азия региону. Май 2007. (Башкы экономисттин Офисинин регионалдык жарыялоолорунун сериясы). 2-Т. №2 КМШ өлкөлөрүндөгү акча которуулар. Жөнөтүүнүн жана алуунун тандалган коридорлорун изилдөө/Карло Сегни, Брайнс Куиллин, Илңяс Скаменсос, Софии Сиртен М., 2007. 5 б.

4. Липшиц Л. Лэйни Т. Мурмурас А (2002) “Тошовскийдин дилеммасы: өткөөл экономикалуу өлкөлөргө капиталдын агып келүүсүнүн кескин өсүүсү” Финансы & өнүгүү (Washington: International Monetary Fund).

5. Торосян Г. (2010) “Акча которуулар, кирешелердин бирдей эместиги жана Армениядагы жакырчылык”, Экономикалык өнүгүү жана изилдөөлөр борбору (EDRC). [www document] http://www.edrc.am/WP/migration/june25/Torosyan_Rus.ppt

6. Agenor Pierre-Richard, (2002, 2004). «The economist of adjustment and growth», $2^{nd}$ed., p.743.

7. Aitymbetov S., (2006). «Emigrant remittances: impact on economic development of Kyrgyzstan», Kyrgyzstan, The Economic Policy Institute.

8. El-Sakka, M. I. T. «Migrant Workers' Remittances and Macroeconomic Policy in Jordan» (Kuwait University).

9. Cardenas M., Barrera F., (1997), «On the effectiveness of capital controls: The experience of Colombia during the 90s». Original Research Article Journal of Development Economics, Volume 54, Issue 1, October 1997, Pages 27-57.

10. International transactions in remittances: guide for compilers and users. [Washington, D.C.]: International Monetary Fund, 2009, 84 of pages.

11. Macroeconomic consequences of remittances/Ralph Chami... [et al.]-Washington, DC: International Monetary Fund, 2008.

12. Ötker-Robe Inci, and others, (2007). "Coping With Capital Inflows: Experiences of Selected European Countries," IMF Working Paper 07/190 (Washington: International Monetary Fund).

13. Quartey P., (2006). «The Impact of Migrant Remittances on Household Welfare in Ghana» (University of Ghana).

14. Remittances and Poverty in Central Asia and South Caucasus (2008). Asian Development Bank.

15. Translation of Balance of Payments - Textbook. - Washington, DC, USA: International Monetary Fund, 1996.